


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН
2017-ЖЫЛГА КАРАТА

# ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ

КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТА
КОНСТИТУЦИОННАЯ ПАЛАТА

Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын
2017-жылга карата

# ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ

Бишкек – 2018

Ушул доклад 2018-жылдын 17-январында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ишинин жыйынтыктарын чыгаруу боюнча жылдык чогулушунда көрсөтүлгөн жана жактырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылга карата Жылдык доклады кыргыз жана орус тилдеринде басылып чыккан, ал эми электрондук версиясы www.constpalata.kg расмий сайтында жайгаштырылган.

Европа Биримдигинин «Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү» долбоорунун колдоосу менен басылып чыкты. Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат жана Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH (Эл аралык кызматташуу боюнча Германия коому) тарабынан ишке ашырылат.

Ушул жарыялоодо билдирилген ойлор милдеттүү түрдө Европа Биримдигинин, GIZ, алардын программаларынын/долбоорлорунун же өкмөттөрүнүн көз караштарын чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр кайсы бир өлкөнүн укуктук статусунун, аймагын же районун, же алардын чек араларын, кандайдыр бир ойду чагылдырууну түшүндүрбөйт.

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Rule of Law

german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

# МАЗМУНУ

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кайрылуусу .......... 5**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын курамы .......... 7**

**Конституциялык палатанын 2017-жылдын ичинде кабыл алынган чечимдеринин аткарылуусунун анализинин жыйынтыктары боюнча конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө маалымат .......... 9**

- Конституциялык палатанын 2017-жылы кабыл алынган чечимдеринин сереби .......... 10
- Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун сереби .......... 20
- Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу маселелеси боюнча мыйзамдардагы өзгөртүүлөр .......... 29

**Сот адилеттигин ишке ашыруу сапатын жогорулатууну камсыз кылуу .......... 31**

- Кайрылуулардын статистикасы .......... 33
- Кайрылуулардын мазмуну .......... 36
- Кайрылууларды кароонун жыйынтыктары .......... 36
- Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу .......... 38
- Улуттук илимий-практикалык конференция .......... 40
- Эл аралык кызматташтык .......... 43
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы эл аралык уюмдардын мүчөсү катары .......... 49

**Эл аралык конференциялар .......... 51**

**Конституциялык палатанын ишинин ачыктыгы жана айкындуулугу .......... 55**

- Конституциялык палатанын укуктук көз караштарынын сереби .......... 55
- Жарчы .......... 56
- Ведомстволук сайт .......... 57

**Коомчулук менен байланыш ........ 58**

- Республикалык конкурс........58
- Конституциялык палатанын судьяларынын жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн меймандык лекциялары........59
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Ачык эшиктер күнү ........60
- «Moot court» - «Адилет-2017» ........ 61
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын конституционализм мектептери........63

**Натыйжалуу жана жеткиликтүү конституциялык сот адилеттиги ........ 66**

- Конституциялык палатанын Аппаратынын корреспонденциясы........ 66
- Конституциялык палатанын потенциалын жогорулатуу........67

**1-тиркеме**

Конституциялык палатага 2017-жыл ичинде келип түшкөн кайрылуулар менен иштөөнүн абалы жөнүндө маалымат ........ 72

**2-тиркеме**

Кайрылуулардын субъекттери боюнча маалыматтар (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап)........ 73

**3-тиркеме**

Конституциялык палатанын 2013-2017-жж. чечимдеринин аткарылышынын анализи ........ 75

**4-тиркеме**

Кыргыз Республикасынын Жогорнку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылдагы укуктук көз караштарынын базасы........ 87




# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН КАЙРЫЛУУСУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул Жылдык доклады биздин өлкө үчүн айрыкча маанилүү жылы - эгемендүү Кыргызстандын Конституциясынын кабыл алынышынын 25 жылдыгында коомчулуктун алдына сунушталат.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Конституциясы өлкөдө конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөө үчүн жана Кыргызстандын демократиялуу, укуктук, башкарууга дин аралашпаган жана социалдык мамлекет катары андан аркы өнүгүүсү үчүн бардык зарыл болгон кепилдиктерди өзүнө камтыйт. Өлкөнүн Баш мыйзамы кыргызстандыктардын күнүмдүк жашоосунун ажыратылгыс бөлүгү болуп, элдин чыныгы эркиндик жана демократия шарттарында жашоого умтулуусун ырастоодо.

Конституция мыйзам үстөмдүгүн жана укуктук мамлекеттик принциптерине ишенимди орнотуп, адамдын укуктары менен эркиндиктерин жөн гана курулай сөз менен жогорку баалуулук дебестен, аларды коргоо үчүн реалдуу механизмдерди, анын ичинде конституциялык контролдоонун жогорку соттук органы катары Конституциялык палатанын иштөөсүн караган.

Конституциялык палата - Конституциянын үстөмдүгүн, конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамадын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоону, бийликти бөлүштүрүү принцибин сактоону камсыздоо милдетине ээ болгон мамлекеттик бийликтин эң маанилүү институту. Мында, көрсөтүлгөн функцияларды аткарууда Конституциялык палата саясаттан тышкары турат.

Өз ишин баштаган учурдан тартып, Конституциялык палата тарабынан мамлекеттик-укуктук тутумга, мыйзам чыгаруу ишине, экономикалык жана социалдык маселелердин чечилишине, өзгөчө адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга олуттуу таасирин тийгизген бир катар чечимдерди кабыл алынган.

Өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулук тартибинин маанилүү көрсөткүчү жана аны камсыздоонун сөзсүз шарты болуп Конституциялык палатанын чечимдеринин өз убагында аткарылуусу, ошондой эле мыйзамдарды жана ченем жаратуу процессин өркүндөтүү маселелери боюнча анын сунушталамарынын жүзөгө ашырылуусу саналат.

Ошентип, Конституциялык палатанын чечимдерин жүзөгө ашыруу механизмин өркүндөтүү максатында 2017-жылдын 20-июлунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына Конституциялык палатанын чечимдерин Өкмөт жана мыйзамдарга ылайык ченем жаратуучулук ыйгарымдары бар башка мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылуу мөөнөттөрү белгиленген өзгөртүүлөр киргизилген. Көрсөтүлгөн Мыйзамда Өкмөт жана депутаттар тарабынан Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу үчүн иштелип чыккан мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңеште кезексиз тартипте каралат деп аныкталган. Конституциялык палата анын чечимдерин аткаруунун мыйзамдар тарабынан бекитилген процедурасы өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулуктун абалына жана конституционализмдин принциптерин бекитүүдө оң таасирин берет деп эсептейт.

Коомдун саясий тутумун бардык субъекттеринин башкы милдети болуп колдонуудагы укуктук тутумда жана укук колдонуучулук тажрыйбада Конституциянын жоболорун сөзсүз жүзөгө ашырууну камсыздоо, жогорку укуктук маданиятты калтыптандыруу, жарандардын укуктук аң-сезимин жана Конституцияга сый мамилени көтөрүү эсептелиши керек.

Мамлекеттин конституциялык даремети Конституциянын ченемдеринин үстөмдүгүн камсыз кылуу жана конституциялык көрсөтмөлөрдүн бардык жеке жана юридикалык жактар үчүн, ага тете мамлекеттик органдар менен кызмат адамдары үчүн милдеттүүлүгү шарттарында гана күчөтүлүшү мүмкүн. Коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөө боюнча мамлекеттин жана анын органдарынын ырааттуу ишмерлиги Кыргызстандын укуктук мамлекет катары туруктуу өнүгүүсүнүн башкы шарты болуп саналат.

Биз, Конституциялык палата демократиялык жана укуктук мамлекетти куруу процессинде жигердүү катышат жана Конституциянын үстөмдүгүн, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылууга татыктуу салым киргизет деп ишенебиз.

**Конституциялык палатанын**
**Төрагасы**
**Эркинбек Мамыров**

# КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАНЫН КУРАМЫ

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык Конституциялык палата он бир судьядан турат.

Азыркы учурда Конституциялык палатада 10 судья иштейт, 1 орун бош. 2018-жылдын 8-январында Кыргыз Республикасынын Тандоо боюнча кеңеши тарабынан Конституциялык палатанын судьясынын бош кызмат ордуна конкурстук тандоо жарыяланды.

Конституцияга жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык 2016-жылдын июнь айында төрага, төраганын орун басары жана судья-катчы кайра шайланышкан.

| | |
|---|---|
| Төрага | **Мамыров Эркинбек Тобокелович** |
| Төраганын орун басары | **Киргизбаев Куанбек Манаевич** |
| Судья-катчы | **Бобукеева Меергуль Рыскулбековна** |
| Судьялар: | **Абдиев Курмантай** |
| | **Айдарбекова Чинара Аскарбековна** |
| | **Касымалиев Мукамбет Шадыканович** |
| | **Нарынбекова Айсалкын Омуралиевна** |
| | **Осконбаев Эмиль Жолдошевич** |
| | **Осмонова Чолпон Омоковна** |
| | **Саалаев Жедигер Ибраимович** |



*Төрага*
Мамыров
Эркинбек Тобокелович



*Төраганын орун басары*
Киргизбаев
Куанбек Манаевич



*Судья-катчы*
Бобукеева
Меергуль Рыскулбековна



Абдиев
Курмантай



Айдарбекова
Чинара Аскарбековна



Касымалиев
Мукамбет Шадыканович



Нарынбекова
Айсалкын Омуралиевна



Осконбаев
Эмиль Жолдошевич



Осмонова
Чолпон Омоковна



Саалаев
Жедигер Ибраимович




# КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАНЫН 2017-ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕ КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМДЕРИНИН АТКАРЫЛУУСУНУН АНАЛИЗИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДУУЛУКТУН АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасында туруктуу конституционализмди калыптандыруу жана конституциялык мыйзамдуулуктун бекем режимин орнотуу демократиялык жана укук-тук мамлекеттин принцитерин бекитүүнүн натыйжалуу каражаты болуп саналат. Конституциялык контролдоо органынын ишинин жандануусу менен (2013-жыл) өлкөдө конституциялык мыйзамдуулукту ирети менен бекемдөө мүмкүнчүлүгү пайда болду. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын (андан ары – Конституциялык палата) иши конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоого, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үстөмдүгүн жана анын тике иштөөсүн камсыздоого багытталган. Конституциялык палатанын тажрыйбасы, конституциялык-укуктук талаанын тазалыгын сактоо менен, коомдун жана мамлекеттин турмушунун бардык жактарына олуттуу таасирин тийгизүүдө, конституциялык мыйзамдуулуктун режимин калыптандырууда, мамлекеттин жарандар алдында жана жарандардын мамлекет алдында милдеттенмелерин аткарууда өз ара жоопкерчилик принциптерин бекитүүгө көмөктөшүүдө. Ошону үчүн Конституциялык палатанын чечимдери Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун жашоосун камсыздандыруу механизминде өзөктүү орунду ээлейт.

Конституциялык палатанын чечимдери жалпыга милдеттүүлүгү, акыркы болуп саналгандыгы жана тике иштөөсү, бузулбастыгы деген өзгөчө юридикалык сапаттар менен мүнөздөлөт, акырында бул алардын ченемдүүлүгү, тассири арызданууччуларга гана эмес, башка укук субъектилерине да жайылтылуусу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Ушуну эске алуу менен Конституциялык палатанын ар бир чечими мыйзам чыгаруучу жана башка ченем жаратуучу органдар тарабынан текшерилип жаткан укуктук

ченемдердин Конституцияга ылайыктуу же ылайыктуу эместиги жөнүндө жыйынтыктоочу тыянактар туюндурулган резолютивдик бөлүгүнүн гана көз карашынан эмес, өзүнүн тыянактарын негиздеп айткан укуктук көз караштарынын таасири астында да кабыл алынышы керек. Бул мааниде Конституциялык палатанын чечимдеринин милдети Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарынан мыйзам чыгаруу ишинде да, укук колдонууда да чегинүүгө жол бербөөдө турат.

Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата тарабынан, анын 2017-жылы кабыл алынган жыйынтыктоочу актыларынын жана Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун анализинин жыйынтыктары боюнча ушул маалымат түзүлгөн, ал, биринчи кезекте, ченем жаратуучу жана укук маселелери боюнча укук колдонуу органдары үчүн багыттама катары кызмат кылат.

## Конституциялык палатанын 2017-жылы кабыл алынган чечимдеринин сереби

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде Конституциялык палатага 75 кайрылуу келип түшкөн. Келип түшкөн кайрылуулар жана даттануулар боюнча Конституциялык палата 12 токтом жана 10 чечим кабыл алды, алардын ичинен:

- ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы келбейт деп таануу жөнүндө – 8 чечим, алардын ичинен 2 чечимде талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугун текшерүүнүн жүрүшүндө табылган жана тийиштүү өзгөртүүлөрдү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизүү жөнүндө тапшырмалар камтылган;
- талашылып жаткан ченемдик укуктук актыларды Конституцияга жарым-жартылай карама-каршы келет деп таануу жөнүндө – 2 чечим, аларда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө тапшырмалар камтылган.

2017-жылдын 31-декабрындагы абалы боюнча Конституциялык палатанын 2017-жылы кабыл алган чечимдеринен келип чыккан 3 тапшырманын ичинен 2 гана чечим аткарылды, Конституциялык палатанын 1 чечими аткарылуу стадиясында турат:

1. Конституциялык палата 2017-жылдын 18-январындагы чечиминде «ишти өз алдынча карап жаткан судьяга билдирилген баш тартуу судья тарабынан жекече чечилип,...» деген сөздөр менен баяндалган Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 73-беренесинин 4-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугуна баа берген жана аны Конституциянын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп тааныган.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздеп, билдирилген баш тартуу боюнча чечим судья тарабынан жеке кабыл алынат жана токтом түрүндө таризделинет деп белгилеген. Токтомдо баш тартуу жөнүндө билдирүү ким жана кайсы себептер боюнча берилгени, баш тартуунун себеби боюнча судьянын түшүндүрмөсү, билдирилген баш тартууну канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим көрсөтүлөт жана ал соттук отурумда жарыяланат. Мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 339-беренесинин жоболоруна ылайык

судья чыгарган токтомго жеке даттануу берилиши мүмкүн деп караштырган, ал апелляциялык тартипте иш боюнча жыйынтыктоочу чечим менен бирге каралат. Токтомго даттануу укугу соттолуучуга жана анын мыйзамдуу өкүлүнө, прокурорго, коргоочуга, жабырлануучуга жана анын өкүлүнө таандык. Судьядан баш тартуу үчүн негиздердин бар экендигин таануу менен апелляциялык инстанция өкүмдү жокко чыгарууга жана жазык ишти судьялардын жаңы курамында жаңы соттук териштирүүгө кайтарууга милдеттүү.

Бул сыяктуу ченемдер, бул жарандар үчүн судьядан баш тартууну канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө соттун чечимдери алардын укуктук абалын аныктоочу акыркы акт болуп саналбайт дегенди билдирет жана чечимдин негизине коюлган фактыларды кийин да соттук текшерүүдөн өткөрүү мүмкүнчүлүгүн карайт. Натыйжада мындай чечимдер соттук контролдун алкагында болот да, ошону менен жарандардын да сот адилеттигине болгон акысы чектелбейт, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келет. Демек, билдирилген баш тартуунун жыйынтыгы боюнча судья жеке кабыл алуучу токтом акыркы мүнөзгө ээ боло албайт, анткени, акыры, сот жана судьянын калыстыгына таасир этүүчү мүмкүн болгон фактылардын болуусу тууарасында тыянак чыгарууга укуктуу. Ошентип, соттук коргонууга болгон укуктун ишке ашырылуусунун бузулушу мүмкүн эмес, анткени Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин колдонуудагы ченемдери менен судьядан баш тартуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартууну, иш боюнча чыгарылган өкүмдүн жана башка жыйынтыктоочу актынын мыйзамдуулугу менен негиздүүлүгүн текшерүү менен бирге соттук текшерүүдөн өткөрүү мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылбайт.

2. Конституциялык палата 2017-жылдын 15-февралыныдагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 328-беренесин Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган (атайылап сот адилеттигине жатпаган өкүм, чечим же башка сот токтомун чыгаруу).

Конституциялык палата өз чечиминде судьяны атайылап сот адилеттигине жатпаган өкүмдү, чечимди же башка соттук токтомду чыгаруу үчүн жазык жоопкерчиликке тартуу судьянын кол тийбестик принцибинин мазмундук бөлүгүн эске алуу менен өзгөчө процедурасына ылайык жүзөгө ашырылусу керек деп белгилеген. Соттук актынын атайылап сот адилеттигине жатпагандыгы, кадыресе, андагы иш боюнча аныкталган жагдай-шарттарды атайылап бурмалоо, жосунду мыйзамга каршы квалификациялоо, жумшактык да жана катаалдык да байкалган анык адилетсиз жаза берүү, мыйзамсыз соттоо же актоо, жарандык доону негизсиз канааттандыруу же андан баш тартуу, материалдык жана процесстик мыйзамдын талаптарын одоно бузуу жана атайылап кабыл алынган соттук актынын мүнөзү даана көрүнгөн башка учурларда чагылдырылышы мүмкүн. Атайылап сот адилеттигине жатпаган чечим мыйзамда каралган ар кандай сот өндүрүшүн жүзөгө ашырууда судья тарабынан жеке да, коллегиялдуу түрдө да чыгарылышы мүмкүн. Ушуга байланыштуу, бул кылмыштын субъективдүү жагы тике ниет менен гана мүнөздөлөт. Ошону менен бирге, эгер сот адилеттигине жатпаган актылар материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин колдонууда, ошондой эле тиешелүү соттук актыны кабыл алуудагы тыянактарга таасир эткен иштин далилдерин жана башка материалдарын баалоо учурунда атайылап эмес ката кетирүүнүн натыйжасында чыгарылган болсо, судьянын (судьялардын) аракеттери талашылып жаткан ченем боюнча квалификацияланышы мүмкүн эмес.

Ушуга байланыштуу сот адилеттигин жүзөгө ашыруу процессинде жасаган жосуну үчүн судьяга карата жазык куугунтугун жүргүзүүдө соттук актылардын милдет-

түүлүк принциби, алардын Кыргыз Республикасынын бардык аймагында милдеттүү түрдө аткарылуусу жана алардын мыйзамда каралган атайын процедураларда соттук тартипте гана жокко чыгарылуусу сөзсүз эске алынышы керек. Мыйзамдуу күчүнө кирген, жокко чыгарылбаган жана өзгөртүлбөгөн соттук акт сот адилеттигине жатпаган акт катары каралышы мүмкүн эмес, анткени жогору турган соттук инстанция тарабынан бул соттук актынын мыйзамдуу эместиги жана негизсиздиги белгиленген тартипте ырасталбагандыгы, анын сот адилеттигине туура келерин болжойт. Демек, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 328-беренеси боюнча квалицияланган кылмыштын белгилери боюнча судьяга карата Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору менен жазык иштин козголушу, эгерде судья чыгарган соттук акт жогору турган соттук инстанция тарабынан жокко чыгарылбаса же өзгөртүлбөсө, муну соттук эмес органдын соттук актыга баа берүү мүмкүнчүлүгү катары эсептөө зарыл, демек, ал конституциялык орнотмолор менен тыюу салынган сот адилеттигин жүзөгө ашыруу ишмерлигине кийлигишүү болуп саналат (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 94-беренесинин 3-бөлүгү).

Судьяны жазык жоопкерчилигине тартуунун өзгөчө тартибинде Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссиянын судьяга карата жазык куугунтугун жүзөгө ашырууга макулдук берүү жөнүндө чечиминин болуусу жөнүндө талап бар. Судьялардын кол тийбестик принцибин эске алганда жана ага ылайык сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө судьялар айткан пикири же чыгарган чечими үчүн жазык жана башка жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн эмес экенин билип, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия конкреттүү соттук акт сот адилеттигине жатканын же жатпаганын өз алдынча аныктоого акысы жок, б.а. анын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн, анын ичинде материалдык мыйзамдын туура колдонулушун же процесстик эрежелердин сакталышын баалоого акысы жок, – мындай текшерүү иши процесстик мыйзамдарда бекитилген атайын процедурада, тактап айтканда ишти апелляциялык, кассациялык жана көзөмөл инстанцияларындагы соттор менен кароо аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Демек, эгерде Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия судьянын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда карманган көз карашы жазык иштин козголушуна себеп болбогонуна ынанган учурда гана, судьяны жазык жоопкерчикке тартууга макулдук берүү жөнүндө чечим кабыл алат.

Ошентип, Конституциялык палата атайылап сот адилеттигине жатпаган соттук актыларды чыгаруу үчүн судьялардын жазык жоопкерчилигин караган талашылып жаткан ченем судьялардын көз карандысыздык принцибин жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ар кимдин соттук коргонууга болгон укугун бузбайт жана Конституциянын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 93-беренесинин 1-бөлүгүнө, 94-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнө карама-каршы калбейт.

3. Конституциялык палата 2017-жылдын 17-февралындагы чечиминде Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 2 жана 7-бөлүктөрүнүн конституциялуулугуна баа берген.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде даттануу укугунун мааниси болуп, салык төлөөчүнүн өз кызыкчылыктарын сотко чейинки тартипте коргоо укугун ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүндө гана болбостон, тиешелүү салык органынын келтирилген каршы пикирлерди бейтарап карап чыгуу жана мыйзамдуулук менен негиздүүлүктүн талаптарын жетекчиликке алып, мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө чечим кабыл алуу милдети болуп саналат деп белгилеген. Салык органдарынан даттанууну карап чыгууну талап

кылуу укугу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде каралган процедуралар жана берилген даттанууну чечүү боюнча процесстик мөөнөттөрдүн бардык жыйындысы менен камсызданат.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык салык төлөөчүнүн даттануусуна мындай даттануу алынган күндөн кийинки күндөн тартып 30 календардык күндөн кечиктирбеген мөөнөттө даттануунун маанисине карата ыйгарым укуктуу салык органынын чечими жиберилет. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 2-бөлүгү, эгерде даттанууну кароо мезгилинде салык төлөөчүдөн өз ара байланыштуу салыктар жана төлөмдөр боюнча баштапкы даттанууга толуктоо түшсө, негизги жана кошумча даттануулар боюнча кароо мөөнөтү толуктоо түшкөн күндөн кийинки күндөн тартып башталат деп карайт. Даттанууну кароо мөөнөтү эл аралык келишимдерге ылайык башка мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдарына, салык маселелери боюнча жоболорду колдонуунун тартибин түшүндүрүү үчүн тийиштүү органдарга суроо-талаптарды жиберүү, утурлама текшерүүлөрдү, кайра текшерүүлөрдү дайындоо учурларында токтотулуп турат.

Ошону менен, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 2-бөлүгү даттанууну кароонун мөөнөтүн чексиз узартуу жана ыйгарым укуктуу салык органынын өзүнө карап иш кылуу мүмкүнчүлүгүн жол берилгис кеңейтүү мүмкүнчүлүгүнө жол берген жоболорду өзүнө камтыйт, бул салык төлөөчүнүн бузулган укуктары менен кызыкчылыктарын ыкчам калыбына келтирүүгө көмөк болууга арналган, талашты чечүүнүн мындай ыкмасынын касиетине карама-каршы келет.

Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучуга салык талаштарын чечүүнүн сотко чейинки тартибин укуктук жөнгө салынышына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүсү тийиш, мындай процедура талашты сотко чейинки тартипте чечүүнүн мөөнөтүндө күмөндүүлүктү камтыбашы керек, ал даттанууну кароо мөөнөтүн чексиз узартууну жокко чыгарган так чектердин алкагында белгилениши керек. Бул мөөнөттөрдүн ичинде даттанууну чечүү мүмкүн болбой калган учурда, себептерине карабастан, салык төлөөчүдө соттук коргонууга болгон конституциялык укугун пайдаланууга мүмкүнчүлүк болушу керек.

Баяндалганды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 2-бөлүгү соттук коргонууга болгон конституциялык укуктун жүзөгө ашырылуусуна тоскоолдук болуп эсептелген талаштарды сотко чейинки чечүүнүн мүмкүн болуучу мөөнөттөрүн чектебеген бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган.

Өз кезегинде, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 7-бөлүгү ар кимдин соттук коргонууга болгон конституциялык укугун жүзөгө ашырып, салык төлөөчүгө ыйгарым укуктуу салык органынын чечимине соттук тартипте даттануу мүмкүнчүлүгүн берүүдө. Бул ченем регулятивдик-берүүчүлүк болуп туруп, императивдик мааниге ээ болгон тыюу салуучу эрежелерди камтыбайт, демек, административдик иштер жарандык сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен талашты сотко чейинки чечүү тартибин сактагандан кийин салык төлөөчүнүн төмөн турган салык органынын чечимин сотко берүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган ченем катары чечмелениши мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу, талашылып жаткан ченем укуктук мамлекеттин принциптерине карама-каршы келген ченем катары каралышы мүмкүн эмес (Эскертүү: бул чечими аткарылды).

4. Конституциялык палата 2017-жылдын 22-февралындагы чечими менен «Нотариат жөнүндө» Мыйзамдын 4-беренесинин төртүнчү бөлүгүнүн экинчи абзацын Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган.

Конституциялуулугу талашылып жаткан «Нотариат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин төртүнчү бөлүгүнүн экинчи абзацы атайылап жасаган кылмыштары үчүн соттуулугу бар адамдарга, анын алынып салынганына же жоюлганына карабастан нотариалдык ишти жүргүзүүгө жол берилбейт деп аныктайт.

Конституциялык палата өз чечиминде атайылап жасаган кылмыш – жалпы кабыл алынган эрежелердин чегинен чыгып кетүүчү, билип туруп жасалуучу жана айланадагылар үчүн кооптуулукту туудурган социалдык жүрүм-турумдун кооптуу түрү деп белгилеген. Атайылап кылмыш жасаган адамга терс социалдык сапаттар жана таламдар мүнөздүү. Ошон үчүн, качандыр бир атайылап кылмыш жасаган адам, кандай болгон күндө да, коом тарабынан күмөн ойлорду туудуруп, мындай адамдар иштөөнү ниет кылган коомдук-укуктук институттарга жарандардын ишенимин кескин түрдө үзгүлтүккө учуратышы мүмкүн.

Мамлекеттин атынан укук коргоочулук-юрисдикциялык иш-милдеттерди жүзөгө ашырган нотариат мамлекеттик жана жеке иштеген нотариустардын тутуму болуп, коомдун тиешелүү деңгээлде ишеними болмоюн толук кандуу жана натыйжалуу иштеши мүмкүн эмес.

Ушуга байланыштуу, нотариус жасаган аракеттер жарандык укуктук мамилелердин субъектилери үчүн өзгөчө маанилүү, жана мындай аракеттер жогорку деңгээлдеги кесипкөй, сабаттуу, жоопкерчиликтүү жана коом тарабынан сөзсүз ишеним арттырган адамдар тарабынан жасалат деп түшүнүлөт.

Ошон үчүн мыйзам чыгаруучу мыйзамдуулукту жана чектелбеген чөйрөнүн укуктары менен кызыкчылыктарын бирдей коргоо ишин камсыз кылып, атайылап жасаган кылмыштары үчүн соттуулугу бар адамдарга, анысы алынып салынганына же жоюлганына карабастан нотариус болуп иштөөгө чектөө белгилеген. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата талашылып жаткан ченем тарабынан киргизилген чектөөнү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыздоо максатына өлчөмдөш болуп саналат деп тааныган.

5. Конституциялык палата 2017-жылдын 29-мартында «Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин конституциялуулугуна баа берип, талашылып жаткан жобону Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде 2016-жылдын 11-декабрындагы референдумда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзам менен Конституцияга жарандык маселесин жөнгө салуу бөлүгүндө өзгөртүүлөр киргизилгенин белгилеген.

Мында, конституциялык жаңылык жарандык маселесинде адамдын абалын начарлатпай тургандыгын белгилеп кетүү зарыл. Мурда колдонуудагы «бир дагы жаран өзүнүн жарандыгынан же өзүнүн жарандыгын өзгөртүү укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес» деген конституциялык орнотмо жаран лоялдуулук принцибин карманып жана мамлекеттин жараны болуп, өз мамлекетинин кызыкчылыгына турмуштук маанилүү кызыкчылыктарына зыян келтирбөө шартында гана адамдын ажыратылгыс укугу

катары каралышы мүмкүн болуучу. Башкача түшүнүү өз ара милдеттенмелерге негизделген адам жана мамлекеттин ортосундагы мамилелер катары жарандыктын маңызына карама-каршы келмек.

Ошон үчүн киргизилген өзгөртүүлөр менен жарандыктан ажыратуу жана кодификацияланган же органикалык мыйзамга салыштырмалуу жогорку юридикалык күчкө ээ болгон конституциялык мыйзам аркылуу жарандыгын өзгөртүү укугу маселесин регламенттөөгө болгон талаптар гана көтөрүлдү, бул ушул маселенин коомдогу салмагынын өсүшүнө ылайык.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандык маселелерин ар кандай укуктук сатусу бар мыйзамдар менен укуктук жөнгө салууну карайт. Маселен, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 50-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгын берүүнүн тартиби жана шарттары мыйзам менен аныкталышы керек, ал эми жарандыктан ажыратуу жана жарандыгын өзгөртүү укугун чектөө ушул эле берененин 2-бөлүгүнө ылайык конституциялык мыйзамда жөнгө салынышы керек.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жарандык маселелерин ар кандай мыйзам актыларында укуктук жөнгө салынышы жарандык жөнүндө конституциялык жоболорду жүзөгө ашыруудагы жөнгө салуучу усулдардын натыйжасыз болушуна өбөлгөлөрдү жаратышы мүмкүн деп эсептейт. Буларды эске алганда, жарандыктын бардык маселелери жогорку юридикалык статуска ээ болгон бир ченемдик укуктук акты – конституциялык мыйзамда жөнгө салынышы мүмкүн.

«Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талашылып жаткан 6-беренеси менен «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Мыйзамдын 26-беренесинин 1-пунктуна жарандыкты жоготуунун негиздерине эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо боюнча расмий милдеттерди аткаруу учурларын кошпогондо, адамдын чет мамлекеттин аскердик же чалгындоо кызматына кирүүсүнүн, чет мамлекеттин аймагындагы куралдуу кагылыштарга же согуш аракеттерине катышуусунун кесепетинде деген негиздердин катарына террорчулук же экстремисттик кылмыштарды жасоо шыктарын жана көндүмдөрүн алууга багытталган даярдыктан Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жакта өтөөсүнүн кесепетинде деген толуктоо киргизилген.

Конституциялык палата өз чечиминде «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Мыйзамда камтылган жарандыкты жоготуу жөнүндө ченемдер, бул маселени регламенттөөчү конституциялык мыйзамдын жоктугуна байланыштуу Баш мыйзамды өзгөртүүнүн натыйжасында пайда болгон табигый укуктук ача пикир болуп эсептелет, анткени бул маселе мурда кабыл алынган эски процедура боюнча жөнгө салынышы мүмкүн эмес, ал эми жаңысы болсо иштелип чыга элек деп белгилеген. Бирок, пайда болгон укуктук коллизия талашылып жаткан мыйзамдын ченемин конституциялуу эмес деп таануу үчүн негиз боло албайт. Бул учурда мыйзамдын мезгил алкагында колдонуу эрежелерине ылайык жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамдын 2-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык 2007-жылдын 21-майындагы «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Мыйзам 2016-жылдын 2-августундагы өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбеген бөлүгүндө колдонулууга тийиш.

Ушуга байланыштуу, «Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренеси адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин, анын ичинде жарандыкка жана жарандыгын өзгөртүү укуктарын жокко чыгарбайт жана кемсинтпейт, ар кимдин соттук коргонууга болгон укугун бузбайт, демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 26-беренесинин 1-бөлүгүнө, 50-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келүүчү катары каралышы мүмкүн эмес.

6. Конституциялык палата 2017-жылдын 19-апрелиндеги чечими менен «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн биринчи жана экинчи абзацтарын, 17-беренесинин 1-бөлүгүн Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган.

Конституциялык текшерүүнүн предмети болгон ченемдик жоболордун талаптарына ылайык юриспруденциянын «бакалавр» академиялык даражасы бар «магистр» академиялык даражасын ыйгаруу менен «юриспруденция» даярдык багыты боюнча жогорку юридикалык билимдүү Кыргыз Республикасынын жараны гана судья боло алат.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде соттук бийлик мамлекеттик бийликтин бир бутагы катары, укукту, мамлекеттик жана коомдук турмуштун укуктук калыптануулары ар кандай бузуулардан, аларды ким жасаганына карабастан коргоого милдеттүү деп белгилеген. Судьялардын аларга соттук бийликтин коомдук-укуктук милдеттерин аткаруусуна байланыштуу берилген конституциялык-укуктук статусунан келип чыкканда, судьяларга жогорулатылган талаптар коюлат – жогорку профессионализм, компетенттүүлүк, жоопкерчилик, кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон тиешелүү даярдыктардын, билимдер жана көндүмдөрдүн болуусу шарт.

Судьялардын компетенттүүлүгү принцип, соттук тутумдун курулушу жана иштешинин негизги башаты катары каралат. Судьянын укуктук даярдыгы, анын квалификациясы судьялык функциянын негизи болуп саналат. Бул судьялыкка талапкерди тандоону да, алардын андан ары кызматында көтөрүлүүсүн да аныктай турган принцип. Судьялардын даярдыгынын даражасына, укуктук компетенттүүлүгүнө алардын жумушунун тикелей натыйжасы катары – сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун жана соттук актыларды түзүүнүн сапаты, ошондой эле коомдун соттук бийликке болгон ишмеными көз каранды экени өзгөчө маанилүү.

«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүндө камтылган укуктук компетенттүүлүк принциби мыйзам чыгаруучунун судьялардын өзгөчө статусун эске алып, аларга соттук бийликтин алып жүрүүчүлөрү катары квалификациясына жогорку стандарттарды жана башка талаптарды, анын ичинде даярдык деңгээли боюнча талаптарды коюшун болжойт. Бул судьялык квалификациянын деңгээли жогору болушу керек, башкача айтканда, ал судья иштеген чөйрөдө орточо деп саналган деңгээлден жогору, бирок процесстин катышуучуларынын кесипкөй өкүлдөрүнүн даярдык деңгээлинен төмөн болбошу керек дегенди билдирет.

Судьянын компетенттүүлүгүндө жана профессионалдуулугунда жарандардын шектенүүлөрү коомдук бийликтин алып жүрүүчүсү катары алардын аракеттеринин мыйзамдуулугунда жана негиздүүлүгүндө шектенүүлөрдү туудурушу мүмкүн, анткени сот адилеттигин жүзөгө ашыруу негизги конституциялык институттардын, мамлекеттүүлүктүн пайдубал элементтеринин бири болуп саналат.

Ошон үчүн мындай талаптарды белгилөө, жогоруда белгиленгендей, бийликтин соттук тармагынын бийик деңгээлин, судьянын милдетин аткарып жаткан адамдардын профессионалдык ишмерлигинин спецификалык мүнөзүн колдоо максатында анын уюштуруу жана иштөө милдеттери менен шартталган. Демек, мыйзам чыгаруучу коомдун жана мамлекеттин бир бөлүгүнүн кызыкчылыгын көздөбөстөн, коом менен мамлекеттин бүтүндөй кызыкчылыктарын көздөп келген (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгү).

7. Конституциялык палата 2017-жылдын 24-майында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченемин Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздөөдө талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмү менен тутумдаш байланышта турат, анда тараптар соттук отурумдун убактысы жана орду тууралуу тиешелүү деңгээлде маалымдалгандан кийин келбей калган учурда ишти тараптардын катышуусуз кароого мүмкүндүк берет. Ошон үчүн соттук жыйындын убакыты жана орду жөнүндө талапка ылайык маалымдалган тараптардын соттук жыйынга келбей калуусу алардын соттук териштирүүгө тике катышуу укугунан жана башка процесстик укуктарды жүзөгө ашыруудан баш тартуусун ырастаган эрки болуп саналат. Ушуга байланыштуу, мындай жагдай ишти көзмөл инстанциясында маңызы боюнча кароо үчүн тоскоолдук болуп саналбайт. Анын үстүнө, сот процесстик жана материалдык укуктун ченемдерин туура колдонуу менен мыйзамдуу жана негиздүү чечимди чыгаруу милдетинен келип чыккандай, ишти кандай тартипте жана кандай процедурада кароо керектигин чечүүдө ишке катышкан жана келген тараптардын пикирин, болгон материалдарды эске алуу менен бардык жагдайларды бирдикте баалап чечим кабыл алат. Мында сот жаңы далилдерди карабайт жана каралып жаткан иштин жагдайларынын алкагынан чыкпайт.

8. Конституциялык палата 2017-жылдын 7-июнундагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугуна баа берген жана талашылып жаткан ченемди каралып жаткан чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө (4, 5-пункттарында) көрсөтүлгөн конституциялык-укуктук түшүнүктө Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эгерде, адам кылмыш жасалган мезгилде же ал жасалгандан кийин түздөн-түз колго түшсө; көрүп тургандар, анын ичинде жабырлануучулар ошол адамды кылмыш жасаган адам катары ачык көрсөтүп турушса; шектүү адамдан же анын кийиминен, анын жанынан же анын жашаган жеринен кылмыштын ачык белгилери табылса, кылмыш жасоодо шектүү болгон адам кармалышы мүмкүн.

Талашылып жаткан ченемдин мазмунунан келип чыккандай, адам кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо, анын туруктуу жашаган жери болбогондо, анын инсандыгы аныкталбаганда жана ал тарабынан качууга аракет жасалганда, ал кармалышы мүмкүн (Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгү). Талашылып жаткан ченемди баяндоонун мыйзам чыгаруу техникасын эске алуу менен келтирилген негиздер кылмыш жасады деп адамды кармоодо ченемдер өз алдынча иштейт. «Адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген адамды кармоонун мындай негиздемеси Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодек-

синин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка негиздер менен байланышсыз так жана бир маанилүү аныктамалары жок ченемди билдирет, мындай жагдай кеңири караштырууга мүмкүнчүлүк берип, Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген жарандардын конституциялык укуктарынын бузулушуна олуттуу коркунуч туудурат. Талашылып жаткан ченемди кеңейтип түшүндүрүүнүн негизинде кармоо сыяктуу процесстик мажбурлоо чарасын адамга карата колдонуу өлчөмсүз жана эркиндик менен жеке кол тийбестикке болгон конституциялык укукту акыйкатсыз чектөө болуп саналат. Жарандын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон конституциялык укугунан ажыратуу же чектөө башкача түшүндүрүүнү жокко чыгарган белгилүү мыйзамдуу негизде жана критерийлердин негизинде жүзөгө ашырылышы керек жана конституциялык, жазык-процесстик мыйзамдардын концептуалдык негиздерине ылайык келиши керек. Укуктук айкындык принцибине ылайык укуктук ченемдердин формалдуу айкындыгы, тактыгы, ачыктыгы, кош маанилүүлүккө жол бербестиги жана колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутумундагы алардын шайкештигинин зарылдыгы шартталат, анткени укуктук ченемди бир өңчөй түшүнүү жана түшүндүрүү шартында гана укуктук айкындык камсыз болушу мүмкүн. Көрсөтүлгөн критерийлерге жооп бербеген мыйзам жоболору кайчылашкан укук колдонуучулук тажрыйбаны жаратат, аны ар кыл түшүндүрүү жана өз билемдик менен колдонуу мүмкүндүгүн түзөт, ошентип адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн. Ушуга байланыштуу, «адамды кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген негиздемени кылмыш жасоого шектүү болгон адамды кармоо үчүн өз алдынча иштеген негиз катары колдонуу Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугун бузушу мүмкүн. Бирок, бул негизди Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн башка негиздер менен өз ара байланышта колдонулушу «башка маалыматтар» деген сөздөр жыйындысында ушул эле берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздерден кем болбогон адилет соттун максаттарына жетишүү үчүн маани берет. Демек, «кылмыш жасады деп андан шектенүүгө негиз берген башка маалыматтар болгондо» деген негизди Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер менен чогуу жана алар болгондо колдонуу укуктар менен эркиндиктерди Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген максаттарга өлчөмдөш чектөө болуп саналат.

Баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине белгиленген чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнө (4-пунктуна) ылайык Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнө тийиштүү өзгөртүү киргизүү тапшырмасы берилген (Эскертүү: Бул чечим аткарылган).

9. Конституциялык палата 2017-жылдын 28-июнунда «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасынын конституциялуулугуна баа берген жана талашылып жаткан жобону Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган.

Талашылган жобого ылайык көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларды сааттык жана суткалык мейманкана катары берүү, өткөрүп берүү, пайдалануу – жарандарга эсептешүү көрсөткүчүнүн - жетимиш, кызмат адамдарына - токсон, юридикалык жактарга - жети жүз өлчөмүндө айып салууга алып келет.

Конституциялык палата өзүнүн чечими менен жаранга өзүнүн мүлкүн ар кандай экономикалык ишмерлик үчүн эркин колдонуу укугун бекитүү менен, Конституция, бул укук мыйзамда тыюу салынбаган учурда гана берилиши мүмкүн деп белгилеген. Башкача айтканда, жарандардын мүлктү экономикалык максаттарда эркин колдонуунун конституциялык укугу улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында зарыл болгон деңгээлде чектелиши мүмкүн (Конституциянын 20-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрү).

Көп квартиралуу үйдөгү квартиралардын турак жай катары укуктук табияты жана касиети аларда жарандардын тек гана жашоосу үчүн пайдалануусунда турат. Мыйзам чыгаруучу турак жай мыйзамдарынын принциптерин жетекчиликке алып, мыйзам чыгаруучу көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларда мейманканаларды жайгаштырууга, ошондой эле жашоодон тышкары ар кандай башка максаттар үчүн аларды пайдаланууга тыюу салган.

Бирок, көп квартиралуу үйлөрдө мейманканаларды жайгаштырууга тыюу салынганына карабастан Кыргыз Республикасында бул тартип жарандар тарабынан сакталган эмес, натыйжада көптөгөн жарандардын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келген. Демек, турак жай мыйзамдарынын ченемдик көрсөтмөлөрүн, кадыресе, Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 4-беренесин бузуу үчүн административдик жоопкерчиликти орнотуу, мыйзам чыгаруучунун ченем жаратуучу ишмерлигинин логикалык уландысы болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, сааттык жана суткалык мейманкана катары көп квартиралуу үйлөрдөгү турак жайларды берүү, өткөрүү жана пайдалануу үчүн административдик айып салууну бекиткен талашылып жаткан ченем коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоону, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыздоо конституциялык максатына өлчөмдөш чектөө болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп каралышы мүмкүн эмес.

10. Конституциялык палата 2017-жылдын 5-июлундагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугуна баа берген жана талашылып жаткан ченемди шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарын, алардын көрсөтмө берүү ниети болгон учурда суракка алууга жол бербеген бөлүгүндө Конституциянын 26-беренесинин 5-бөлүгүнө карама-каршы келет деп тааныган.

Конституциялык палата чечиминде өзүнө же жакын туугандарына, башкача айтканда күбөнүн иммунитети бар адамдарга каршы көрсөтмө ыктыярдуулук жана диспозитивдик принциптердин сакталышы менен гана берилиши мүмкүн деп белгилеген. Бул ченемди өзүнө же ата-энеси, күйөөсү (аялы), балдары, асырап алуучулар, асыранды балдар, бир атадан жана бир энеден тараган жана атасы же энеси бөлөк болгон ага-ини жана эже-сиңди, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелердин катарына кирген жакын туугандарына каршы күбө катары өтүүгө кандайдыр бир мажбурлоого каршы укуктук кепилдик катары кароо керек. Жарандарды жеке өзүнө, жубайына жана жакын туугандарына каршы күбө катары өтүү милдетинен бошотуп, мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнө жана адамды өзүнө жана жакын туугандарына зыян келтирүүгө мажбурлоонун мүмкүн эместиги жөнүндө адеп түшүнүктөрүнө ылайык юридикалык көрсөтмөлөрдү орноткон.

Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандарын күбө катары өтүүгө тыюу салуу алардын кайсы бир маалыматты жарыя кылууда кызыкдар болгон учурда укугун чектебеши керек. Демек, тергөө органдары жана сот тиешелүү өтүнүч киргизген адамдын күбө катары өтүүгө ниетин четке кагууга укугу жок. Шектүүнүн, айыпкердин жана соттолуучунун жакын туугандарынын ыктыярдуу күбө катары көрсөтмөлөрүн пайдалануу зарылдыгы айыптоо жана коргоо тараптарын бирдей процесстик укуктарына ээ кылуу менен алардын атаандаштык жана тең укуктуулук принциптерин жүзөгө ашыруунун курамы болуп саналат. Ошентип, шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары өзүлөрүнө маалым болгон иштин жагдайлары тууралуу көрсөтмө берүү мүмкүндүгүнөн ажыратылбашы керек.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине көрсөтүлгөн чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнө (4-пунктуна) ылайык Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 5-бөлүгүнө тиешелүү өзгөртүү киргизүү тапшырмасы берилген (Эскертүү: Бул чечим аткарылган жок).

## Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун сереби

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын үстөмдүгүн, анын өлкө аймагында тике иштешин камсыз кылуу, көбүнесе Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун сапатына жараша болот. Конституциялык палатанын чечимдеринин аткарылуусунун натыйжалуулугунун бир жагы соттук конституциялык контролдоонун натыйжалуулугунун бир бөлүгү, башка жагы – анын максатка жетишүүсү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринин аткарылуусунун мониторинги жүзөгө ашырылып жаткан конституциялык контролдоонун натыйжалуулугун аныктоо максатында ишке ашырылат, ал үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өз чечимдеринин аткарылуусуна туруктуу негизде ченем чыгаруу органдарына сереп салат. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы түзүлгөндөн тартып (2013-жылы) жана 2017-жылдын 31-декабрындагы абалына карата 75 чечим жана 1 корутунду кабыл алынган, алардын ичинен:

- Конституцияга карама-каршы келбейт деп ченемдик укуктук актыларды таануу жөнүндө 58 чечим, анын ичинен 17 чечимде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талашылган ченемдердин конституциялуулугун текшерүүнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор катары киргизилүүсү табылып, тапшырма берилген;
- Конституцияга карама-каршы келген же жарым жартылай карама-каршы келип талашылган ченемдик укуктук актылар жөнүндө 17 чечим кабыл алынган, 14 чечимде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тапшырмасы бар.

Конституциялык палата жыл сайын өзүнүн ишмерлигинин жыйынтыктарын чыгарып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялдык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктун жетекчилик-

ке алып, кабыл алынган актыларынын аткарылуусуна анализ жасайт. Бирок, актылары Конституциялык палатанын кароо предмети болгон ченем жаратуучу органдар тарабынан берилген маалыматтын анализи 2017-жылдын 31-декабрындагы абалы боюнча Конституциялык палатанын чечимдеринен келип чыккан 31 тапшырманын ичинен Конституциялык палатанын 21 чечими (68%) аткарылган, 1 чечим Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө байланыштуу контролдон алынган, Конституциялык палатанын 9 чечими (32%) аткарылбай турат.

1. Конституциялык палата 2013-жылдын 26-ноябрындагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугуна баа берген.

Талашылган ченемдик жобого ылайык Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызматка шайлануучу, бекитилүүчү же дайындалуучу жетекчи кызматкерлерди иштен бошотуу, иштен бошотуунун күнүн жана себептерин жазма баяндоону өзгөртүү, башка ишке которуу, аргасыз ишке чыкпай калган же аз акы төлөнүүчү ишти аткарган жана тартиптик жаза берилген мезгил үчүн акы төлөө маселелери боюнча жекече эмгек талаш-тартыштар соттук эмес тартипте чечилет. Ушул беренеде белгиленген тартипте кабыл алынган чечимдер даттанылууга жатпайт.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген башка жетектөөчү кызматкерлерге карата, атап айтканда, кызматтан бошотуу мыйзамдарда аныкталган тартипте Премьер-министрдин тескемеси менен жүзөгө ашырылууда, административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлегендерге карата, алардын кызматынан бошотуу, бошотуу күнүн жана себептеринин таризин өзгөртүү, башка ишке которуу, аргасыз ишке чыкпаганы же аз акы төлөнүүчү ишти аткарганы жана тартиптик жаза берилген мезгил үчүн акы төлөө маселелери боюнча кабыл алынган чечимдерине соттук даттануу укуктарына чектөөлөрдү киргизүүгө жол берилбейт деп көрсөткөн. Жетектөөчү кызматкерлердин бул категориясын бошотуу мыйзамдарда аныкталган негиздемелер боюнча гана мүмкүн болот. Ошону менен бирге, мындай мамлекеттик кызматкерлер, тескерисинче, алардын иши мамлекеттеги саясий өзгөрүүлөрдөн көз карандысыздык кепилдиктерине ээ болууга тийиш, ал эми алардын өз кесиптик милдеттерин аткарышы саясатташтырылбаган мүнөздө болууга тийиш. Ушуга окшош принцип, Премьер-министр тарабынан жүзөгө ашырылуучу кызмат ордуна дайындоо, бекитүү (бошотуу) кызмат орундарынын номенклатурасына кире турган башка жетектөөчү кызматкерлерге карата колдонулат.

Баяндалгандын негизинде, Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесин саясий кызматтарды ээлегендерге карата Конституцияга ылайык келет деп таануу менен, бул мыйзам жоболору административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындала турган жетектөөчү кызматкерлердин башка категорияларына карата Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келбейт деп тааныган *(чечим аткарылган жок).*

2. Конституциялык палата 2014-жылдын 11-июлундагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 12-августундагы №121 «Кант цемент заводу» ачык акционердик коомунун акцияларынын 13,21% улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 3-июнундагы №60 «Ташкөмүр» жоопкерчилиги чектелген коомун улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 20-майындагы №48 «Пансио-

нат Витязь» жоопкерчилиги чектелген коомунун жер участогун жана объекттерин улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 3-ноябрындагы №146 «Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан жер участкасын жана турак эмес жайларды улутташтыруу жөнүндө Декреттери жана Убактылуу Өкмөттүн башка Декреттери конституциялык жана сот өндүрүшүнүн башка баардык түрүнүн алкагында соттук териштирүүнүн предмети боло албайт деп тааныган. Конституциялык палата өзүнүн чечимдерин талашылып жаткан Декреттер белгиленген ченем жаратуучу процедуралардан тышкары кабыл алынган, ченемдик-укуктук актылардын формалдуу белгилерине ээ эмес жана Конституциялык палатанын карамагындагы юридикалык ыкмалар аркылуу изилденип, чечилиши мүмкүн эмес деп жүйөлөштүргөн. Андан тышкары, Конституциялык палата дал ушул себептер боюнча Декреттер жалпы юрисдикция сотторунун да кароо предмети боло албайт деп белгилеген.

Бирок, Конституциялык палата мамлекеттик бийлик органдары тарабынан, талашка түшкөн Декреттер тарабынан каралган маселени деталдуу изилдөө жана кызыкдар болгон субъекттерди сот адилеттигине жетүү укугун камсыз кылуу максатында, тиешелүү чараларды көрүү керек, колдонуудагы укуктук талаанын алкагында талаш маселелерди чечүү механизмин иштеп чыгуу зарыл деп көрсөткөн.

Бул милдеттин мазмундук мааниси тиешелүү шарттарды түзүү зарылдыгын жаратат, анда жеке менчиктин бардык таризинин субъектиси өз кароосу боюнча өзүнүн мүлкүнө ээ болууга, колдонууга жана тескөөгө болгон укугун ишке ашыруу мүмкүндүгүнө ээ болот, ошондой эле зарыл болгон учурда коргонуунун майнаптуу каражаттарына колдонуу мүмкүндүгүн алышы керек. Дал ушул себеп менен, Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Убактылуу Өкмөттүн Декреттери боюнча талаш-тартыш маселелерди бир убакыттын ичинде чечүүнү камсыз кылган укуктук механизмдерди жана мыйзамдуу менчик ээлеринин мүлктүк укугун калыбына келтирүү мүмкүндүгүн түзүп берүү тапшырмасын берген.

3. Конституциялык палата 2014-жылдын 4-сентябрында «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын дин иштери боюнча мамлекеттик органдын эсепке алуу каттоосу жок диний уюмдардын иш-аракети жана иштеши жөнүндө; диний уюм жашы жеткен жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын эки жүздөн кем болбогон жаранынын демилгеси боюнча түзүү жөнүндө маселелерди камтыган 8-беренесинин 2-, 3-бөлүктөрү Конституциянын ченемдерине карама-каршы келбейт, ал эми ушул Мыйзамдын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацындагы «…жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган» деген сөздөрдөн турган ченем Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 35-беренесине карама-каршы келет деп чечим чыгарган.

Конституциялык палата өзүнүн чечимин кийинки тыянактар менен негиздеген.

Диний уюм коммерциялык эмес уюмдун бир түрү болуп эсептелет жана коомдун социалдык түзүмүнүн бөлүмү болуп саналат. Диний уюмдар акыркы жылдарда анын активдүү элементтеринин бири болуп калгандыгына байланыштуу мыйзам чыгаруучу диний уюмдарды эсептик каттоого алуу үчүн жогорулатылган талаптарды бекиткен. Бул талаптар дин эркиндигин чектөө катары каралышы мүмкүн эмес, анткени дин иштери боюнча ыйгарым уккутуу мамлекеттик органы тарабынан диний уюмду эсепке алуу ал уюмдун жарыялаган баалуулуктарына жараша жасаган ишмерлигин аныктаса болот,

диний уюмдун функцияларынын жана аракеттеринин коомдук коопсуздугун бааласа болот.

Ошону менен бирге, Конституциялык палата «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 16-беренесинде бекитилген жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоонун принциптерине негизделгенде, диний уюмду түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жарандардын тизмесин макулдашуу «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү» Мыйзамга ылайык, эсептик каттоо боюнча функция (милдети) дин иштери боюнча мамлекеттик органга жүктөлүп турганда, жергиликтүү маанидеги маселелерге таандык болушу мүмкүн эмес.

Андан тышкары, талашылып жаткан Мыйзам жергиликтүү кеңеш менен макулдашылууда демилгечилер тарабынан сактабаган учурда баш тартууга алып келе турган жарандардын тизмесин макулдашуунун критерийлерин аныктаган эмес. Жол-жобо, мөөнөт, макулдашуунун критерийлери маселесинде мындай укуктук так эместик жергиликтүү кеңештер тарабынан арызданууучу менен талашылып жаткан ченемди ар кандай түшүнүү жана колдонууга алып келет. Ошол эле учурда, жергиликтүү кеңештер тарабынан диний уюмду түзүүнүн демилгечилеринин тизмесин макулдашуудан баш тартууда, мыйзам менен бекитилген жол-жоболордун жоктугу кайрылуучуларды сот тартибинде өз укуктарын коргоодон ажыратат. Бул өз кезегинде Конституциянын 35-беренесинде бекитилген биригүү эркиндигине болгон укукту бузууга алып келет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, ишмердүүлүгү кандайдыр бир даражада жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө таасир эте ала турган диний уюмдардын социалдык активдүүлүгүн эске алуу менен, мыйзам чыгаруучуга мыйзамда диний уюмдардын тиешелүү аймакта өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүү жөнүндө ниетин жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарына маалымдоо милдетин караштыруу тапшырмасы берилген *(чечим аткарылган жок).*

4. Конституциялык палата 2015-жылдын 14-сентябрындагы чечими менен «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 2-бөлүгүнүн 2-пунктунун, 3-беренесинин 3-абзацынын, 4-беренесинин 1, 2-пункттарынын, 5-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 6-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн, 7-беренесинин конституциялуулугуна баа берген жана талашылып жаткан жоболорду Конституцияга карама-каршы келбейт деп тааныган.

Конституциялык палата өзүнүн тыянактарын, мамлекет бул укукту ишке ашырууда мүмкүн болгон кийлигишүү учурларын мыйзамдын негизинде гана милдеттүү анын ичинде соттук коргоо кепилдиги, улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максаттарында гана жол берилет деп жүйөлөштүргөн. Ошон үчүн, адамдын жеке турмушу жөнүндө маалыматты анын макулдугусуз жыйноо, сактоо, пайдалануу жана жайылтууга мыйзамдуу кийлигишүү мүмкүнчүлүгү Конституцияда белгиленген конституциялык маанилүү максаттарга ылайык келиши керек. Өз кезегинде, биометрикалык маалыматтарды жыйноо, сактоо, пайдалануу жана жайылтууну караган жарандардын биометрикалык маалыматтары сыяктуу мындай механизмди киргизүү жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык максаттарга шайкеш келиши керек.

Конституциялык палата шайлоонун социалдык-саясий маанисин эске алып, мамлекет өткөрүлүп жаткан шайлоонун айкындуулугун, чынчылдыгын жана адилеттүүлүгүн камсыз кылуунун ар кандай шаймандарын иштеп чыгууга жана пайдаланууга укук-

туу, андай шаймандардын бири катарында шайлоочулардын актуалдашкан тизмесин түзүүдө жаңы технологияларды пайдалануу болуп саналышы мүмкүн деп көрсөткөн.

Баяндалгандын негизинде, Конституциялык палата жарандарды өз убагында каттоо жана идентификациялык документтерди берүү максатында жарандарды биометрикалык каттоо, ошондой эле шайлоочулардын актуалдашкан тизмесин түзүү чынчыл, эркин жана ачык-айкын шайлоону камсыз кылууга жөндөмдүү шайлоо процессинин ажырагыс бөлүгү катары, мамлекеттин улуттук коопсуздугун коргоону камсыз кылуунун алкагында жеке турмуштун кол тийбестигине укукту чектөөгө шайкеш болуп саналат деп чечкен.

Аны менен бирге, Конституциялык палата талашылып жаткан ченемде (Мыйзамдын 2-беренесинин 2-бөлүгү) аныкталган башка милдеттер, алардын мамлекеттик жана социалдык маанисине карабай, жол берилбеген жалпыланган мүнөзгө ээ, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген адамдын укуктарын жана эркиндиктерин чектөө учурунда ылайыксыз болуп саналат. Аталган милдеттер, өз маңызы боюнча, талашка түшкөн Мыйзамдын максаттары болуп саналат, аларга биометрикалык маалыматтарды колдонуу менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын актуалдашкан базасын түзүү аркылуу жетсе болот. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучуга «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү керек деп, булар Мыйзамдын так жана ачык максаттарын аныктап, аларга жетүүчү механизмдерди так иштеп чыгуу тапшырмасын берген. Бул учурда мыйзам чыгаруучу мыйзам жаратуучу процессте юридикалык терминологияны туура колдонушу керек, ошондо Мыйзамдын ченемдерин кош мааниде жана бир маанилүү эмес түшүнүү жокко чыгат.

Конституциялык палата өзүнүн чечиминде биометрикалык маалыматтар жеке маалыматтардын өзгөчө сезгич категориясы болуп саналат, аларды мыйзамсыз колдонуу коркунуч жаратат жана бул маалыматтардын субъекттеринин укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтириши мүмкүн деп көңүл бурган. Ушуга байланыштуу, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучу тарабынан Мыйзамдын 6-беренесинин 2-бөлүгүндө биометрикалык маалыматтарды Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө», «Маалыматташтыруу жөнүндө», «Кыргыз Республикасында мамлекеттик сырды сактоо жөнүндө» мыйзамдары менен коргоо каралган деп белгилеген. Ушуга ылайык, биометрикалык маалыматтарды жыйноо, сактоо, пайдалануу жана жайылтууну алып бара турган мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган маалыматтар базасына санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүн жокко чыгаруу үчүн аталган мыйзамдарды кынтыксыз аткарышы керек.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29-беренесинин 3- бөлүгүнө ылайык мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары адамдын  макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга жол берилбейт. Ушуга байланыштуу талашылып жаткан Мыйзамдын 6-беренесинин 3-бөлүгүндөгү ченем Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынган адамдын жеке турмушу жөнүндөгү маалыматты берүү тартибин орнотуу бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт, анткени башка ченемдик укуктук актылар тарабынан мындай тартипти орнотууга жол берилбейт.

Ошон үчүн Конституциялык палата Мыйзамдын (6-берененин 3-бөлүгү, 7-берененин 2-бөлүгү) талашка түшкөн ченемдерин башкача түшүнүү адамдын жана жаран-

дын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин, жеке маалыматтарынын коопсуздугунун конституциялык кепилдигинин бузулушуна алып келиши мүмкүн деп белгилеген. Ушуга байланыштуу, талашка түшкөн ченемдерди түшүнүүдө жана колдонууда кош маанилүүлүктү жокко чыгаруу максатында мыйзам чыгаруучуга «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырмасы берилген (чечим аткарылган жок).

5. Конституциялык палата 2015-жылдын 27-ноябрындагы чечими менен Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар каржылоону талап кылган шайлоо алдындагы үгүт иштерин талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар менен макулдашуу боюнча гана жана алардын шайлоо фонддору аркылуу жүргүзүүгө укуктуу деп белгилеген «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобонун конституциялуулугуна баа берген. Талашылган ченемдик жобо конституциялык текшерүүнүн натыйжасында Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздеп, талашылып жаткан ченемдик жобонун мыйзамдык жөнгө салуу талапкердин же талапкерлердин тизмесин сунуштаган саясий партиянын шайлоо фондунун эсебинен каржылоону талап кылган шайлоо өнөктүгүнүн мезгилиндеги үгүт ишин тартипке салууга багытталган деп белгилеген. Бул ченем жарандардын жана саясий партиялардын талапкерлер, талапкерлердин тизмесин сунуштаган саясий партия менен макулдашуу жана ушул адамдардын шайлоо фондулары аркылуу болгон эки шартты сактоо менен шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн карайт. Ошон үчүн Конституциялык палата кайрылуу субъектинин талашылып жаткан ченемдик жобо бардык талапкерлерге каршы багытталган шайлоо алдындагы үгүт иштерин жарандардын жеке каражаттардын эсебинен өткөрүүгө тыюу салууну камтыйт деген жүйөлөрүнүн негизи жок деген тыянактарга келген. Ушуга ылайык, жарандар тарабынан бардык талапкерлерге каршы шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү талашка түшкөн ченемдик жобону укуктук жөнгө салуунун чегинен чыгып жатат.

Бирок, Конституциялык палата мыйзам чыгаруучуга шайлоо алдындагы үгүттөөгө карата укуктарды ишке ашыруу менен байланышкан жөнгө салуунун тигил же бул тариздерин тандоо менен шайлоолордун объективдүү жыйынтыгына жетишүү жана ушунун негизинде легитимдүү өкүлчүлүктүү элдик бийлик органдарын түзүү зарылчылыгын эске алуусу керек деп көрсөткөн. Натыйжада, шайлоо алдындагы бардыгына каршы үгүттөө менен байланышкан укуктук мамилелер мыйзам чыгаруучу тааныган шайлоочулардын өзүнүн эркин шайлоочулардын бюллетенинде «бардыгына каршы» графасын толтуруу жолу аркылуу билдирүү мүмкүнчүлүгү болуп саналгандыктан өзүнчө укуктук жөнгө салууну талап кылат.

Баяндалганга байланыштуу, мыйзам чыгаруу органына ушул ченемдик жободон келип чыккан маселеде укуктук күмөндүүлүктү жокко чыгаруу тапшырмасы берилген *(чечим аткарылган жок).*

6. Конституциялык палата 2016-жылдын 27-январындагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацында кылмыш жасаганы үчүн соттуулугу бар, соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан Кыргыз Республикасынын жараны аким боло албайт деген жо-

бонун конституциялуулугуна баа берген. Талашылып жаткан жобо Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздеп, теңдүүлүк принциби мамлекеттик кызматчылардын кесиптик ишин укуктук жөнгө салууга өзгөчө мамилени жокко чыгарбайт деп белгилеген. Мындай өзгөчөлүктү орнотуу, мамлекеттик кызматтын жогорку деңгээлин, мамлекеттик милдетти аткарып жаткан кызматчылардын кесиптик ишинин өзгөчө мүнөзүн колдоо максатында мамлекеттик кызматты уюштуруу жана иштетүү милдеттери менен шартталган. Ошентип, мамлекеттик кызматтын мындай өзгөчөлүктөрүнүн маңызы, эмгек ишинин башка чөйрөлөрүнө салыштырмалуу мамлекеттик кызматкерлерге өзгөчө талаптарды бекитүүдө, мамлекеттик кызматты өтөөгө байланыштуу кандайдыр бир чектөөлөрдү орнотууда камтылат.

Анын үстүнө, Конституциялык палата айрым өзүнүн чечимдеринде «мамлекет конституциялык түзүлүштүн негиздерин бекемдөө үчүн мамлекеттик бийликти кыянаттык менен пайдалануудан жана криминалдашуудан коргогон натыйжалуу укуктук механизмдерге муктаж. Тиешелүү укуктук механизмдерди түзүү менен мыйзам чыгаруучу мамлекеттик кызматтарды ээлеген адамдардын беделине жогору талаптарды коюуга укуктуу. Мындай талаптар кызмат адамдарынын моралдык жана адеп-ахлактык сапаттарында, өздөрү менен бирге бийликти алып жүрүүчү катары алардын аракеттеринин мыйзамдуулугунда жана ак ниеттигинде күмөн пайда болбоосу үчүн бекитилген. Ушул себептен мыйзам чыгаруучу бийликтин коррупцияланышын жана криминалдашуусун улуттук коопсуздукка коркунуч катары кароо менен, көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн жарандардын мамлекеттик кызматка болгон укугуна тиешелүү чектөөлөрдү киргизүүгө укугу бар» деп көз карашын айтып келген. Ошон үчүн Конституциялык палата кылмыш жасаган жарандардын райондун аймагындагы башкы мамлекеттик кызмат ордун, аймактык бирдиктин социалдык жана экономикалык өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликти тарткан аким кызматын ээлөө укугун чектөө, бийлик органдарынын легитимдүүлүгүн жана коомдун колдоосунан ажырашын болтурбоого багытталган аракет катары акталган деп тыянак чыгарган. Мындай аракет конституциялык жоопкерчиликти, укуктук демократиялык мамлекеттин принциптеринин таасирдүүлүгүн жогорулатуу, укуктук тартиптин талаптагыдай иштөөсүн жана сакталышын, бийликтин криминалдашуусун алдын алуу боюнча конституциялык маанилүү максаттарды көздөйт.

Бирок Конституциялык палата тарабынан «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талашылып жаткан жобосу жасалган кылмыштын оордугун, коомдук коркунучтуулугун, мүнөзүн, объектисин, кылмыш жасагандан кийин өткөн убакытты эске албастан кабыл алынган деп белгиленген. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучуга кылмыштын мүнөзүн жана коомдук коркунучтун даражасын эске алуу менен чоң коркунуч келтирбеген жана анча оор эмес кылмыштарды жасаган жарандарга карата бул ченемди кайра карап чыгуу тапшырмасы берилген *(чечим аткарылган жок).*

7. Конституциялык палата 2016-жылдын 17-февралындагы чечими менен Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун конституциялуугуна баа берген, ага ылайык ишкердик иш-аракет жүргүзгөн юридикалык жактардын (менчигинин түрүнө карабастан, анын ичинде мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары), жарандардын, ошондой эле юридикалык жакты түзүүчүнүн (катышуучунун, акционердин) же анын мүлкүнүн менчик ээсинин бузулган укуктарын коргоо жөнүндө сотко талаптарын койгон башка жактардын, ошондой эле ишкердик иш-аракеттин объекттерине карата

буюмдук, милдеттенмелик жана башка мүлктүк укуктардын бузулгандыгын коргоо боюнча доонун эскиришинин мөөнөтү калыбына келтирилүүгө жатпайт. Эгерде, сотко көрсөтүлгөн талаптар боюнча мыйзамда көрсөтүлгөн доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кетсе, сот мындай бузулган укуктарды коргоо боюнча талаптарды кароого кабыл алуудан баш тартууга милдеттүү.

Конституциялык палата бул ченемдик орнотмо соттук коргонууга укуктун жүзөгө ашырылуусуна мыйзамдар тарабынан чектөө болуп саналат деп белгилеген. Ошентип, Конституциялык палата укук колдонуу тажрыйбасында, кызыкдар тарап укуктун бузулуу фактысы жөнүндө билбей жана ал факты жөнүндө билүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгү жок, доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткенине байланыштуу өз укуктарына соттук коргоонун натыйжалуу механизмдерин колдоно албай калган учурлар кездешерине көңүл бурган.

Ошону менен бирге, Конституциялык палата доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүүгө укугу жок Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунда каралган жарандык укуктук мамилелердин субъектилеринин ар кандай группасына мыйзам чыгаруучунун ар кандай мамилеси мыйзам алдында баардыгы тең деген конституциялык принциптерге карама-каршы келет жана жарандык мамилелердин бардык ак ниет катышуучуларын бирдей деңгээлде коргой албасын көрсөткөн.

Баяндалгандын негизинде, талашка түшкөн жобо Конституцияга карама-каршы келет деп таанылган. Андан тышкары, мыйзам чыгаруучуга Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктуна Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун биринчи абзацында каралган субъекттерге белгилүү жагдайларда өтүп кеткен доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүүгө укуктук мүмкүнчүлүк берген жана аларды бул жагынан жарандык укук мамилелеринин башка калган катышуучулары менен теңдеген тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырмасы берилген *(чечим аткарылган жок).*

8. Конституциялык палата 2016-жылдын 2-ноябрындагы чечими менен «Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракет жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3-, 5-, 7-бөлүктөрүн, 22-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-5-пункттарынын конституциялуулугуна баа берген. Талашка түшкөн Мыйзамдын жобосу Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

Конституциялык палата көрсөтүлгөн ченемдин конституциялуулугун негиздеп, бул Мыйзам уюшкан кылмыштуулукка тиешеси бар адамдарга карата колдонулуучу чектөө мүнөзүндөгү чаралар деп көрсөткөн. Бирок көрсөтүлгөн чаралар коомду жана анын мүчөлөрүн кооптуу кол салуулардан коргоо максатында колдонулат жана жазык мыйзамында каралган жаза чарасы катары каралышы мүмкүн эмес. Айрым укуктарды жана эркиндиктердин мындай чектөөлөрү алдын алуучу дареметине ээ болуп, адамдын же кайсы бир топтун кылмыш жасашына тоскоолдук болгон каражаты катары кызмат кылат. Ушуга байланыштуу, талашылып жаткан Мыйзамда каралган чектөө мүнөзүндөгү чаралар мүмкүн болуп саналат жана Конституцияга карама-каршы келбейт.

Конституциялык палата мамлекеттик сырлар жөнүндө маалыматты камтыган материалдарды жарыялоо уюшкан кылмыштуулукка каршы аракеттерде мамлекеттин кызыкчылыгына орду толгус зыян келтириши мүмкүн деп белгилеген. Ошон үчүн тийиштүү жашырындуулук грифи бар процесстин катышуучуларын иштин материалдарына жетишүүсүн чектөө мүмкүн болуучу жагдай, анткени бул улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин, калктын адебин

жана саламаттыгын камсыздоого багытталган. Ошону менен бирге, Конституциялык палата ыкчам-алдын алуучу каттоого алуу жөнүндө соттун чечимине даттануу мүмкүнчүлүгү каралганын, жана мындай каттоого алуу жөнүндө чечим чыгарылган адамдын укуктарын камсыз кылууда кошумча кепилдик болуп саналат деп мыйзам чыгаруучунун көңүлүн бурган. Бирок, мыйзам чыгаруучу мындай категориядагы материалдарды кароо боюнча сот өндүрүшүнүн процесстик тартибин, ошондой эле ыкчам-алдын алуучу каттоого алуу жөнүндө жана сот тарабынан салынуучу милдеттердин түрлөрүн колдонуунун тартибин жөнгө салган эмес, муну мыйзамдын кенемтеси катары кароо керек. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучуга бул укуктук кенемтени толуктоо тапшырмасы берилген (чечим аткарылган жок).

## Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу



## Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу маселелеси боюнча мыйзамдардагы өзгөртүүлөр

Конституциялык палатанын чечимдери сөзсүз жана кынтыксыз аткарылууга тийиш. Бирок Конституциялык палатанын чечимдеринин жогорку даражасы, тажрыйба көрсөткөндөй, өзүнөн өзү эле аларга тиешелүү мамиленин бекемделишине кепилдик болуп бербейт. Конституциялык палатанын чечимдеринин натыйжалуулугун, алардын укуктук талаасына таасирин арттыруу зарылдыгы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү шарттаган. Ошентип, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» конституциялык Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2017-жылдын 22-июнунда кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти ага 2017-жылдын 20-июлунда кол койгон.

Киргизилген түзөтүүлөргө ылайык, эгер, Конституциялык палата тарабынан конституциялык мыйзам, кодекс же мыйзам Конституцияга толугу менен же жарым-жартылай карама-каршы келет деп таанылса, же анын чечиминде укуктук жөнгө салууда кенемтени четтетүү зарылдыгы келип чыккан болсо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тийиштүү мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча жооптуу орган катары аныкталган. Мындай учурларда, Конституциялык палата чечимди өзүнүн расмий сайтында жарыялагандан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төрт айдан кечиктирбестен көрсөтүлгөн чечимден келип чыккан конституциялык мыйзамдын же мыйзамдын долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизет. Көрсөтүлгөн мыйзам долбоорлору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кезексиз тартипте каралууга тийиш.

Белгиленген конституциялык Мыйзамдын жогоруда көрсөтүлгөн ченемин жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2017-жылдын 18-сентябрында № 588 токтомун кабыл алган, анда Кыргыз Республикасынын юстиция министрлиги Конституциялык палатанын чечимдерин аткарууда ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча жооптуу аткаруучу орган катары аныкталган.

Ошентип, мыйзамдарда Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу бөлүгүндө төмөнкүлөр каралаган:

1. Мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жүктөлүүдө;
2. Мындай мызам долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кароосуна киргизүү үчүн так мөөнөттөр белгиленди (4 ай);
3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши мындай мыйзам долбоорлорун кезексиз тартипте карайт;
4. Конституциялык палатанын чечимдери өзүнүн расмий сайтында милдеттүү түрдө жарыялануууга тийиш.

Белгиленген конституциялык Мыйзамга көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу тартиби мыйзамдарда регламенттелген эмес, натыйжада Конституциялык палатанын чечимдеринде камтылган тапшырмалар мыйзам чыгаруу органы – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши-

нин дарегине берилип келген, ал өз кезегинде, профилдик комиттер аркылуу Өкмөткө тийиштүү мыйзам долбоорун иштеп чыгып, Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүүнү тапшырып келген. Ошондуктан Конституциялык палатанын чечимдери туш келди жана баш аламан түрдө аткарылып келген, натыйжада Конституциялык палатанын дагы 9 чечими аткарылбаган бойдон турат, алардын тизмеси ушул Маалыматтын экинчи бөлүмүндө көрсөтүлгөн.

Конституциялык палатанын чечимдерин аткаруу, анын жыйынтыктоочу актыларында баяндалган кайсы бир укуктук көз караштарды эске алуу менен жүзөгө ашырылуусу керек экендигин белгилеп кетүү керек. Конституциялык палатанын чечимдеринин өз убагында аткарылуусу Конституциялык палатанын кароосунун предмети болгон кайсы бир ченемдердин конституциялуулугун текшерүүнүн жүрүшүндө аныкталган дефектилерди укуктук жөнгө салуудан четтетүүгө багытталган.

Ошону менен бирге, ченемдердин конституциялуу эмес болуп таанылышы укуктук кенемтелерди жаратууда, алар, өз кезегинде, мыйзамдардын стабилдүүлүгүн бузууда. Ошон үчүн ченемдик жоболор конституциялуу эмес деп таанылган учурда мыйзам чыгаруучу пайда болгон укуктук кенемтенин ордун толтуруу боюнча тиешелүү мыйзам чыгаруучулук өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча ыкчам көңүл буруусу керек. Мында «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 51-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык ченемдик укуктук актыларды Конституцияга шайкеш кылып келтиргенге чейин, Конституция, ошондой эле Конституциялык палатанын чечимдери колдонулат. Ошол эле учурда, жогоруда белгиленип кеткендей, Конституциялык палата өзүнүн чечимдеринде тийиштүү мыйзам чыгаруучулук өзгөртүүлөр үчүн ориентирлерди белгилеген укуктук көз караштарды туюндурат.

Ошондуктан өлкөдө конституциялык мыйзамдуулукту камсыздоо максатында Конституциялык палатанын чечимдерин аткарууда, ошондой эле Конституциялык палатанын чечимдерин укук колдонуучулук органдары тарабынан колдонуу маселесинде тийиштүү мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Өкмөтү тарабынан бирдиктүү макулдашылган иш жүргүзүлүшү керек.



# СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЖОГОРКУ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ

Буга чейинки докладдарыбызда да көрсөтүп келгендей, ИДЛО/ЮСАИД программасы менен ишке ашырылып жаткан Кыргыз Республикасында соттук тутумду бекемдөө боюнча Программасынын колдоосу менен Электрондук документ жүгүртүү тутуму (ЭДТ) ишке киргизилип, колдонулууда, ЭДТ иш жүргүзүүнү толугу менен автоматташтырууга мүмкүнчүлүк түздү.

ЭДТнын эң негизги функциялары документтердин кыймылына мониторинг жүргүзүү, ошондой эле тапшырмалардын аткарылышын контролдоо болуп эсептелет. Бардык документтердин электрондук версиясы тутумда сакталат, аларды каттоодон өткөргөндөн кийин аларды жүктөө дароо аткарылат. Натыйжада иштердин актуалдуу абалдагы материалдары жана башка документтер менен ошол эле жерден таанышууга мүмкүн.

Мындан сырткары, ал кызматкерлердин жана судьялардын жүктөмүн көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берип, резолюция коюуда гана эмес кызматкерлердин ишин баалоодо да жардам берет. Документтин аткаруучусу же адресат резолюция коюлгандыгы жөнүндө билдирүүчү катты дароо алат.

Колдонуучулардын ыңгайлуулугу үчүн «Иш кабинети» түзүлдү, ал жерден ар бир колдонуучу өзүнүн иш жүктөмү жана жакын арада боло турган отурумдардын даталары тууралуу актуалдуу маалыматын көрө алат.

Анализ жүргүзүү максатында статистикалык отчет чыгарууда ЭДТ кенен мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет.

Издегичтин мүмкүнчүлүгү дээрлик каалаган документти кыска мөөнөттө табууга мүмкүндүк берет.

Булардан сырткары, ал жерге КИМ аркылуу, КАЧАН жана КАНДАЙ өзгөртүүлөр киргизилгенин көзөмөлдөө үчүн, киргизилген өзгөртүүлөрдү эсепке алуу тутуму жайылтылган.

*Сүрөттө – жаңыланган ЭДТнын башкы бети*




| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 20 и части 1 статьи 40 Конституции Кыргызской Республики | | | | | | | |
| И-73х | 14.12.2017 | Мелис уулу Дастан | О признании первого предложения части 3 статьи 45 , второго предложения части 2 статьи 2 Уголовно - процессуального кодекса КР неконституционными и противоречащими части 5 статьи 24, части 3 статьи 40 Конституции Кыргызской Республики. | Мамыров Э.Т. | Асангожоева А.А. | Бобукеева М.Р. | 25.01.2018 | И-73х с приложением.rar | | Удалить |
| Ш-74х | 14.12.2017 | Шарипов М.А. | О признании предложения 1 части 3 статьи 45, предложения 2 части 2 статьи 2 Уголовного процессуального кодекса КР неконституционными и противоречащими части 5 статьи 24, части 3 статьи 40 Конституции Кыргызской Республики. | Мамыров Э.Т. | Асангожоева А.А. | Саалаев Ж.И. | 25.01.2018 | Ш-74х от 14.12.2017г.rar | | Удалить |
| Б-72х | 30.11.2017 | Бакай Абдыкул уулу | Ходатайство о признании статей 218 и 303 Трудового кодекса КР и Постановления Правительства КР от 24 марта 2000 г. № 158 "О перечне производств, работ, профессий и должностей с вредными и (или) опасными условиями труда, на которых запрещается применение труда женщин" неконституционными и противоречащими части 2 статьи 16, части 3 статьи 42, части 2 статьи 20 и части 1 статьи 45 Конституции КР | Мамыров Э.Т. | Мусаева Э.Н. | Касымалиев М.Ш. | 11.01.2018 | Б-72х с приложением.rar | отказ | Удалить |
| Б-71п | 27.11.2017 | Кара-Буура айыл окмоту | 2017-жылдын 18-сентябрындагы № АД 06/16 МЧ С2 жана 2017-жылдын 27-сентябрындагы № ЭД-29/12-МТ Кара-Буура айыл окмотунун жана Кара-Буура адистештирилген уроончулук чарбасынын иштер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттор коллегиясынын токтомдору конституциялык эмес деп табуу жонундоКара-Буура айыл окмотунун жаран И.Ж. Байсейитовдун отунучу | Мамыров Э.Т. | Мусаева Э.Н. | Бобукеева М.Р. | 04.01.2018 | Б-71п от 23.11.2017г. с приложением.rar | отказ | Удалить |
| | | | Ходатайство о признании статьи 376, | | | | | | | |

2017-жылы ЭДТ аркылуу конституциялык сот өндүрүшүнүн предметине айланган жана тиешелүү коллегиялар курамында Конституциялык палатанын судьялары жеке изилдеп чыккан жарандардын жана уюмдардын 75 кайрылуусу каралды.






Жарандар жана юридикалык жактар өзүнүн конституциялык укуктарын коргоо үчүн эч кандай алдын ала жол-жоболорусуз эле Конституциялык палатага тике кайрыла ала тургандыгын белгилеп кетүү керек.

Ал эми Европа Биримдигинин өлкөлөрүндө конституциялык сот өндүрүшүн козгоо талаш-тартышты чечүүнүн башка укуктук түрлөрү жарабай (жалпы юрисдикциядагы соттордун бардык инстанциялары өтүлгөн), аларды конституциялык соттон башка жерде чечүү мүмкүн эмес болгон учурда гана колдонулуучу акыркы чара болуп саналат.




## Кайрылуулардын статистикасы

Конституциялык палатанын коллегиясынын курамында судьялар караган кайрылуулар алардын субьекттерине жараша 3 түргө бөлүнөт: жеке жана юридикалык жактын өтүнүчү; Кыргыз Республикасынын судьясынын суроо-талабы жана мамлекеттик бийлик органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызмат адамынын, өкүлүнүн сунуштамасы (1-Диаграмма).

***1-диаграмма. 2017-жылы конституциялык сот өндүрүшүнүн кайрылууларынын түрлөрү жана алардын пайыздык өлчөмү***




Мурунку жылдар сыяктуу эле жарандар менен юридикалык жактарга таандык болуп киргизилген өтүнүчтөрдүн үлүшү арбын.

***1-таблица. Конституциялык палатага кайрылуулардын субъектилери***

| № | Кайрылуунун субъектиси | 2017-жыл | |
|---|---|---|---|
| | | Саны | % |
| | Жарандар | 60 | 80 |
| | Юридикалык жактар | 10 | 13,3 |
| | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | 2 | 2,7 |
| | Жогорку Кеңештин фракциялары | 2 | 2,7 |
| | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы | 1 | 1,3 |
| | Бардыгы: | 75 | 100 |

Кеңири маалымат 1-тиркемеде камтылган.

2017-жылы келип түшкөн кайрылуулардын көбү (38и, ал 50,6% ды түзөт) борбор шаар - Бишкекке таандык.

2017-жылы активдүүлүк Чүй (20, ал 26,6 %ды түзөт) жана Жалал-Абад (8, ал 10,6 %ды түзөт) областтарында, алардан кийин Ысык-Көл областы (5, ал 6,6%ды түзөт), Ош шаары (2, ал 2,6 %ды түзөт) жана Талас (1, ал 1,3%ды түзөт) областында бир аз өсүш бар (2-Диаграмма). Кыргызстандан тышкары туруп кайрылгандар да бар, маселен, Россия Федерациясынан (1, ал 1,3%ды түзөт).

*2-диаграмма. Аймактык курам*




134 адамдан 59 өтүнүч келип түштү, бул жерде жеке жана жамааттын атынан келип түшкөн арыздар катталган.

Жеке мүнөздөгү жарандардын 46 өтүнүчү бар, анын ичинен 38ин эркектер тапшырды, 8ди аял кишилер тапшырды.

Жамааттын атынан келген 13 кайрылуу бар, алар негизинен 88 кишиден келип түштү, алардын ичинен 30у – эркек, 58и – аял кишилер (3-диаграмма).

*3-диаграмма*




Юридикалык жана жеке жактардын гендердик белгиси боюнча өтүнүч менен кайрылгандардын бир аз айырма менен эркектер – 68, аял кишилер – 66ны түзөт.

Отчеттук мезгил ичинде кайрылуулардан тышкары Конституциялык палатага кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же андан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасына 12 даттануу келип түштү, алардын ичинен:

- 10 даттануу жеке жактардан;
- 1 даттануу юридикалык жактан;
- 1 даттануу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынан.

Бардык даттануулар каралды, алардын жыйынтыгы боюнча Конституциялык палата аларды канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө токтомдорду чыгарды.

## Кайрылуулардын мазмуну

Конституциялык палатага 2017-жылы келип түшкөн кайрылуулар кеңири чөлкөмдөгү маселелерге тишелүү болуучу.

75 кайрылууда 117 ченемдик укуктук актылардын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндө маселелер коюлган, алар:

- конституциялык мыйзамдар - 10;
- кодекстер - 44;
- мыйзамдар - 23;
- Жогорку Кеңештин актылары - 1;
- Убактылуу Өкмөттүн Декреттери – 1;
- Өкмөттүн токтомдору – 11;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актылары - 2;
- башка мамлекеттик органдардын актылары – 15;
- соттук актылар – 10.

Кеңири маалымат 2-тиркемеде берилген.

## Кайрылууларды кароонун жыйынтыктары

Келип түшкөн 75 кайрылуу (100%) боюнча Конституциялык палата төмөнкүдөй актыларды чыгарды:

- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө судьялар коллегиясынын 9 аныктамасын;
- кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын 68 аныктамасын;
- 2 кайрылуу арыздануучуга кайтарылды;
- 3 кайрылуу кароо стадиясында турат.

*4-диаграмма*

**Кароонун жыйынтыктары**




Конституциялык палата 2017-жылы 10 чечим, 12 токтом жана иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө 2 аныктама кабыл алды.

Конституциялык палатанын чечимдери жана токтомдору менен www.constpalata.kg расмий сайтында таанышса болот, алар мамлекеттик жана расмий тилдерде жайгаштырылган.

***Кайрылуулардын каралуусунун салыштырма таблицасы (2014-2017-жылдары)***

| | 2014-жылы | 2015-жылы | 2016-жылы | 2017-жылы |
|---|---|---|---|---|
| Кайрылуулардын бардыгы | 158 | 217 | 176 | 269 |
| КПнын судьялары караган кайрылуулар | 108 | 71 | 66 | 75 |
| КПнын аппараты караган кайрылуулар | 50 | 146 | 110 | 194 |
| Өндүрүшкө кабыл алынган кайрылуулар | 40 | 13 | 13 | 9 |
| Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган кайрылуулар | 68 | 53 | 46 | 68 |
| Чечимдер | 31 | 17 | 7 | 10 |
| Заключения | - | - | 1 | - |
| Постановления | 11 | 11 | 6 | 15* |

*3 токтом уюштуруу маселелери боюнча

## Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептери

Конституция ар кимге, эгер мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар аркылуу Конституция тааныган жарандын укуктары менен мыйзамдары бузулуп жатат деп эсептесе, Конституциялык палатага кайрылуу укугун бекитип берген.

Ошону менен бирге, Конституциялык палатага кайрылуу учурунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзам белгилеген кайрылуунун катуу эрежелерин сактоо зарыл.

Конституциялык палатага келип түшкө арыздар төмөнкүдөй баскычтардан өтөт:

1. алдын ала тартипте Конституциялык палатанын аппараты текшерет;
2. кайрылууну жогоруда аталган Мыйзамдын талаптарына туура келүүсүн текшерүү (3 судьядан турган коллегия);
3. текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча судьялар коллегиясы өндүрүшкө кабыл алуу же андан баш тартуу чечимин кабыл алат:

а) өндүрүшкө кабыл алынган учурда – конституциялык сот өндүрүш процесси башталат;

б) баш тартуу учурунда – кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасы кабыл алынат.

Талдоого алынган мезгил ичинде 68 кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган жок.

**Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептери эмнеде?**

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын конституциялык сот өндүрүшү иштеш үчүн кайрылууга койгон сакталууга милдеттүү болгон белгилүү талаптарын бекитет. Мисалы:

1. кароого караштуулугу;
2. субъектке тиешелүүлүгү;
3. кайрылуунун формасы жана мазмуну;
4. кайрылуудагы маселенин конституциялуулугу текшерилүүсү фактынын жана Конституциялык палатанын күчүндөгү актынын болбогондугу боюнча.

Көрсөтүлгөн талаптар бузулган учурда судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартышат.

Судьялар коллегиясы кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чыгарган аныктамаларынын анализи көрсөткөндөй, көбүнесе, баш тартуунун себептери кайрылуунун мазмунуна талаптардын бузулуусу болуп саналат:

- коюлган маселе боюнча кайрылуучу тараптын укуктук көз карашынын жоктугу жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасоо менен укуктук негиздемесинин мазмуну;
- Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек мыйзам, башка ченемдик укуктук акт же Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору

Конституцияга ылайык келүүсү маселеде күмөндүүлүк катары аныкталган кайрылууну кароого негиздердин болбогондугу.

Формасы менен мазмунуна коюлган талаптардын бузулуусунун негиздери боюнча 47 учурда кайрылуу кабыл алынган жок.

Конституциялык палатанын алдына коюлган кайрылуулардагы маселенин кароого караштуулугу туура эмес 7 кайрылуу кабыл алынган жок.

4 кайрылуу боюнча тиешеси жок субъект тапшыргандыгына байланыштуу судьялар коллегиясы баш тарткан, ал эми 10 кайрылуу боюнча Конституциялык палата тарабынан кайрылуулардагы маселенин конституциялуулугу текшерилген жана күчүндөгү актыларды болгондугу үчүн судьялар коллегиясы баш тарткан.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзам (28-берене) кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамасын Конституциялык палатага даттануу мүмкүнчүлүгүн карайт. 2017-жылы 12 аныктама даттанылды, бирок бири да Конституциялык палата тарабынан канааттандырылган жок.



## Улуттук илимий-практикалык конференция

Эл аралык конференциялардын ишине Конституциялык палатанын катышуусу ага конституционализмдин тереңдешине жана кийинки өнүгүүсүнө багытталган жаңы мамилелерди жана демилгелерди жайылтууга мүмкүнчүлүк түзөт.

2017-жылы эң маанилүү иш-чара GIZдин колдоосунда Конституциялык палата уюштурган «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери укуктун булагы катары» аттуу темада Улуттук конференция болуп өттү.

Иш-чара 2017-жылдын 16-июнунда болуп өттү.







Конференциянын ишине Жогорку Кеңештин депутаттары, аткаруу, соттук жана башка мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, ошондой эле илимий чөйрөнүн, эксперттик коомчулуктун, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Конференцияга катышуу үчүн Армения жана Молдовадан атайын эл аралык эксперттер чакырылган.

Иш-чаранын башкы максаты - Конституциялык палатанын чечимдеринин укуктук табияты тууралуу маселеде пикир алмашуу, а эң негизгиси, конференциянын темасы тууралуу илимдин өкүлдөрүнүн пикирин угуу болуучу.



«Конституциялык палата мыйзамдар талап кылган жалаң укук маселелерин чечүүдө жана бекитүүдө иштелип чыккан тажрыйбага таянып бүгүнкү теманы илгери жылдырды, анын аталышын тандоо да кокусунан болгон жок» – деди конференцияны ачып жатып КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Төрагасы Эркинбек Мамыров.

«Укуктун башаты сыңары болгон Конституциялык палатанын чечимдери жөнүндө айтууда мыйзамдын ордуна прецедент түзүү жөнүндө эмес, Кыргыз Республикасында конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөө жөнүндө сөз болуш керек» – деп кошумчалады.

Конференциянын ишинин алкагында эл аралык эксперттер, илимий чөйрөлөрдүн жана жогорку окуу жайлардын өкүлдөрү, ошондой эле Конституциялык палатанын судьялары тематикалык баяндамалар менен чыгып сүйлөшкөн.

Молдованын юстициясынын экс-министри Владимир Гросу өз сөзүндө белгилүү бир мамлекеттин мыйзамдары менен конституциялык контролдоо органдарынын чечимдеринин ортосунда ажырагыс байланыш бар экенин белгиледи. «Конституциялык контролдоо органы мамлекеттерде мыйзам чыгаруу же аткаруу органдары кабыл алган актылардын конституциялуулугун текшерет – башкача болушу мүмкүн эмес. Бул аксиома конституциялык контролдоо органдарынын чечимдеринин милдеттүү мүнөзүнө таянат. Албетте, конституциялык контролдоо органдарынын чечимдери укуктун башаты деп эч жерде жазылган эмес. Бирок алардын мындай эместигин билдирбейт. Молдова, Армениядагыдай эле Кыргызстанда да Конституциялык палатанын чечимдери өзүнүн белгилери менен укуктун башаты болуп эсептелет» – деп ал белгиледи.

«Укуктун тутумундагы ченем кандай гана так түзүлбөсүн, соттук түшүндүрүүнүн элементи болбой койбос. Кайсы бир ченемдик актынын конституциялуулун аныктоодо конституциялык сот ар дайым маселенин канчалык адилеттүүлүктүн талаптарына, укуктук аныктыкка, коюлган максаттын шайкештигине жана аларга жетүүнүн укуктук каражаттарына ылайык келерин карайт» – деп Армениянын Конституциялык сотунун судьясы Альвина Гюлумян белгиледи.

Конституциялык палатанын судья-катчысы Меергул Бобукеева улуттук мыйзамдардын түптөлүшүнө Конституциялык палатанын чечимдеринин таасири жөнүндө айтып жатып, алардын квазиченемдик мүнөзүн белгиледи. «Конституциялык палата-

нын чечимдеринин жыйынтыгында конституциялык эмес ченемдик укуктук актылар юридикалык күчүн жоготот, ченем жаратуучу органдын чечими сыяктуу эле убакытта, мейкиндикте жана жактардын чөлкөмүндө, ошондой эле чөйрөнүн иш-аракеттерине ээ. Бул Конституциялык палатаны өзгөчө институт, эч бир башка мамлекеттик бийликтин органдары аркылуу анын чечимдери кайра каралбашы жана Кыргыз Республикасынын аймагында аткарылууга милдеттүүлүгү чечимдердин маанилүүлүгүнүн бийиктигин белгилейт» – деп айтты судья-катчы.

Юридика илимдеринин доктору Бекбосун Борубашев Конституциялык палатанын укуктук көз караштары темасында чыгып сүйлөп жатып, Конституциялык палатанын укуктук көз караштары каралган иштин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн маанилүү укуктук идеяларды көрсөтө тургандыгын, бир жагынан Конституциялык палатанын чечимдерине укуктук башаттын ченемдик-укуктук сапаттарын тартуулап, башка жагынан бул укуктук башаттын түрүнө конституциялык-доктриналык табиятын алдын ала аныктайт деп белгиледи.

Өз кезегинде юридика илимдеринин доктору Бактыбек Рысмендеев Конституциялык палатанын бир жагынан соттук орган катары өзгөчө табиятын жана башка жагынан мамлекеттик бийликтин жогорку органы катары өзү чыгарган чечимдерине так калтырарын белгиледи. «Конституциялык палатанын чечимдери укуктун актылардын тутумунда өзгөчө орунга ээ, анткени алар укук колдонуунун, ченем бекитүүчү актынын сапаттарын айкалыштырат. Конституциялык палатанын чечимдери Конституциялык палатанын өз укуктарынын чегинде каралган иштин жыйынтыгы боюнча конституциялык-контролдук ишинин жыйынтыгын бекемдөөнүн өзүнө мүнөздүү бөтөнчүлүгүн көрсөтөт» – деп кошумчалады.




Конференциянын жүрүшүндө юридика илимдеринин доктору Алия Маралбаева Кыргызстандагы укуктук тутумду трансформациялоо мезгилинде мыйзамдуулукту бекемдөө үчүн конституциялык-аткаруу өндүрүшүнүн институтун деталдаштырууну, Конституциялык палатанын чечимдерин аткарылуусун мыйзам аркылуу мамлекеттик императивдүү чараларын бекитүү керек экендиги тууралуу оюн билдирди.

Конференцияны жыйынтыктап жатып, бардык катышуучулар конституциялык контролдоо органынын чечимдеринин укуктук жана демократиялык мамлекеттин түзүлүшүндөгү өзгөчө ролуна, жана өзүнүн юридикалык белгилери боюнча Конституциялык палатанын чечимдери укуктун башаты деген ой менен макул болушту.

Бул иш-чара Европа Биримдиги каржылаган жана Эл аралык кызматташуу боюнча Германия коому (GIZ) жүзөгө ашырып жаткан «Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү» долбоорунун колдоосу менен өткөрүлгөн.

## Эл аралык кызматташтык

Конституциялык палатанын артыкчылыкка ээ болгон ишмердиктин багыттарынын бири - жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн өңчөй органдары жана шайкеш институттары менен, ошондой эле эл аралык уюмдары менен эл аралык кызматташтык болуп саналат.

Конституциялык палатанын судьялары жана кызматкерлери чет өлкөлөрдүн конституциялык соттору, ошондой эле ассоциация, комиссия жана конференция сыяктуу ар кандай эл аралык бирикмелер уюштурган эл аралык конференцияларда, семинарларда жана окуу стажировкаларда активдүү катышышат. Мындай эл аралык иш чараларга Конституциялык палатанын өкүлдөрүнүн катышуусу конституциялык сот адилеттиги көйгөйлөрү боюнча билимдер жана тажрыйбалар менен алмашууга мүмкүнчүлүк түздү, ошондой эле чет өлкөлүк конституциялык контролдоо институттары менен кызматташууну бекемдөө үчүн өбөлгөлөрдү түздү.

2014-2016-жылдар аралыгында кызматташуу жөнүндө Меморандумдар Россия, Туркия, Молдова, Азербайжан жана Тажикистан конституциялык соттору менен түзүлгөн. 2017-жылга карата Кореянын Конституциялык соту менен кызматташтык жөнүндө Меморандум түзүү иш-чарасы мерчемделген. Кадрдык маселелерге байланыштуу, бул иш-чараны иш жүзүнө ашыруу Кореянын Конституциялык сотунун жаңы Төрагасын кызмат ордуна бекиткенден кийинкиге калтырылган.

Мындан сырткары, өткөн отчеттук мезгилде төмөнкү жумушчу жолугушуулар уюштурулду:

- 13-январда Конституциялык палатанын Төрагасы Э.Т. Мамыровдун USAID/IDLO Программасынын аймактык директору Фред Хьюстон менен жолугушуусу болду;
- 10-февралда Конституциялык палатанын Төрагасы Э.Т. Мамыров жана Төраганын орун басары К.М. Киргизбаев «Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү» Программасынын Эл аралык кызматташуу боюнча Германия коомунун делегациясы (GIZ) менен жолугушту;
- 26-июлда Конституциялык палатанын Төрагасы Э.Т. Мамыровдун Европа Биримдигинин демократия үчүн укук аркылуу (Венециялык комиссия) делегациясынын жетектеген аймактык кызматташуу бөлүмүнүн башчысы С. Кузнецов менен жолугушуусу болду;
- 14-октябрда Конституциялык палатанын Төрагасы Э.Т. Мамыровдун КРна КРнын Президентинин шайлоосунун жүрүшүнө көз салуу миссиясы менен келген ТүркПАнын делегациясы менен жолугушуусу болду;
- 2017-жылдын август, октябрь жана декабрь айларында «Кыргыз Республикасында адам укуктарын жакшыртуу үчүн конституциялык интеллектуалдык сот

тутумун түзүү» KOICA долбоорун даярдоонун алкагында Корея Республикасынын Конституциялык сотунун жумушчу тобу, Корея Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Элчиси жана КРдагы KOICA кеңсесинин жетекчиси менен жолугушуулар болду;

- 13-декабрда Конституциялык палатанын Төрагасы Э.Т. Мамыровдун Берлиндеги IRZ кеңсесинин (эл аралык кызматташуу боюнча Германия фонду) жетекчиси Ангела Шмайк менен жолугушуусу болуп өттү;
- 20-декабрда Конституциялык палатанын Төрагасы Э.Т. Мамыровдун КРдагы TICA программасынын координатору мырза Али Муслу менен жолугушуусу болуп өттү.



USAID/IDLO Программасынын аймактык директору Фред Хьюстон
менен жолугушуу (Бишкек, 2017-жылдын 13-январы)




Эл аралык кызматташуу боюнча Германия коомунун Программасынын делегациясы (GIZ) менен жолугушуу (Бишкек, 2017-жылдын 10-февралы)




Европа Биримдигинин демократия үчүн укук аркылуу (Венециялык комиссиясы) делегациясы менен жолугушуу (Бишкек, 2017-жылдын 26-июлу)



Корея Республикасынын Конституциялык сотунун МТ бөлүмүнүн директору Чой Джунсу баш болгон делегация менен жолугушуу (Бишкек, 2017-жылдын 28-августу)



Демократия үчүн укук аркылуу Европа комиссиясынын (Венециялык комиссиясы) 113-Пленардык сессиясы (Венеция, 2017-жылдын 8-9-декабры)




«Азиядагы конституционализм: кечээ, бүгүн жана эртең» аттуу Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын ассоциациясынын 2016-жылдын августунда түзүлгөн Изилдөөлөр жана өнүгүү боюнча катчылыгынын ишинин башталышына арналган Биринчи эл аралык симпозиум (Сеул, 2017-жылдын 1-2-ноябры)



Конституциялык палата менен Бишкек шаарынын ЖОЖдору ортосунда кызматташтык жөнүндө меморандумга кол коюу (Бишкек, 2017-жылдын 27-октябры)



«Конституция жана мамлекет менен коомду модернизациялоо» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция (Астана, 2017-жылдын 29-30-августу)

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы эл аралык уюмдардын мүчөсү катары

2017-жылы Конституциялык палата Бүткүл дүйнөлүк конституциялык сот адилеттиги боюнча конференциянын, жаңы демократиялуу өлкөлөрдүн конституциялык контролдоо органдарынын конференциясынын жана Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын ассоциациясынын (ААКС) толук укуктуу мүчөсү катарында кызматташтыгын улантты. Аталган уюмдардын толук укуктуу мүчөсү деген макам Конституциялык палатага башка өлкө-мүчөлөрүнүн конституциялык контролдоо органдары менен кеңири бирдикте иш алып барууга, конституциялык сот адилеттигин жөнөтүү боюнча иш тажрыйбасы жана билим менен алмашууга, жана адам менен жарандын фундаменталдык укуктары жана эркиндигин коргоого өбөлгө түзөт.




Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын ассоциациясынын отуруму (Соло-Индонезия, 2017-жылдын 7-11-августу)

Азиянын конституциялык юстиция органдарынын аймактык форуму катары ААКСтын күн санап өсүүдөгү ролун өзгөчө белгилеп кетүү керек. Бул уюм менен кызматташтыктын алкагында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Төрагасынын орун басары К.М. Киргизбаевдин жетекчилигинде жана Конституциялык палатанын Аппарат жетекчиси М.Т. Джаманкуловдон турган делегация 2017-жылдын 7-11-августунда Соло шаарында (Индонезия) өткөн Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын ассоциациясынын мүчөлөрүнүн кезектеги отурумуна жана «Конституциялык сот плюралисттик коомдо демократиянын жана идеологиянын коргоочусу» темасындагы Эл аралык симпозиумуна катышышты. Эл аралык симпозиумга 20 өлкөнүн конституциялык сотторунун делегациялары катышты. Симпозиумдун ишинин жүрүшүндө Конституциялык палатанын Төрагасынын орун басары К.М. Киргизбаев «Жогорку соттун Конституциялык палатасы Кыргыз Республикасындагы демократиянын жана плюрализмдин коргоочусу» деген темада баяндама менен чыгып сүйлөдү.

Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын Ассоциациясынын отурумунун жүрүшүндө 2017-2018-жылдарга карата анын Президенттигине Малайзиянын Конституциялык сотунун Төрагасы шайланды. Кийинки ААКСтын прези-

денттик эстафетасы Казахстан Республикасына, анан Монголияга, андан соң Таиландга өткөрүлүп берилмекчи.

Кыргыз делегациясынын иш-сапарынын алкагында Индонезия Конституциялык сотунун Төрагасы мырза Ариф Хидаят менен эки тараптуу жолугушуу болуп, анын жүрүшүндө Конституциялык палатанын Төрагасынын орун басары К.М. Киргизбаев ага иш-чаранын жогорку деңгээлде уюштурулганын белгилеп, жылуу кабыл алуусуна ыраазычылыгын билдирди.

2017-жылдын 1-2-ноябрларында Сеул шаарында (Корея Республикасы) «Азиядагы конституционализм: кечээ, бүгүн жана эртең» аттуу биринчи Эл аралык симпозиум болуп өттү, ал 2016-жылы уюштурулган Азия конституциялык сотторунун жана ага шайкеш институттарынын ассоциациясынын Изилдөөлөр жана өнүгүү боюнча туруктуу катчылыгынын иштеп баштоосуна арналган.

Симпозиумду Корея Республикасынын Конституциялык соту уюштурган. Туруктуу катчылыктын ишмерлигин Корея Республикасынын Конституциялык соту каржылайт.

Симпозиумдун ишине Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын Президенти, Афганистан, Индонезия, Казакстан, Малайзия, Монголия, Мьянма, Корея, Россия, Тажикистан, Таиланд, Туркия, Өзбекстан конституциялык контролдоо органдарынын, ошондой эле Адам укуктары боюнча Африка сотунун өкүлдөрү катышты. Бул симпозиумда Кыргызстандын делегациясынын атынан Конституциялык палатанын Төрагасы Эркинбек Мамыров болду.

Симпозиумдун төрт сессиясында заманбап конституциялык өнүгүүнүн кийинки көйгөйлүү маселелери талкууланды: «Конституциялык юстициянын ар түрдүүлүгү: Ассоциация мүчөлөрүнүн арасындагы айырмачылыктар», «Конституциялык контролдоо аркылуу адамдын пайдубал укуктарын коргоо жана жылдыруу», «Адам укуктары жөнүндө эл аралык ченемдер жана конституциялык юстиция: окшоштуктар жана өзгөчөлүктөр», «Конституциялык соттор жана шайкеш институттар ортосунда кызматташуунун жана иштешүүнүн зарылчылыгы».

Иш-чаранын жүрүшүндө Конституциялык палатанын Төрагасы «Конституциялык сот адилеттиги аркылуу адамдын, жарандын негизги укуктарын коргоо жана колдоо: Кыргыз Республикасынын тажрыйбасы» деген темасында баяндама менен чыгып сүйлөдү.

2017-жылы Сеул шаарында (Корея Республикасы) жайгашкан ААКСтын Изилдөөлөр жана өнүгүү боюнча туруктуу катчылыгынын ишинин алкагында анын мындан аркы изилдөө иш-чараларына консультация жана эксперттик көмөк берүүдө судья катары Конституциялык палатанын судья-катчысы М.Р. Бобукеева көрсөтүлдү.

Ошондой эле Европа Биримдигинин Венециялык комиссиясы менен кызматташтыктын жогорку деңгээлин белгилей кетүү керек. Венециялык комиссиянын консультативдик-эксперттик жардамы жана сунуштары Кыргыз Республикасында укуктук мамлекетти жана конституционализмдин өнүгүшүн алга жылдырууда практикалык колдонуусун табууда. Конституциялык палатанын чечимдери Венеция комиссиясы чыгарган Венеция комиссиясынын мүчөлөрүнүн-конституциялык сотторунун маанилүү чечимдеринин жыйыны болгон конституциялык сот адилеттигинин Бюллетенине жана CODICES электрондук маалыматтар базасына жайгаштырылат.

Мындан сырткары, азыркы тапта Венециялык комиссиянын ишинин алкагында Конституциялык палатанын аппаратынын кызматкерлеринен ичинен 2017-жылы көрсөтүлгөн эки байланыш офицери иш алып барышат.

# ЭЛ АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯЛАР

Отчеттук мезгилде Конституциялык палатанын өкүлдөрү бир катар эл аралык конференциялардын ишине катышышты.

2017-жылдын 2-3-мартында судья Э. Осконбаев «Европадагы конституциялык контролдоонун эволюциясы: сабактар жана жаңы чакырыктар» аттуу Кишинев шаарында (Молдова) өткөн Эл аралык конференцияга катышты.

2017-жылдын 25-28-апрелинде Конституциялык палатанын Төрагасы Эркинбек Мамыров «Конституциялык соттор негизги укуктардын коргоочусу» аттуу Туркиянын Конституциялык сотунун 55 жылдыгына арналган Эл аралык конференциянын ишине катышты.




2017-жылдын 16-20-майларында Конституциялык палатанын Төрагасы Эркинбек Мамыров Санкт-Петербург шаарында (Россия) өткөн «Конституциялык сот адилеттиги: доктрина жана практика» аттуу Эл аралык конференцияга жана VII-Петербургдук эл аралык юридикалык форумдун ишине катышты.



2017-жылдын 7-11-августунда Төраганын орун басары К.М. Киргизбаев Соло шаарында (Индонезия) өткөн Азия конституциялык сотторунун жана эквиваленттүү институттарынын Ассоциациясынын (ААКС) мүчөлөрүнүн Биримдигинин отурумуна, ААКС-

тын башкы катчыларынын отурумуна жана «Конституциялык сот плюралисттик коомдо демократиянын жана идеалогиянын коргоочусу» темасындагы Эл аралык симпозиумуна катышты.




2017-жылдын 29-30-августунда Конституциялык палатанын Төрагасы Эркинбек Мамыров Астана шаарында өткөн Казахстан Республикасынын Конституциясынын күнүнө арналган «Конституция жана мамлекет менен коомду модернизациялоо» аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышты.




2017-жылдын 11-13-сентябрында Конституциялык палатанын Төрагасы Эркинбек Мамыров жана судья-катчы Меергул Бобукеева «Азыркы замандагы конституциялык сот адилеттиги жана укуктун үстөмдүгү» темасында Вильнюста өткөн Бүткүл дүйнөлүк конференциянын IV-конгрессинин ишине катышышты.



2017-жылдын 19-20-октябрында «Конституциялык конфликтерди жеңүүдө конституциялык соттордун ролу» темасында XXII Еревандык Эл аралык конференциясы болуп өттү. Конференцияга жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн конституциялык контролдоо органдарынын өкүлдөрү катышышты. Бул иш-чарада Конституциялык палатанын судьялары Чолпон Осмонова жана Айсалкын Нарынбекова катышты.



2017-жылдын 8-15-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары К.А. Абдиев жана Ч.А. Айдарбекова Индиянын Конституциясынын 51-беренесине арналган «Балдар үчүн Дүйнөлүк укукту жана натыйжалуу глобалдуу башкаруу аркылуу дүйнөнү бириктирүү» темасында Дүйнөлүк Жогорку соттордун 18-конференциясына катышышты.




2017-жылдын 30-октябрынан 2-ноябрына чейин Конституциялык палатанын Төрагасы Эркинбек Мамыров «Азиядагы конституционализм: өткөн чак, учур чак жана келечек» деген темадагы Эл аралык симпозиумга катышты.



2017-жылдын 30-ноябрынан 1-декабрына чейин судья Саалаев Ж.И. Ташкент шаарында (Өзбекстан) өткөн «Конституциянын укуктук демократиялык мамлекетти куруудагы мааниси жана ролу» деген темадагы Эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышты.






# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ИШИНИН АЧЫКТЫГЫ ЖАНА АЙКЫНДУУЛУГУ

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук көз караштарынын сереби

Конституциялык палата мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актынын конституциялык принциптерин интерпретация кылып же конституциялык-укуктук маанисин аныктап, өзүнүн чечимдеринде укуктук көз караштарды калыптандырат. Мында, туюндурулган укуктук көз караштар Конституциялык палатада кароонун предмети болгон конкреттүү учурга гана эмес, бардык өңчөй кырдаалдарга жайылтылат, кийин жагында бул укуктун ар кандай маселелери боюнча Конституциялык палатанын көз караштарын түзүп калат. Чыгарылган чечимдердин саны жана ага ылайык аларда туюндурулган укуктук көз караштарды да саны өскөн сайын Конституциялык палатанын укуктук көз караштар базасын түзүү зарылдыгы келип чыгууда. Мындай жумуштун жыйынтыктары конкреттүү иштерди кароодо ориентир болуп чыгат да, укуктун өңчөй маселелери боюнча укуктук көз караштар кагылыштарын болтурбайт. Ошентип, Конституциялык палатанын укуктук көз караштар базасынын болуусу Конституциялык сот өндүрүшүнүн максаттарына жана милдеттерине жетишүү канчалык натыйжалуу жана сапаттуу болуп жатканын белгилесе болот жана конституциялык сот адилеттигин жүзөгө ашырууда натыйжалуулуктун көрсөткүчү болуп саналат.

Конституциялык палата тарабынан Кыргыз Республикасында соттук конституциялык контролдоо органынын тарыхында биринчи жолу болуп анын чечимдеринде баян-

далган укуктук көз караштарды калыптандыруу боюнча аракет жасалган. Буш иштин жыйынтыгы 2013-2017-жылдарды камтыган Конституциялык палатанын укуктук көз караштар базасын түзүү саналат. Ошентип, укуктук көз караштар адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктеринин классификациясына ылайык Конституциялдык палатанын тийиштүү чечимдерине шилтеме жасоо менен бөлүштүрүлгөн. Конституциялык палатанын 2017-жылга карата укуктук көз караштары жөнүндө кеңири маалымат ушул Докладдын 4-тиркемесинде.

## Жарчы

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Жарчысы Конституциялык палатанын расмий басылмасы болуп саналат. Жарчы Конституциялык палата кабыл алган чечимдери тууралуу коомчулукту кеңири маалымдоо максатында чыгарылат. Конституциялык палатанын чечимдеринин расмий басылмада милдеттүү түрдө жарыялануусу тууралуу талап «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамда бекитилген (52-берене). Конституциялык палата 2017-жылы Конституциялык палатанын Жарчысынын кезектеги VI чыгарылышын чыгарды, анда Конституциялык палатанын 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгында кабыл алынган чечимдер жарыяланган (7 чечим). Конституциялык палатанын Жарчысы Европа Биримдиги каржылаган жана Эл аралык кызматташуу боюнча Германия коому жүзөгө ашырган «Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү» долбоорунун колдоосу менен (GIZ) 500 нускада жарыяланган. Жарчы мамлекеттик жана расмий тилдерде басылат. Кыргыз Республикасынын судьялары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары, жождору, Адвокатурасы, бардык областтык китепканалар, судьяларды окутуучу борборлору, адвокаттар, прокурорлор жана башкалар Жарчыны алышат.

Азыркы учурда белгиленген Конституциялык палатанын расмий басылмасынын VII чыгарылышы жарыяланды.



## Ведомстволук сайт

2017-жылы Конституциялык палата өзүнүн расмий сайтын www.constpalata.kg модернизациялады, маалыматты жаңыртуу жана өз ишин чагылдыруу боюнча үзгүлтүксүз иш алып барат.

1. Төмөнкүдөй жаңы бөлүмдөр киргизилди:
   - «Конституциялык мыйзамдуулукту камсыздоо», анда ар бир жылдын жыйынтыгы боюнча конституциялык мыйзамдуулуктун абалы тууралуу маалымат жана чечимдердин аткарылуусунун жаңыртылып турган сереби жарыяланып турат;
   - «Жарчы», анда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатанын Жарчысынын» расмий басылмаларынын бардык чыгарылышы жайгаштырылган (2013-2017-жж. I-VI чыгарылышы);
   - «Жылдык доклад», анда Конституциялык палатанын 2013-2014-жж., 2015-ж., 2016-ж. докладдары жайгаштырылган.
2. «Ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери», «Аппарат», «Жыйналыштагы жүрүм-турум эрежелери» бөлүмдөрүндө, ченемдик жана башка тийиштүү укуктук актылары PDF форматына которулду. Ошондой эле пайдалануучуларга ошол укуктук актыларды жүктөп алууга мүмкүнчүлүк берилген.
3. «Байланыш маалыматы» бөлүмүндө, Конституциялык палатанын Аппаратынын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн башчыларынын байланыш маалыматы көрсөтүлгөн.



# КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ

## «Конституциялык сот адилеттүүлүгү адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо каражаты катары» темасындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Республикалык конкурсу

2017-жылдын 14-мартынан 21-апрелине чейин Конституциялык палата Кыргыз Республикасында соттук тутумду бекемдөө боюнча USAID жана IDLO программасынын колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Конституция күнүнө арналган «Конституциялык сот адилеттүүлүгү адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо каражаты катары» темасында студенттер арасында конкурс жарыялаган.

Конкурс адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо ишинде конституциялык сот адилеттигинин ролун жана маанисин ачуучу эң жакшы эссе жана видеороликтерди аныктоо максатында өткөрүлгөн.



Конкурстун жыйынтыктары 2017-жылдын 4-майында борбордук ЖОЖдордун студенттери үчүн Ачык эшиктер күнү чыгарылган.

Конкурска республиканын 12 жогорку окуу жайларынын ар кандай адистиктеги 65 студенти катышты.

Конкурстун жыйынтыктары боюнча биринчи орунду Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенти Канатбек Сапаров алды. Экинчи орунду К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардын университетинин студенти Фаиза Кыдырбаева алды. Үчүнчү орунга Б. Ельцин атындагы КОСУнун студенти Аксана Аскарбаева ээ болду. Жеңүүчүлөргө дипломдор жана баалуу белектер тапшырылды.

Андан тышкары, конкурстук комиссия тарабынан КМЮАнын студенти Жибек Аскарова жана Э. Алиев атындагы ИИМ Академиясынын студенти Бегаим Айдакееванын иштери белгиленген, алар Конституциялык палатанын грамотасы менен сыйланышты.

Финалисттердин бардык материалдары, ошондой эле башка өзгөчөлөнгөн иштер Конституциялык палатанын сайтында жарыяланган.



## Конституциялык палатанын судьяларынын жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуган меймандык лекциялары

Конституциялык палатанын судьялары салтка айланткан Кыргыз Республикасынын Конституция күнүнө арнап студенттер үчүн мейман лекцияларын өткөрүшөт.

Лекцияларда судьялар Конституциянын тарыхы жөнүндө жана анын мамлекеттин, коомдун жана инсандын жашоосундагы мааниси жөнүндө айтып беришет. Ошондой эле студенттерге Конституциянын үстөмдүгүн жана адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу боюнча орган катары Конституциялык палатанын ролу жана функциялары жөнүндө айтып беришет.



2017-жылы Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын, Тышкы иштер министрлигинин К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Кыргыз-Орус Славян университетинин студенттери үчүн мейман лекциялар өткөрүлдү.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Ачык эшиктер күнү

Конституциялык палата 2017-жылдын 4-майында Кыргыз Республикасынын Конституция күнүнө арналган Ачык эшиктер күнүн уюштурган, ошондой эле отчеттук жылда Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайлардын юридикалык факультеттеринин 35 студенти үчүн Ачык эшиктер күнү өткөрүлдү. Студенттер менен кезигишүү маалында Конституциялык палатанын судьялары жана аппараттын кызматкерлери Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуу, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча иши жөнүндө айтып беришти.

Студенттердин арасында «Конституциялык сот адилеттиги адам жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо каражаты катары» темасында республикалык конкурс өткөрүлдү. Конкурска 12 жогорку окуу жайлардан ар кандай адистик боюнча 65 студент катышты. Жыйынтыгында 1-3-орундарды ээлеген студенттер баалуу сыйлыктар жана дипломдор менен сыйланышты. Мындан тышкары конкурстук комиссия тарабынан дагы эки студенттин иши бааланып, алар Конституциялык палатанын грамотасы жана промо продукциялары менен сыйланышты.

Конкурс Кыргыз Республикасында соттук тутумду бекемдөө боюнча USAID жана IDLO программасынын колдоосу менен өткөрүлдү.



## «Moot court» - «Адилет-2017»

2017-жылдын 1-июлунда Борбордук Азиядагы Америка университетинде «Адилет-2017» конституциялык сот адилеттиги боюнча биринчи республикалык окуу соту болуп өттү. Окуу соту «Moot court» конституциялык соттук процесс оюн формасында өткөрүлдү, ал чет өлкөдө юристтерди практикалык даярдоонун эң кеңири жайылтылган жана ийгиликтүү усулдардын бири болуп саналат, ал өзүнө талкуу элементтерди камтыган соттук процессти оюн формасында чагылдырат.




Иш-чаранын негизги максаты - конституционализмдин, укуктук малекеттин жана Кыргызстандагы укуктун үстөмдүгү принциптерин бекитүү жана популяризациялоодо камтылат. Бул конкурс юрист-студенттер үчүн өзүлөрүнүн теориялык билимдерин колдонуунун, тажрыйбалык көнүмдөрдү алуу жана конституциялык сот өндүрүшү жаатындагы билимдеринин деңгээлин жогорулатуунун чыныгы мүмкүнчүлүгү болду.




Ошентип, конкурска 6 жогорку окуу жайдан курамында 2 студенттен болгон 14 команда катышты. Алдын ала берилген иштин фабуласы боюнча 7 команда конституциялык сот өндүрүшүндөгү кайрылуучу тараптын, 7 команда жоопкер-тараптын өкүлү

болушту. Ооз эки сүйлөөнүн убагында студенттер чечендик өнөрлөрүн, укук жаатындагы билимдерин, фактыларды колдонуу жөндөмдүүлүгүн көрсөтүштү. Катышуучулардын сүйлөгөн сөздөрүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялары жана анын аппаратынын кызматкерлери баалашты.

Конкурстун жыйынтыктары боюнча 1-орунду Борбордук Азиядагы Америка университетинин командасы, 2-орунду Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук Университетинин юридикалык факультетинин командасы алды. Командалар баалуу белектер менен, ал эми жеңүүчүлөр «Адилет» атайын кубогу менен сыйланышты.






Конкурстун жеңүүчүлөрү баалуу белектер жана «Адилет» атайын кубогу менен сыйланышты.

Бул иш-чараны Борбордук Азиядагы Америка университетинин юридикалык факультети, Конституциялык палата жана Кыргыз Республикасында соттук тутумду бекемдөө боюнча USAID/IDLO программасы менен өнөктөштүктө өткөргөн.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын конституционализм мектептери

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы коомдун ар кандай топотору үчүн жыл сайын өтүүчү жайкы конституционализм мектептерин өткөрүү салтын улантуу менен, 2017-жылдын 14-15-июлдарында «Сорос-Кыргызстан» Фондунун жардамы менен адвокаттар, өкмөттүк эмес уюмдар жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү үчүн конституционализм мектептерин өткөрдү.

Конституционализм мектептери катышуучулардын Конституциялык палатанын иши тууралуу билимин жогорулатуу, аларга кайрылуу берүүнүн тартиби жана конституциялык сот өндүрүшүнө катышуу жөнүндө түшүндүрүү максатында, ошондой эле Конституциялык палатанын ишин ЖМК чагылдырууну жакшыртуу максатында өткөрүлдү.

Конституциялык палатанын төрагасынын орун басары Куанбек Киргизбаев, Жайкы мектепти ачып жатып, «Биздин иш чара адвокаттардын жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн ишинин Конституциялык палатага сапаттуу кайрылууларды түзүү жана андан аркы конституциялык сот өндүрүшүндө катышуу жагында, ошондой эле журналисттердин Конституциялык палатанын чечимдери жөнүндө коомчулукка маалымдоо боюнча ишин жакшыртууга көмөк кылат деп терең ишенем» деп айткан.

Жайкы мектептин негизги лекторлору Конституциялык палатанын судьялары болушту, алар катышуучуларга Конституциялык палатанын мамлекеттик органдардын тутумундагы ролу жана орду, анын функциялары жана милдеттери, конституциялык сот өндүрүшүнүн стадиялары жана Конституциялык палатада иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып беришти. Журналисттерге башка мамлекеттердеги конституциялык соттордун ишин чагылдыруу жана бул маселе боюнча Кыргызстандын тажрыйбасы, ошондой эле Конституциялык палатанын сот отурумдарында жалпыга маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнүн катышуусунун жол-жоболору жөнүндө маалымат берилди.



Мектептин эксперттери катары юридикалык илимдердин кандидаты, КРСУнун доценти Алия Маралбаева жана белгилүү журналист Азамат Тынаев чакырылышкан.

Иш чаранын тажрыйбалык бөлүгү өтүп жаткан учурда адвокаттар жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү кайсы бир мыйзамды Конституцияга карама-каршы келет

деп таануу жөнүндө Конституциялык палатага кайрылууну түзүү боюнча көнүмдөрдү ала, ал эми журналисттер өз кезегинде Конституциялык палата кабыл алган чечимдердин негизинде маалыматтык материалдарды жазуу боюнча көнүмдөрдү алышты.

Ошондой эле, Конституционализмдин жайкы мектебинин жүрүшүндө катышуучулар ар кандай темалардагы дискуссияларга активдүү катышуу менен Конституциялык палатанын жана башка соттордун ишине, ошондой эле Кыргызстандын сот тутумунда өткөрүлүп жаткан реформаларга тиешелүү суроолорго жооп ала алышты.



Конституциялык палата 2017-жылдын 17-18-июндарында ченем чыгаруучу жана башка мамлекеттик органдар үчүн конституционализмдин Жайкы мектебин өткөрдү.




2017-жылдын апрель айында Конституциялык палата «Адилет» укуктук клиникасы» коомдук фонду менен бирге Бишкек шаары жана Чүй областынын жергиликтүү сотторунун судьялары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери үчүн семинар уюштурду. Бул иш чарада 45 окуучу катышты.

Андан тышкары, 2017-жылдын декабрь айында Бишкек шаары жана Чүй областынын судьялары үчүн «Конституциялык палатанын чечими укуктун булагы катары» темада маалыматтык семинар өткөрүлдү.

Бул семинар жергиликтүү соттордун судьялары үчүн Конституциялык палатанын чечимдеринин ченемдүүлүгү, милдеттүүлүгү жана акыркы экендиги жөнүндө түшүндүрүү максатында өткөрүлдү. Конституциялык палатанын судьялары катышуучуларга Конституциялык палатанын сот тутумундагы ролу жана орду, анын актыларынын түрлөрү, конкреттүү ишти чечүү процессинде колдонула турган мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын конституциялуулунда күмөндүүлүк бар болгон учурда конституциялуулугу жөнүндө суроо-талап менен судьялардын Конституциялык палатага кайрылуусунун өзгөчөлүктөрү, ошондой эле Конституциялык палатанын чечимдериндеги укуктук көз караштар жана аларды жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан колдонуу жөнүндө айтып беришти.



# НАТЫЙЖАЛУУ ЖАНА ЖЕТКИЛИКТҮҮ КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТ АДИЛЕТТИГИ

## Конституциялык палатанын Аппаратынын корреспонденциясы

Конституциялык палатанын дарегине төмөнкүдөй кайрылуулар келип түшөт:

- судьялардын изилдөөсүн талап кылган;
- судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган.

Судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган кайрылуулар Конституциялык палатанын Аппараты тарабынан каралат жана «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында чечилет.

Ошентип, 2017-жылы жарандардан жана юридикалык жактардан судьялардын изилдөөсүн талап кылбаган 212 кайрылуу келип түшкөн.



**Аппараттын кызматкерлери Конституциялык палатанын судьяларынын ишмердүүлүгүн камсыздашат**

## Конституциялык палатанын потенциалын жогорулатуу

- Конституциялык палатанын Аппаратынын ишинин натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн анын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу, анын ичинде чет өлкөдө тажрыйба алмашуу үчүн тиешелүү шарттар түзүлөт.
- Конституциялык палатанын Төрагасынын 2017-жылдын 8-февралындагы №03-ни буйругуна ылайык Аппараттын кызматкерлеринин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо максатында 2017-жылдын март айында Аппараттын кызматкерлери «Кыргызтест» тутуму боюнча алдын-ала компьютердик тесттен өтүштү. Кыргыз тилин билүү деңгээли А1 жана А2, В1 жана В2, С1 жана С2 категориялары боюнча аныкталган, тест өзү лексика-грамматикалык, окуу, аудиоугуу, кат жазуу жана сүйлөө субтесттеринен турган. Тестирлөөнүн жыйынтыгы Аппараттын кызматкерлеринин көпчүлүгү кыргыз тилин «В2» деңгээлинде биле тургандыгын көрсөттүү.




Бул маселени улай Персоналды башкаруу жана документациялык камсыз кылуу бөлүмүнүн улук консультанты Айдар Олжобаев Аппараттын кызматкерлери үчүн кыргыз тил сабагын өткөрүүдө.

2017-жылдын сентябрь айында Эксперттик-аналитикалык бөлүмдүн улук консультанты Максат Толобалдиев жана Маалымат технологиялар секторунун консультанты Улан Абылабеков КР Финансы министрлигинин Окуу борборунда мамлекеттик сатып алуулар боюнча курстан өтүшүп, тиешелүү сертификаттарды алышты.

Конституциялык палатанын пресс-катчысынын милдетин аткаруучу Назгуль Нурбекова 2017-жылдын октябрь айында Жогорку сот уюштурган сот органдардын ЖМК менен өз ара иштешүү боюнча семинарына катышып келди. Германия жана Франциядан келген эксперттер өз өлкөлөрүнүн бул маселедеги тажрыйбасы тууралуу айтып беришти.



Сот органдардын жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара иштешүү боюнча семинар (2017-жылдын 3-октябры, Бишкек шаары)

2017-жылдын ноябрь айында Аппараттын кызматкерлери эл аралык иш-чараларды өткөрүүдө протоколдун негиздери тууралуу курсту угушту. Мында лектор катары Тышкы иштер министрлигинин Мамлекеттик протокол департаментинин жумушчу иш-сапарлар бөлүмүнүн башчысы Р. Кошонов сүйлөдү.

Конституциялык палатанын пресс-катчысы Назгуль Нурбекова жана Жогорку соттун, Нарын жана Жалал-Абад областтык сотторунун пресс-кызматтарынын өкүлдөрү, Кыргызстандын бир катар ЖМК журналисттери 2017-жылдын 2-июлунан баштап 7-июлуна чейин Германия Федеративдик Республикасына таанышуу сапары менен барып келишти.

Бул иш чара Европа Биримдиги каржылаган жана Эл аралык кызматташуу боюнча Германия коому (GIZ) жүзөгө ашырып жаткан «Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү» долбоорунун колдоосу менен уюштурулган.

Катышуучулар сапардын алкагында «Германия укугунун резиденциясы» болуп эсептелген Карлсруэ шаарында жайгашкан Федералдык Конституциялык сот, Федералдык Жогорку сот, Федералдык Башкы прокуратура, Жогорку жер соту, Баден-Вюртемберг жеринин Жер соту сыяктуу органдардын МКК менен кызматташуу боюнча иш тажрыйбасы менен таанышышты.

Ошентип, немис кесиптештер мамлекеттин жалпы сот тутуму тууралуу, аталган органдардын ролу жана функциялары, соттун ишин чагылдыруунун өзгөчөлүктөрү жана журналисттер менен өз ара аракеттешүүнүн негизги формалары тууралуу айтып беришти. Германиянын жалпы юрисдикциядагы сотторунда ЖМК менен кызматташуу боюнча функция ошол соттордун бир судьясына жүктөлө турганын белгилей кетүү керек. Германиянын өкүлдөрү белгилеп кеткендей, акыркы убакытта соттордо өз алдынча басма сөз кызматтарын түзүү маселеси активдүү талкууланууда.

Германияда соттордун ишин активдүү чагылдыруучу соттук журналисттердин бир түшүнүктөгү тобу иш алып бараарын белгилей кетүү керек. Укуктук маселелерде адистештирилген журналисттер жогорку сот органдары жана бири бири менен тыгыз кызматташат, зарыл болгондо «Justizpressekonferenz» (Федералдык Конституциялык сот, Федералдык Жогорку сот, Федералдык Башкы прокуратуранын ишин чагылдыр-

ган журналисттердин көз карандысыз консорциумунун демилгеси боюнча өз алдынча өткөрүлө турган иш чара) уюштурушат.

Ошондой эле, таанышуу иш-сапарынын жүрүшүндө катышуучуларда Германиянын эң ири федералдык телеканалдарынын бири ZDF (Zweites Deutsches Fernsehen) баруу мүмкүнчүлүгү болду, ал жерде немис журналисттеринин сот органдарынын басма сөз кызматтары менен өз ара аракеттешүү боюнча иши жөнүндө жана Германиядагы соттук процесстерди чагылдыруунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат келтирилди.

Сапардын программасы боюнча маанилүү иш чаралардын бири Адам укуктары боюнча Европа сотуна жана Франциянын Страсбург шаарында жайгашкан Европа парламентине баруу болду, ал жерде Кыргызстандан барган делегация Европарламенттин депутаттарынын отурумуна көз салуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.



Германия Федеративдик Республикасынын Федералдык Конституциялык сотуна таанышуу сапар (2017-жылдын 2-7-июлу, Карлсруэ шаары, Германия)

2017-жылдын 17-сентябрынан 23-сентябрына чейин маалыматтык-коммуникациялык технологиялар боюнча окуу курсуна катышуу максатында Конституциялык палатанын Аппаратынын кызматкерлери У. Абылабеков жана М. Толобалдиев Сеул шаарына (Корея Республикасы) иш-сапар менен барышты.

Окуу курсу Корея Республикасынын маалыматтык технологияларды өнүктүрүү боюнча Улуттук агенттиги (NIPA) тарабынан Корея Республикасынын Илим жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар министрлиги жана Конституциялык соту менен биргеликте Азия жана Африка мамлекеттеринин конституциялык сотторунун IT адистери үчүн уюштурулган.

Иш чаранын жүрүшүндө Конституциялык палатанын өкүлдөрү Корея Республикасынын Конституциялык сотуна барышты жана соттун жалпы иши, соттук залдардын электрондук жабдуулар менен жабдылышы, электрондук сот өндүрүшү тутуму, электрондук китепкана, ошондой эле соттогу маалыматтык коопсуздук тутуму менен таанышышты.

Окуу курстун жыйынтыктары боюнча катышуучуларга сертификаттар тапшырылды.




Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар боюнча окуу курс (Сеул шаары, Корея)

Андан тышкары, Конституциялык палатанын Аппаратынын кызматкерлери эксперттик-аналитикалык бөлүмдүн башчысы - К. Алыбаев жана чечимдердин аткарылуусунун анализи жана мыйзамдарды систематизациялоо бөлүмүнүн улук консультанты - У. Нурматов Азия конституциялык соттордун жана ага шайкеш институттардын Ассоциациясынын 5-жайкы мектебинин ишине катышышты.

Жайкы мектеп Азия конституциялык соттордун жана ага шайкеш институттардын Ассоциациясынын Туруктуу катчылыгынын ишмерлиги алкагында кесиптик даярдоону өнүктүрүү боюнча жана адамдык ресурстардын Борборунун функциясын аткарган Турция Республикасынын Конституциялык соту тарабынан уюштурулду.

Иш чара 17-сентябрдан 24-сентябрга чейин Анкара жана Стамбул шаарларында өткөн.

Жайкы мектептин катышуучулары өзүлөрүнүн мамлекеттериндеги миграция жана качкындар маселелерин мыйзамдык жөнгө салууну, ошондой эле бул маселе боюнча конституциялык контролдоо органдарынын тажрыйбасын талкуулашты.

Кыргызстан 2015-жылы Азия конституциялык соттордун жана ага шайкеш институттардын Ассоциациясынын мүчөсү болгонун белгилей кетүү керек.



Азия конституциялык соттордун жана ага шайкеш институттардын Ассоциациясынын
5-жайкы мектеби (Анкара шаары, Түркия Республикасы)

Ошондой эле, 2017-жылдын 13-ноябрынан 17-ноябрына чейин Джакарта шаарында (Индонезия) Индонезия Республикасынын Конституциялык соту уюштурган «Конституциялык соттордун плюралисттик коомдогу идиологияны жана демократияны ишке ашыруудагы ролу» деп аталган эл аралык кыскача курс өттү.

Иш чарада Афганистан, Казакстан, Камбоджия, Кыргызстан, Малайзия, Монголия, Мьянма, Таиланд, Туркия жана Түштүк Кореянын конституциялык контролдоо органдарынын өкүлдөрү катышышты. Бул иш чарада Кыргызстандын өкүлү Конституциялык палатанын Аппаратынын сот отурумдарын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Назгуль Нурбекова болду.

Эл аралык курстун жүрүшүндө катышуучулар көп маданияттуу плюралисттик коомдун алдында турган маселелердин фонунда мамлекеттик идеологияны жана демократиялык баалуулуктарды камсыз кылуудагы конституциялык соттордун жана башка ага шайкеш институттардын ролун талкуулашты. Өз кезегинде, Н. Нурбекова «Унитардык мамлекетте көп түрдүүлүктү колдоо: Кыргызстандын тажрыйбасы» темасында баяндама жасаган.

Андан тышкары, иш чаранын катышуучуларына плюралисттик жана адилеттүү коомду куруунун индонезиялык моделинин негизинде жаткан беш принциптен турган «Панча сила» аттуу Индонезиянын мамлекеттик идеологиясы жөнүндө маалымат берилди.

Ошондой эле, курстун жүрүшүндө Азия конституциялык соттордун жана ага шайкеш институттардын Ассоциациясынын алкагында байланыш офицерлердин жумушчу жолугушуусу болуп өттү, анда бул Ассоциациянын катышуучулары болгон мамлекеттердин арасындагы кызматташуунун уюштуруучулук маселелери каралды.




«Конституциялык соттордун плюралисттик коомдогу идиологияны жана демократияны ишке ашыруудагы ролу» темадагы Эл аралык кыскача курс (Джакарта шаары, Индонезия)

## 1-ТИРКЕМЕ

# 2017-жылдын 31-декабрындагы абалга карата кайрылуулар (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап) жана СКАга даттануулар менен иштөө абалы тууралуу маалымат

| № К/н | Кайрылуунун формасы | Кайрылунун субъектилери | Кайрылуулардын саны | Кароо стадиясында турат (30 ж.к.) | Кайтарылды | Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | КР ЖС КП актыларына түшүндүрмө берилди | 7си өндүрүшкө кабыл алынган, алардын ичинен: Кабыл алынган чечимдер, корутундулар | 7си өндүрүшкө кабыл алынган, алардын ичинен: Өндүрүштө турат (5 ай.) | 7си өндүрүшкө кабыл алынган, алардын ичинен: Кыскартылды | 7си өндүрүшкө кабыл алынган, алардын ичинен: Токтото турулду | 7си өндүрүшкө кабыл алынган, алардын ичинен: Кароосуз калтырылды | анын ичинде бириктирилген иштер | Анын ичинде кайрылуудан айрым талаптар аныкталды | Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Кайрылуулардын саны | Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Кароо стадиясында | Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин арызданууччу өзү кайтарып алды | Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Чыккан токтомдор: Өндүрүшкө кабыл алынды | Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Чыккан токтомдор: Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | Судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Кароосуз кайтаруу | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Кайрылуулардын саны | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Кароо стадиясында турат (30 ж.к.) | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Кайтарылды | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Өндүрүшкө кабы алуудан баш тартылды | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: КП ВС КР ЖС КП актыларына түшүндүрмө берилди | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Алардын ичинен өндүрүшкө кабыл алынганы: Чечимдер, кругундулар кабы алынды | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Алардын ичинен өндүрүшкө кабыл алынганы: Өндүрүштө (5 ай.) | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Алардын ичинен өндүрүшкө кабыл алынганы: Кыскартылды | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Алардын ичинен өндүрүшкө кабыл алынганы: Токтото турулду | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: Алардын ичинен өндүрүшкө кабыл алынганы: Кароосуз калтырылды | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: анын ичинде бириктирилген иштер | Өткөн жылдагы кайрылууларды кароонун жыйынтыктары: анын ичинде кайрылуудан аныкталган талаптар | Өткөн жылдагы судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Даттануулардын саны | Өткөн жылдагы судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Кароо стадиясында | Өткөн жылдагы судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин арызданууччу өзү кайтарып алды | Өткөн жылдагы судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Чыккан токтомдор: Өндүрүшкө кабыл алынды | Өткөн жылдагы судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Чыккан токтомдор: Өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылды | Өткөн жылдагы судьялар коллегиясынын аныктамалары даттанылган: Кароосуз кайтаруу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Өтүнүч | Жеке жактар | 59 | 2 | | 50 | | 4 | 2 | 1 | | | | | 12 | 2 | | 1 | 8 | 1 | 7 | | | 1 | | 5 | | 1 | | 2 | | | | | | | | |
| | | Юридикалык жактар | 10 | | | 10 | | | | | | | | | 1 | | | | 1 | | 2 | | | 1 | | 1 | | | | | | | | | | | | |
| | | | 69 | 2 | 0 | 60 | 0 | 4 | 2 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 13 | 2 | 0 | 1 | 9 | 1 | 9 | 0 | 0 | 2 | 0 | 6 | 0 | 1 | 0 | 0 | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 2 | Сунуштама | КРнын Жогорку Кеңеши | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КРнын Жогорку Кеңешинин фракциясы (фракциялары) | 2 | | | 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КРнын Президенти | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КРнын Өкмөтү | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КРнын Премьер-министри | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | 2 | | | 2 | | | | | | | | | 1 | | | | 1 | | 1 | | | 1 | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Башкы прокурор | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени) | 2 | 1 | | | | | 1 | | | | | | | | | | | | 2 | | | 1 | 1 | | | | | | | | | | | | | |
| | | | 6 | 1 | 0 | 4 | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 3 | 0 | 0 | 2 | 0 | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 3 | Суроо-талап | КРнын судьясы (судьялары) | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**2-ТИРКЕМЕ**

## Кайрылуулардын субъекттери боюнча маалыматтар (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап) 31.12.2017-ж. абалы боюнча

| № п/п | Кайрылуунун субъекти | Жалпы саны |
|---|---|---|
| 1 | КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) | 2 |
| 2 | КР Башкы прокурору | |
| 3 | КР Жогорку Кеңеши | |
| 4 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | 2 |
| 5 | КР Өкмөтү | |
| 6 | КР Президенти | |
| 7 | КР Премьер-министри | |
| 8 | КР судьясы (судьялар) | |
| 9 | Физикалык жактар | 13 |
| 10 | Физикалык жак | 46 |
| 11 | КР Жогорку Кеңешинин Фракциясы (фракциялары) | 2 |
| 12 | Юридикалык жактар | 1 |
| 13 | Юридикалык жак | 9 |
| | **БАРДЫГЫ** | **75** |

## Кайрылуулардын предмети боюнча маалыматтар (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап) 31.12.2017-ж. абалына боюнча

| № п/п | Кайрылуулардын предмети | Жалпы саны |
|---|---|---|
| 1 | Ведомстволук актылар | |
| 2 | КР Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө КР Мыйзамынын долбоору | |
| 3 | Кыргыз ССР Президиумунун Жогорку кеңешинин Указы | |
| 5 | Конституциялык мыйзамдар | 10 |
| 6 | Кодекстер | 44 |
| 7 | Мыйзамдар | 23 |
| 8 | Убактылуу Өкмөттүн Декреттери | 1 |
| 9 | Өкмөттүн токтомдору | 11 |
| 10 | Жогорку Кеңештин токтомдору | 1 |
| 11 | Башка мамлекеттик органдардын актылары | 15 |
| 12 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актылары | 2 |
| 13 | Соттук актылар | 10 |
| 14 | Эл аралык келишимдер | |
| | **БАРДЫГЫ** | **117** |

### Кайрылуулардын региондор боюнча маалыматы (өтүнүч, сунуштама, суроо-талап) 31.12.2017-ж. абалы боюнча

| № п/п | Региондор | Жалпы саны |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | Таджикистан | |
| 3 | АКШ | |
| 4 | Германия | |
| 5 | Казахстан | |
| 6 | Бишкек ш. | 37 |
| 7 | Ош ш. | 2 |
| 8 | Баткен областы | |
| 9 | Жалал-Абад областы | 8 |
| 10 | Ысык-Көл областы | 5 |
| 11 | Нарын областы | |
| 12 | Ош областы | |
| 13 | Талас областы | 1 |
| 14 | Чүй областы | 20 |
| | **БАРДЫГЫ** | **74** |

### Кайрылуулардын гендердик белгиси боюнча маалымат 31.12.2017-ж. абалы боюнча

| Арызданууучунун түрү | Кайрылуулардын саны | Кайрылгандардын саны | анын ичинен | |
|---|---|---|---|---|
| | | | эркектер | аялдар |
| Физикалык жак (жарандар) | 46 | 46 | 38 | 8 |
| Физикалык жактар (коллективдүү кайрылуулар) | 13 | 88 | 30 | 58 |
| **Бардыгы** | **59** | **134** | **68** | **66** |

## 3-ТИРКЕМЕ

### *2013-2017-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткарылуусунун анализи*

Конституциялык палата түзүлгөндөн тарта (2013-жылы) жана 2017-жылдын 31-декабрындагы абалына карата 75 чечим жана 1 корутунду ка-был алынды, 31 чечиминде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча ченем жаратуучу органдарга тапшырма берилген.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 21 чечими аткарылган, 1 чечими Конститу-цияга өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу контролдон алынып, 9 чечими аткаруу стадиясында турат.

| | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынган чечимдер | Аткарылган чечимдер |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2013-жылдын 31-октябрындагы Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 42-беренесинин экинчи абзацын, 48-беренесинин экинчи абзацын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эмес деп табуу жөнүндө жарандар Ахмаджон Каримович Рахимовдун, Сатаркул Аскарович Мусабаевдин жана Камчыбек Кадыркулович Кудайбергеновдун өтүнүчтөрү боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 42 жана 48-беренелерине ушул Чечимдин 1-пунктун аткаруу иретинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду токтоосуз киргизүүсү милдеттендирилсин | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары А. Бекматов, А. Артыков, Г. Скрипкина жана К. Иманалиев «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун демилге кылышкан, аны Жогорку Кеңеш 2014-жылдын 19-июнунда кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2014-жылы 17-июлда кол койгон | Чечим аткарылды |
| 2 | 2013-жылдын 6-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза кодексинин 128-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулугун текшерүү жөнүндө жаран Орозобек Капарбекович Мадиновдун өтүнүчүнө байланыштуу иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул Чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы № 154 токтому менен жактырылган Мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү иштеп чыккан, аны Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 5-февралында кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 10-мартта кол койгон | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | 2013-жылдын 19-ноябрында «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик (аскерден тышкары) кызматтар жөнүндө» мыйзамынын 32-беренесинин 1-,4-,7-бөлүктөрү, 35-беренесинин 1-бөлүгү, 36-беренесинин 1-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулуктарын текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын судьяларынан келип түшкөн суроо талаптарынын негизинде козголгон иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» мыйзамына ушул чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары А. Баатырбеков, Э. Джумалиева, Э. Исаков, М. Тиленчиева «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорун иштеп чыгышкан, аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 4 | 2013-жылдын 26-ноябрында жарандар Асан Саматович Токтоналиевдин<br>жана Болотбек Сексенбешович Чокморовдун кайрылууларынын негизинде Кыргыз Республикасынын<br>Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Мыйзам чыгаруучу орган токтоосуз мамлекеттик кызмат орундарын саясий кызмат орундарына караштуу маселесин Конституциянын<br>талаптарына ылайык жөнгө салууга, ошондой эле саясий мамлекеттик кызматты өтүү тартибин жана саясий кызмат орундарын ээлеп турган адамдардын мамлекеттик-укуктук статусун аныктоого милдеттендирилсин | КР Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илими, маданият жана саламаттык сактоо боюнча Комитети тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тийиштүү мыйзам долбоорду иштеп чыгуу тапшырмасы берилген. Ушуга байланыштуу, КР ӨКмөт Аппараты көрсөтүлгөн Комитетти белгиленген Мыйзам долбоору 2015-жылга карата КР Өкмөтүнүн мыйзам долбоорлор иш чаралар планына киргизилген жана аны макулдашуунун тийиштүү процедураларынан кийин КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилет деп билдирген (*эскертүү: КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 13-февралындагы № 37-т буйругу менен бекитилген 2015-жылга карата КР Өкмөтүнүн Мыйзам долбоорлоо иштеринин планында бул пункт жок).*<br>Бирок бул мыйзам долбоору КР Жогорку Кеңешинин кароосуна келип түшө элe. Ушуга байланыштуу, КР Жогорку Кеңешинин көрсөтүлгөн Комитетинин 2015-жылдын 15-майындагы чечими менен КР Өкмөтүнө Конституциялык палатанын 2013-жылдын 26-ноябрындагы чечимин жүзөгө ашыруу боюнча ишти аягына чейин чыгаруу жана КР Жогорку Кеңешине 2017-жылдын 1-сентябрына чейин тийиштүү мыйзам долбоорун киргизүү тапшырмасы берилген. | ***Чечим аткарылган жок*** |
| 5 | 2013-жылдын 23-декабрындагы жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 282-беренесинин жана Жарандык процесстик кодексинин 209-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзамдарга ушул Чечимдин жүйөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталсын. | Жогорку Кеңеш 2013-жылдын 26-декабрында тиешелүү түзөтүүлөрдү жактырган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2014-жылы 4-февралда кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 2013-жылдын 27-декабрындагы жаран Андрей Михайлович Мироновдун жарандар Кушчубай Култаевич Султановдун, Ташкан Жумабаевна Насированын кызыкчылыгындагы, Таалайбек Джапарович Саатовдун жаран Гулайым Абдыганиевна Эркебаеванын кызыкчылыгындагы, Закир Сатарович Максутовдун кайрылуулары боюнча «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимден келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду мыйзам актыларына киргизсин | Жогорку Кеңештин депутаттары А. Бекматов, Б. Кутушев, Б. Торобаев жана А. Кочкарова «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган мыйзам долбоорун иштеп чыгышкан, аны Жогорку Кеңеш 2014-жылдын 26-декабрында кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2014-жылы 7-июлда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 7 | 2014-жылдын 13-январындагы жаран Мамасадык Абдыкалыковдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык процесстик кодексинин 34-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жазык, жазык-процесстик мыйзамдарына Конституциянын талаптарынан жана ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин | КР Жогорку Кеңешинин V чакырылышынын депутаттары О. Текебаев, Т. Туманов, Н. Никитенко, К. Абдиев, Г. Скрипкина, Т. Шайназаров жана Э.А-А. Кочкарова КР Жазык-процесстик кодексинин долбоорун демилге кылышкан, ал биринчи (26.06.2015-ж.) жана экинчи (29.06.2016-ж.) окууда кабыл алынган.<br>Азыркы учурда КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана КР Жогорку Кеңешинин Регламенти боюнча Комитетке жогоруда көрсөтүлгөн Жазык-процесстик кодексинин жазуу жүзүндө кабыл алынган сунуштарды эске алуу менен үчүнчү окууда кароо үчүн КР Жогорку Кеңешине киргизүү тапшырмасы берилген.<br>***Эскертүү:*** *Мамлекеттик органдардын кызмат адамдарын жазык куугунтугуна байланышкан КР ЖПКнын 34-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун ченемдик жобосунун конституциялуу эместиги жөнүндө Конституциялык палатанын тыянагы талашылып жаткан ченемдин прокуратуранын өзгөчө компетенциясы менен логикалык байланышта жасалган.* | Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизгендигине, тактап айтканда 104-беренеде прокуратура органдарынын укуктары аныкталгандыгына байланыштуу контролдон алынып салынды |
| 8 | 2014-жылдын 24-январындагы жаран Гулайым Абдыганиевна Эркебаеванын кызыкчылыгын жактаган Таалайбек Жапарович Саатовдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 131-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Жазык-процесстик кодекске ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин | Жогорку Кеңештин депутаттары О. Текебаев, Т. Туманов, Н. Никитенко, К. Абдиев, Г. Скрипкина, Т. Шайназаров жана Э.А-А. Кочкарова Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тиешелүү мыйзам долбоорун демилге кылышкан, аны Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | 2014-жылдын 7-февралындагы жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 384-беренесинин жана 387-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине ушул Чечимдин жүйөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталсын | Жогорку кеңеш Мыйзамды 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алды жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 10 | 2014-жылдын 19-февралында жаран И. Дженалиеванын кайрылуусунун негизинде 2008-жылдын 19-мартындагы №24 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Жарандык кодекстин 308-беренесине жана 2009-жылдын 30-мартындагы №103 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Эмгек кодексинин 234-беренесинин 2-бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөрдүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республиканын Өкмөтү токтоосуз ушул Чечимдин жүйөлөштүрүлгөн бөлүгүнөн чыгуучу тиешелүү мыйзам долбоорлорду иштеп чыгып жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин | 1) «Өндүрүштөн мунжу, кесиптик оору же башка ден соолугуна зыян келтирилгени үчүн кызматчыга керектөөчүлүк товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өсүшүн эсепке алуу менен зыяндын ордун толтуруунун суммасын индексациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 26-майында кабыл алынган жана ага КР Президенти 2016-жылдын 30-июнунда кол койгон.<br><br>2) «Өндүрүштөн мунжу, кесиптик оору же башка ден соолугуна зыян келтирилгени үчүн кызматчыга керектөөчүлүк товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өсүшүн эсепке алуу менен зыяндын ордун толтуруунун суммасын индексациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 9-февралындагы № 90 токтому кабыл алынган. | Чечим аткарылды |
| 11 | 2014-жылдын 5-мартындагы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар Болот Овматович Раяпов жана Муратбек Аланович Асановдун өтүнүчтөрү боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул Чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Конституциялык палатанын чечимин аткарууда Административдик-процесстик кодексти кабыл алууда мыйзам чыгаруучу судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссиянын чечимине даттануу тартибин караган (белгиленген Кодекстин 21-главасы).<br><br>«Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия жөнүндө» Мыйзамда Тартиптик комиссиянын чечимине даттануу тартибинин маселеси боюнча шилтеме ченем каралган (24-берене).<br><br>«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 26-беренеси «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» конституциялык Мыйзамы менен күчүн жоготту деп таанылган. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12 | 2014-жылдын 19-мартындагы жарандар Венера Ташмухамедовна Шаяхметованын жана Марита Давлетовна Шаяхметованын кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 28-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пункту жана 384-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Жазык-процесстик кодексинин 384-беренесинин 3-бөлүгүнө ушул чечимге ылайык толуктоо киргизүү сунушталсын | Жогорку Кеңеш Мыйзамды 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 13 | 2014-жылдын 4-июнундагы «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2013-жылдын 16-октябрында кабыл алынган № 192 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн сегизинчи абзацынын, 2-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар А.Ш. Осмонова жана А.А.Тагаевдин өтүнүчүнүн негизинде козголгон иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Жогорку Кеңештин депутаттары Б. Торобаев, А. Бекматов жана М. Абдылдаев мыйзам долбоорун демилге кылышкан, аны Жогорку Кеңеш от 2015-жылдын 21-январында кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 17-февралда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 14 | 2014-жылдын 9-июлундагы жаран Нурбек Акбарович Токтакуновдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Жазык-процесстик кодексине Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарынан жана ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин. | Жогорку Кеңеш мыйзамды 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алган жана Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 15 | 2014-жылдын 11-июлундагы «United Cement Group PLC» компаниясынын, «Эмгек Курулуш», «Ташкөмүр», «Пансионат «Витязь» «О.К.К.В.» жоопкерчилиги чектелген коомдорунун жана жарандар С.Л. Калимова, Б.А. Байгобылов, В.В. Баевдин жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-ноябрындагы №146 «Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан жер участогунун жана турак эмес жайларды улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 3-июнундагы №60 «Ташкөмүр» жоопкерчилиги чектелген коомун улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 12-августундагы №121 «Кант цемент заводу» ачык акционердик коомунун акцияларынын 13,21% улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 20-майындагы №48 «Пансионаты Витязь» жоопкерчилиги чектелген коомунун жер участогун жана объекттерин улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 19-июлундагы №99 «Аврора Грин» ден соолукту чыңдоочу-туристтик комплекстин объекттерин улутташтыруу жөнүндө» Декреттеринин, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 28-сентябрындагы №130 «Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн айрым декреттерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Декретинин 4-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Убактылуу Өкмөттүн Декреттери боюнча талаш-тартыш маселелерди бир убакыттын ичинде чечүүнү камсыз кылган укуктук механизмдерди жана мыйзамдуу менчик ээлеринин мүлктүк укугун калыбына келтирүү мүмкүндүгүн түзүп берсин | Конституциялык палатанын 2014-жылдын 11-июлундагы чечимин аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2014-жылдын 4-сентябрында № 378-р буйругу менен Кыргыз Республикасынын Вице-премьер-министринин жетекчилиги менен кызыкдар министрстволордун жана ведомстволорунун жетекчилеринен ведомство аралык комиссия түзүлгөн. Азыркы учурда комиссиянын мүчөлөрү улутташтыруу маселесине тиешелүү тигил же бул объектилердин материалдарын жана документтерин изилдеп жатышат. Андан тышкары,бардык изилденген документтердин дыкат талдоосу да жүргүзүлүүдө. Комиссия өткөргөн кеңешменин жыйынтыгы боюнча анын иштөө Регламенти, ошондой эле тиешелүү иш чаралар планы бекитилген. Кызыкдар министерстволор менен ведомстволорго тиешелүү тапшырма берилген. Бул маселе Вице-премьер-министрдин туруктуу контролунда турат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Убактылуу Өкмөттүн Декреттери боюнча талаш-тартыш маселелердин чечимин камсыз кылган регламентттөөчү укуктук механизмдердин ЧУА (Өкмөттүн токтомдору, чечимдери) долбоорлору иштелип чыккан жана ведомство аралык омиссияны кароосуна коюлган. Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн Декреттери менен улутташтырылган айрым объектилерин мурунку ээлерине кайтарып берүүнү караган ЧУА долбоорлору тиешелүү материалдары менен укуктук корутунду алуу үчүн Башкы прокуратурага жөнөтүлгөн. Бүгүнкү күндө Башкы прокуратурадан жооп келген жок. | ***Чечим аткарылган жок*** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 16 | 2014-жылдын 4-сентябрындагы «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3- бөлүктөрүнүн жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун өтүнүчү боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул Чечимден келип чыккан тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | Азыркы учурда Конституциялык палатанын чечимин аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңеши менен бирге түзүлгөн дин жаатындагы мамлекеттик саясатты реформалоо боюнча жумушчу топ Мыйзам долбоорун даярдаган жана расмий түрдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилет<br>Бирок бул мыйзам долбоору КР Жогорку Кеңешинин кароосуна түшө элек. Ушуга байланыштуу, КР Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо боюнча комитетинин чечими менен 2017-жылдын 30-январында КР Өкмөтүнө белгиленген мыйзам долбоорун иштеп чыгууну аягына чейин чыгаруу жана Кр Жогорку Кеңешинин кароосуна 2017-жылдын 1-мартына чейин киргизүү тапшырмасы берилген. | **Чечим аткарылган жок** |
| 17 | 2014-жылдын 24-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде депутаттык топторду түзүүгө жана алардын иш алып<br>баруусуна мүмкүнчүлүк түзгөн ченемдик жоболордун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жаран Э.А. Кочкарованын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Республика» жана «Ата-Журт» фракцияларынын кайрылуулары боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин. | Конституциялык палатанын чечимин аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Э.А.-А. Кочкарова, К. Абдиев, М. Абдылдаев, Б. Мамырова, Г. Скрипкина, К. Омурбеков, З. Бекбоев, Т. Левина, М. Сабиров жана К. Дыйканбаев, тиешелүү Мыйзам долбоорун даярдашкан, аны 2015-жылдын 18-июнунда Жогорку Кеңеш кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылы 28-июлда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 18 | 2014-жылдын 19-декабрындагы жаран Курманбек Белекович Иманалиевдин жана Юлия Алексеевна Богданованын жаран Куручбек Уялович Айталиевдин кызыкчылыгындагы кайрылуулары боюнча Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 339-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин | Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 29-июнунда Мыйзамды кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти ага 2015-жылы 7-августта кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 19 | 2015-жылдын 18-февралындагы жаран Данияр Асанович Сарбагишевдин кайрылуусунун негизинде 2013-жылдын 3-августундагы №182 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына ден соолугунун абалы боюнча альтернативдик кызматтан өткөн адамдарды прокуратура органдарына жана мекемелерине кызматка алуунун мүмкүндүгүн камсыз кылуучу өзгөртүүлөр менен толуктоолор киргизилсин. | Жогорку Кеңеш 2015-жылдын 26-июнунда Мыйзамды кабыл алган, Кыргыз Республикасынын Президенти ага 2015-жылы 28-июнда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 20 | 2015-жылдын 11-мартындагы жарандар Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Раимкул уулу Касымбектин, Жаманкул Жунусовдун жана Акин Усубалиевич Токталиевдин кайрылуусунун негизинде «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кээ бир ченемдик жоболорунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул Чечимдин жүйөлөөчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин. | Г.Скрипкина жана Н.Никитенко аттуу депутаттар «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорун демилге кылышкан, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 15-июнунда кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Президенти ага 2016-жылы 27-июлда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 21 | 2015-жылдын 8-апрелиндеги жарандар Дастан Далабаевич Бекешовдун жана Улукбек Бактыбекович Турдубековдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 228-беренесине эскертүүнүн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 21-февралындагы №59 «Автомобилдин алдыңкы каптал айнектеринен көрүүнүн чектелишин - күңүрттөөнүн (жабуунун) болушун талап кылган атайын автотранспорт каражаттарынын тизмесин бекитүү жөнүндө» токтомунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин 228-беренесине ушул чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү толуктоолорду киргизсин. | Жогорку Кеңештин депутаты Д. Бекешов тиешелүү Мыйзам долборун демилгелеген, Мыйзам экинчи окуудан 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 30-июнундагы № 363 токтому менен кабыл алынган. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 22 | 2015-жылдын 10-июнундагы жарандар Айнур Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин жана Гульзар Абдыбековна Суталинованын кайрылуусуна байланыштуу «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши мыйзам чыгаруучу актыларга ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсин. | КР Өкмөтү «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзам долбоорун демилген кылган, ал КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-январындагы токтому менен жактырылган, КР Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 15-июнунда кабыл алынган, КР Президенти ага 2016-жылы 20-июлда кол койгон.<br>***Эскертүү:*** *КР белгиленген Мыйзамы менен «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмү алынып салынды (конституциялуу эмес деп таанылган).* | Чечим аткарылды |
| 23 | 2015-жылдын 14-сентябрындагы жарандар Нурбек Акбарович Токтакуновдун жана «Өкмөттүк эмес жана коммерциялык эмес уюмдардын ассоциациясы» юридикалык жактар уюмунун атынан Токтайым Джумаковна Умeuталиеванын «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 2-бөлүгүнүн 2-пунктунун, 3-беренесинин 3-абзацынын, 4-беренесинин 1, 2-пункттарынын, 5-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 6-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн, 7-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуулары боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин. | КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана КР Жогорку Кеңешинин Регламенти боюнча Комитетке тийиштүү мыйзам долбоорун иштеп чыгуу тапшырмасы берилген (11.02.2016-жылы). Азыркы учурда көрсөтүлгөн Комитет тарабынан тийиштүү мыйзам долбоору иштелип чыгып, демилге кылуу үчүн Комитеттин мүчөлөрүнө сунушталган. | ***Чечим аткарылган жок*** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 24 | 2015-жылдын 27-ноябрындагы жарандар Айнур Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин жана Гульзар Абдыбековна Суталинованын кайрылуусуна байланыштуу шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар каржылоону талап кылган шайлоо алдындагы үгүт иштерин талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар менен макулдашуу боюнча гана жана алардын шайлоо фонддору аркылуу жүргүзүүгө укуктуу деп белгилеген «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобонун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан маселеде укуктук күмөндүүлүктү жөнгө салышы керек. | «КР Президентинин 2013-жылдын 22-майындагы "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жөнүндө" Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Президентинин 2015-жылдын 11-декабрындагы Жарлыгына ылайык КР Президентинин белгиленген Жарлыгына курамы жаңыртылган жумушчу топко Конституциялык палатанын чечимдеринде белгиленген бардык тапшырмаларды эсепке алуу максатында бардык кызыкдар мамлекеттик органдар, саясий партиялар жана жарандык коомдун уюмдары менен кеңири талкуунун алкагында КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана КР Жогорку Кеңешинин Регламенти боюнча Комитетинин бөлүмү тарабынан «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталган. Андан тышкары, көрсөтүлгөн Комитет тарабынан КР шайлоолорун жана референдумдарын өткөрүү боюнча Борбордук комиссия жана КР Өкмөтү менен макулдашылган көз караш иштелип чыккан. | ***Чечим аткарылган жок*** |
| 25 | 2015-жылдын 16-декабрындагы жаран Айылчы Сарыбаевдын кызыкчылыгын көздөгөн Абилмажин Субанбековдун кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 378-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизсин. | КР Жогорку Кеңешинин депутаты Садык Шер-Нияз тарабынан «КР Эмгек кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзам долбоору демилге кылынган, ал КР Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 5-октябрында кабыл алынган, КР Президенти ага 2016-жылы 11-ноябрда кол койгон.<br>***Эскертүү:*** *бул түзөтүүлөр менен Эмгек кодексинин 378-беренесинин 4-бөлүгүндө «факультеттердин декандары,» деген сөздөр алынып салынды, алар көрсөтүлгөн чечимде чагылдырылган КР ЖС КПнын көз караштарына ылайык келет.* | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 26 | 2016-жылдын 27-январындагы жаран Жусупбеков Нурбек Исраиловичтин жана анын ишенимдүү өкүлү Исмаилов Жумабек Капаровичтин кайрылуусу боюнча «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн жана резолютивдик бөлүктүн 2-пунктунда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдеринен келип чыккан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин. | Бул маселе КР Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдуулук, мамлекеттик түзүлүш, соттук-укуктук маселелер жана КР Жогорку Кеңешинин Регламенти боюнча Комитеттин отурумунда каралган (11.02.2016-ж.) жана азыркы учурда тийиштүү жумуштар жасалууда. | ***Чечим аткарылган жок*** |
| 27 | 2016-жылдын 17-февралындагы Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун конституциялуугун текшерүү жөнүндө Н. Б. Кочкорбаеванын «Фармация» ачык акционердик коомунун кызыкчылыгындагы кайрылуусу боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ушул чечимдин жүйөлөөчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилсин | КР Жогорку Кеңешинин депутаты Г. Скрипкина тарабынан «Кр Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзам долбоору демилге кылынган, ал КР Жогорку Кеңешинде 2016-жылы 15-июнда биринчи окууда кабыл алынган. Азыркы учурда бул мыйзам долбоору экинчи окууга даярдалууда. | ***Чечим аткарылган жок*** |
| 28 | 2016-жылдын 2-ноябрындагы жаран Асанбек Камчынын кызыкчылыгын көздөгөн Сереж Мкртичевич Манукяндын кайрылуусуна байланыштуу «Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракет жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3-, 5-, 7-бөлүктөрүн, 22-беренесинин 1-5-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү толуктоолорду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизсин. | Азыркы учурда КР Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитетери тарабынан жумуштар жасалууда. | ***Чечим аткарылган жок*** |
| 29 | 2017-жылдын 17-февралындагы «Интерлизинг» ЖЧКнын кызыкчылыгын көздөгөн жаран К.Т. Шатмановдун кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 2- жана 7-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизсин | КР Жогорку Кеңеши 2017-жылдын 19-январында КР «Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзамын кабыл алып, 2017-жылдын 20-февралында КР Президенти кол койгон (Мыйзамдын реквизиттери: 2017-ж. 20-февралы № 27). | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 30 | 2017-жылдын 7-июнундагы жаран Замирбек Тургунбаевич Жоошевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнө тийиштүү өзгөртүү киргизсин | КР Жогорку Кеңеши 2017-жылдын 26-октябрында КР «Жазык-процесстик кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө» мыйзамын кабыл алып, 2017-жылдын 4-декабрында КР Президенти кол койгон<br>***Эскертүү:*** *КР ЖС КПнын аталган чечимине ылайык «ошондой эле» деген сөздөр КР ЖПК 92-беренесинин 2-бөлүгүнөн алып салынды.* | Чечим аткарылды |
| 31 | 2017-жылдын 5-июлундагы Бекболот Жыргалбекович Касаболотовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4- бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 5-бөлүгүнө тиешелүү өзгөртүү киргизсин | | ***Чечим аткарылган жок*** |

## 4-ТИРКЕМЕ

### Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылдагы УКУКТУК КӨЗ КАРАШТАРЫНЫН БАЗАСЫ

| № т/б | Чечимдердин/корутундулардын реквизиттери | Чечимдердин/Корутундулардын аталышы | Укуктук жоболор | Классификация |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2017-жылдын 18-январы | Икрамидин Назирович Айткуловдун жаран Алмазбек Толкунбаевич Абековдун кызыкчылыгындагы кайрылуусуна байланыштуу «ишти өз алдынча карап жаткан судьяга билдирилген баш тартуу судья тарабынан жекече чечилип,...»- деген сөздөр менен баяндалган Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 73-беренесинин 4-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнүн жогорудагы аталган эл аралык келишимдердин ченемдери менен өз ара байланыштагы мазмуну боюнча судьялардын алдын ала бекиген бир оюнун жана көздөгөнүнүн жоктугун болжогон бейтарап сотко болгон укук соттук коргонууга болгон укуктун ажырагыс сапаттарынын бири жана адилеттүү соттук териштирүүнүн зарыл шарты болуп эсептелет. | Соттук коргонууга болгон укук; адилеттүү соттук териштирүүгө болгон укук |
| | | | Судьядан баш тартуу - бул судья иштин аякташына жеке (тике же кыйыр түрдө) кызыкдар болгон же анын бейтараптуулугунда күмөндүүлүктү туудурган башка жагдайлар болгон учурда ишке ашырыла турган судьяны ишти кароого катышуудан четтетүү. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин аталган беренеси менен каралган негиздер боюнча судьядан баш тартууну билдирип жатып, судьянын жүрүм-турому бейтараптуу эмес, көз каранды, ал эми ишти кароого болгон мамилеси мыйзамдуу эмес экендигин далилдөө зарыл, тескерисинче, келтирген жагдайлар далилденбесе, судья бейтарап болуп саналат. | Судьядан баш тартуу |
| | | | Бул сыяктуу ченемдер, судьядан баш тартууну канааттандырылышын жокко чыгарган чечимдер бул жарандар үчүн алардын укуктук абалын аныктоочу акыркы акт болуп саналбайт дегенди билдирет да, чечимдин негизине коюлган фактыларды кийин да соттук текшерүүдөн өткөрүү мүмкүнчүлүгүн карайт. Натыйжада мындай чечимдер соттук контролдун алкагында болот да, ошону менен жарандардын да сот адилеттигине болгон акысы чектелбейт, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5- бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келет. | Судьядан баш тартуунун канааттандырылышын жокко чыгарган соттун чечимдери |
| 2 | 2017-жылдын 15-февралы | Жарандар Чынара Насеровна Джакупбекова, Таалайкуль Аскаралиевна Токтакунова жана Амангелди Мурзатович Молдобаевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 328-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Соттук коргоо бардык башка конституциялык укуктар менен эркиндиктерге карата камсыздоокалыбына келтирүү функциясын аткаруучу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин мамлекеттик коргоонун универсалдуу укуктук каражаты болуп саналат. Бул укуктук каражат сот бийлигин алып жүрүүчүсү – сот бийлигинин жана судьянын көз карандысыздыгынын шарттарында гана таасирдүү жана натыйжалуу боло алат. Так ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясында судьялардын көз карандысыздык принциби баса белгиленген. | Соттук коргонууга болгон укук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | 2017-жылдын 15-февралы | Жарандар Чынара Насеровна Джакупбекова, Таалайкуль Аскаралиевна Токтакунова жана Амангелди Мурзатович Молдобаевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 328-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Судьялардын көз карандысыздык принцибинин мааниси судьяларга Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийүү менен чечимдерди эркин кабыл алуу жана кандайдыр бир чектөөсүз, башкалардын таасирисиз, кысымсыз, коркутуусуз, ким тарабынан жана кандай гана себептер менен болбосун түз же кыйыр кийлигишүүсүз иштөөгө реалдуу мүмкүнчүлүк берген шарттарды камсыз кылууга умтулууда турат. | Судьялардын көз карандысыздык принциби |
| | | | Ошону менен бирге, сот бийлигин алып жүрүүчү катары сот бийлигинин жана судьянын көз карандысыздыгы судьянын жеке артыкчылыгы катары каралбашы керек. Ал судьялардын сот адилеттигин жүзөгө ашыруу ишмерлигине кандайдыр болбосун кийлигишүүгө каршы кепилдик болуп саналат жана судьяларга адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча жүктөлгөн милдеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүн берүү зарылдыгы менен акталган. Судьянын көз карандысыздыгы, ошондой эле коомдук кызыкчылыктарды, биринчи кезекте сот адилеттигинин кызыкчылыктарын коргоо каражаты болуп кызмат кылат жана судьялардын өздөрүнүн кесиптик милдеттерин аткаруусундагы, мыйзамдарды жана судьялардын кесиптик жүрүм-турум эрежелерин сактоосундагы жогорулатылган жоопкерчиликти жокко чыгарбастан гана, дал ошолорду болжойт. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясы сот адилеттигинин коомдук-укуктук максаттарын жүзөгө ашыруучу судьяларга өзгөчө квалификациялык жана башка талаптарды бекитет, ошондой эле мыйзам чыгаруучуну судьяларга карата алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушунун жана жазык жоопкерчилигине тартылышынын өзгөчө тартибин бекитүүгө милдеттендирет (94-, 95-, 97-беренелер). | Судьялардын көз карандысыздык принциби |
| | | | Судьялардын көз карандысыздыгынын кепилдиги катары судьяга кол тийбестик принцибинин укуктук мазмуну анын инсандыгына кол тийбестигин, ал ээлеп турган турак жай менен кызматтык бөлмөлөрүнүн, ал колдонуп жүргөн жеке жана кызматтык унаа каражаттарынын, ага таандык документтердин, жүктүн жана башка мүлктүн кол тийбестигин, кат алышуу жана башка корреспонденциянын сырын (судьялардын телефон сүйлөшүүлөрүн, почта жана башка кабыл алуучу-жөнөтүлүүчү билдирүүлөрдү) камтыйт. Судьянын кол тийбестиги анын мыйзам менен бекитилген жоопкерчилик иммунитетин дагы болжойт.<br><br>Бирок, жетиштүү негиздердин болуусу жана мыйзамдардагы белгиленген процедураларды сактоо менен судья жазык жоопкерчилигине да, башка жоопкерчиликке да тартылышы мүмкүн. Андан тышкары, кылмыш жасаган судьяны жазык же башка жоопкерчиликке тартуунун мүмкүн эместиги, судьялардын кол тийбестик принцибин бурмалоого, ошондой эле бийликтин кылмыштарынан жана кыянатчылыктарынан жабыр тарткандардын укуктары менен эркиндиктеринин бузулуусуна алып келмек | Судьялардын көз карандысыздык принциби |
| | | | Судья үчүн, эгерде соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү менен, бул пикирлер же чечимдер кылмыштуу кыянаттык кылуунун жыйынтыгы деп табылбаса, сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө айтылган же кабыл алынган пикирлер же чечимдер үчүн бардык жоопкерчилик алынып салынат | Судьялардын көз карандысыздык принциби |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | 2017-жылдын 15-февралы | Жарандар Чынара Насеровна Джакупбекова, Таалайкуль Аскаралиевна Токтакунова жана Амангелди Мурзатович Молдобаевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 328-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Соттук актынын атайылап сот адилеттигине жатпагандыгы, жекече, андагы иш боюнча аныкталган жагдай-шарттарды атайылап бурмалоо, жосунду мыйзамга каршы квалификациялоо, жумшактык да жана катаалдык да байкалган анык адилетсиз жаза берүү, мыйзамсыз соттоо же актоо, жарандык доону негизсиз канааттандыруу же андан баш тартуу, материалдык жана процесстик мыйзамдын талаптарын одоно бузуу жана атайылап кабыл алынган соттук актынын мүнөзү даана көрүнгөн башка учурларда чагылдырылышы мүмкүн.<br><br>Ошону менен бирге талашылган ченем боюнча, эгер сот адилеттигине жатпаган актылар материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин колдонууда атайылап эмес ката кетирүүнүн натыйжасында, ошондой эле тиешелүү соттук актыны кабыл алуудагы тыянактарга таасир этken иштин далилдерин жана башка материалдарын баалоо учурунда сот адилеттигине жатпаган сот актылары чыгарылган болсо, судьянын (судьялардын) аракеттери квалификацияланышы мүмкүн эмес. | Сот адилеттигине жатпаган соттук актыны чыгаруу |
| | | | Кылмыш жасагандыгы тууралуу негиздүү шектенүүлөр болгондо, колдонуудагы мыйзамга ылайык судьяга карата жазык ишин козгоо, судьянын ишине кийлигишүү жана анын көз карандысыздыгы принцибин бузуу болуп эсептелбейт. | Судьяга карата жазык ишин козгоо |
| | | | Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу процессинде жасаган жосуну үчүн судьяга карата жазык куугунтугун жүргүзүүдө соттук актылардын милдеттүүлүк принциби, алардын Кыргыз Республикасынын бардык аймагында кыйшаюсуз аткарылуусу жана алардын мыйзамда каралган атайын процедураларда соттук тартипте гана жокко чыгарылуусу сөзсүз эске алынышы керек. Мыйзамдуу күчүнө кирген, жокко чыгарылбаган жана өзгөртүлбөгөн соттук акт сот адилеттигине жатпаган акт катары каралышы мүмкүн эмес, анткени жогору турган соттук инстанция тарабынан бул соттук 13 актынын мыйзамдуу эместиги жана негизсиздигинин белгиленген тартипте ырасталбагандыгы, анын сот адилеттигине туура келерин болжойт. | Сот адилеттигине жатпаган соттук актыны чыгаргандыгына байланыштуу судьяга карата жазык куугунтугун жүргүзүү |
| | | | Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 328-беренеси боюнча квалицияланган кылмыштын белгилери боюнча судьяга карата Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору менен жазык иштин козголушу, эгерде судья чыгарган соттук акт жогору турган соттук инстанция тарабынан жокко чыгарылбаса же өзгөртүлбөсө, муну соттук эмес органдын соттук актыга баа берүү мүмкүнчүлүгү катары эсептөө зарыл, демек, ал конституциялык орнотмолор менен тыюу салынган сот адилеттигин жүзөгө ашыруу ишмерлигине кийлигишүү болуп саналат (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 94-беренесинин 3-бөлүгү). | Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан сот адилеттигине жатпаган актыны чыгаргандыгына байланыштуу судьяга карата жазык иштин козголушу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | 2017-жылдын 15-февралы | Жарандар Чынара Насеровна Джакупбекова, Таалайкуль Аскаралиевна Токтакунова жана Амангелди Мурзатович Молдобаевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 328-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Судьялардын кол тийбестик принцибин эске алганда жана ага ылайык сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө судьялар айткан пикири же чыгарган чечими үчүн жазык жана башка жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн эмес экенин билип, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу 14 Тартиптик комиссия конкреттүү соттук акт сот адилеттигине жатканын же жатпаганын өз алдынча аныктоого акысы жок, б.а. анын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн баалоого, анын ичинде материалдык мыйзам туура колдонулдубу же процесстик эрежелер сакталдыбы деген көз караштан баалоого акысы жок, – мындай текшерүү иши процесстик мыйзамдарда бекитилген атайын процедурада, тактап айтканда ишти апелляциялык, кассациялык жана көзөмөл инстанцияларындагы соттор менен кароо аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.<br><br>Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия жазык иштин бардык жагдай-шарттары соттук териштирүүнүн жүрүшүндө тике изилденген жыйынтыктар боюнча токтом кылуучу өкүмдө гана болушу мүмкүн болгон (анын ичинде жазык жоопкерчилигине тартылган адамдын күнөөлүүлүгү жөнүндө) тыянактарды өз чечиминде жасоого акысы жок, тактап айтканда жазык процессинин кийинки стадияларында далилдөө предметине айлана турган маселелерди чечүүгө акысы жок. Судьяны жазык жоопкерчилигине тартууга макулдугун берүү жөнүндө чечим кабыл алуу ыйгарым укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия, эгерде жогору турган соттук инстанциянын текшерүүсүнүн жүрүшүндө тиешелүү мыйзам бузуулары аныкталбаган болсо, өзүнө сот адилеттигин жүзөгө ашыруу иш-милдеттерин ала албайт, судьялардын конкреттүү иштерди кароодо жасаган тигил же бул процесстик аракеттерин жана алар кабыл алган чечимдеринин мыйзамдуулугуна баа бере албайт. | Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартиптик комиссия судьяны жазык жоопкерчилигине тартууга макулдугун берүү |
| 3 | 2017-жылдын 17-февралы | Жаран Куватбек Тунгучбекович Шатмановдун «Интерлизинг» жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгындагы кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 2 жана 7-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Соттук коргонууга болгон укук – бул жеке сотко гана кайрылуу укугу болбостон, мыйзамдарда бекитилген критерийлерге ылайык бузулган укуктар менен эркиндиктерди калыбына келтирүү формасында алынган чыныгы соттук коргоо мүмкүндүгү да эсептелинет, алар ченемдик формада конкреттүү иш кайсы сотто жана кандай тартипте каралууга тийиш экендигин аныктайт, бул процесстин катышуучуларына жана башка кызыкдар тараптарга бул маселедеги укуктук күмөндүүлүктөн чыгып кетүүгө мүмкүнчүлүк берери келип чыгууда. | Соттук коргонууга болгон укук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | 2017-жылдын 17-февралы | Жаран Куватбек Тунгучбекович Шатмановдун «Интерлизинг» жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгындагы кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 2 жана 7-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Салык укуктук мамилелер алкагында мыйзамдар талаштардын сотко чейинки каралуусун бийликке ээ болбогон субъектинин милдеттүү баскычы болгон административдик-юрисдикциялык органга даттануу менен кайрылуусун андан ары сот органдарына кайрылуу үчүн зарыл болгон баскыч катары карайт. Талаштарды чечүүнүн мындай усулунун негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирет: экономикалык, юридикалык жана убакыт чыгымдарын кыскартууга алып келген кайрылуу субъектинин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоонун натыйжалуу механизмин түзүү; административдик иштерди кароодо элдик бийликтин аткаруу органдарынын кадырын, кесипкөйлүгүн жана ыкчамдуулугун көтөрүү, ошондой эле аталган иштер боюнча соттордун жүгүн азайтуу | Салык талаштарды сотко чейинки жөнгө салуу |
| | | | Талаштарды чечүүнүн административдик усулу укуктук мамилелер субъектилерине талаштарды сотко чейинки жөнгө салууну пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет жана укуктук коргоонун кошумча каражаты болуп саналат. Ошону менен, мыйзам чыгаруучу тарабынан салык төлөөчүлөрдүн укуктарын коргоонун мындай усулун пайдалануусу аларды соттук коргонууга болгон конституциялык укугунан ажыратпайт, анткени Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 7-бөлүгү салык төлөөчүгө ыйгарым укуктуу салык органынын чечимине соттук тартипте даттануу мүмкүндүгүн берет. | Салык талаштарды сотко чейинки жөнгө салуу |
| | | | Кодулабоо конституциялык принциби негизделбеген мүнөзгө ээ ар кандай кайрылууларга тыюу салууну болжолдойт, ал инсандын укуктук статусунун ар кандай элементтеринин тармагындагы аныкталган белгилер боюнча ишке ашырылат. Бул принцип бир гана укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашырууга жайылтылбастан, милдеттенмелерди, жоопкерчиликти жүзөгө ашырууга, укуктар менен эркиндиктердин юридикалык кепилдиктерине да жайылтылат. Укуктар менен эркиндиктерди ишке ашыруу учурунда кодулоонун бардык формасынан коргоого кепилдик берген теңдиктин конституциялык принцибин кармануу, башкалардан тышкары, бир эле категорияга кирген адамдардын укуктарындагы айырмачылыктарды киргизүү дегенди түшүндүрөт, аларда объективдүү жана акыл-эстүүлүк актануу жок. | Кодулабоо принциби |
| | | | Укуктук мамлекет – бул укук үстөмдүүлүккө ээ болгон коомдун уюштурулган формасы, ал эми мыйзамдуулук режими сот менен камсыз кылынат, ал мамлекеттик бийликтин укук менен чектелүүсүн болжойт. | Укуктук мамлекет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | 2017-жылдын 22-февралы | Жарандар Улукбек Бактыбекович Турдубековдун жана Дастан Далабайевич Бекешевдин кайрылуусуна байланыштуу «Нотариат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин төртүнчү бөлүгүнүн экинчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Мыйзам алдында баары бирдей деген теңдиктин конституциялык принциби эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле адамдын жана жарандын коомдук жана жеке турмуштун ар кандай жаатында укуктук мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин бузууга алып келүүчү башка жагдайлары боюнча кандайдыр бир айырмачылыкты жокко чыгарууну же артыкчылык берүүнү мыйзам болжобойт (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренеси) | Мыйзам алдында баары бирдей деген теңдик принциби |
| | | | Коргоого кепилдик берүүчү теңчилик принцибин сактоо башка нерселерден тышкары объективдүү жана аң- сезимдүү актанууга ээ болбогон бир эле категорияга кирген адамдардын укуктарына ушундай айырмачылыктарды киргизүүнү түшүндүрөт; укук субъекттери тең укуктуу шарттарда тең укуктуу абалда болушу керек, эгерде шарттар бирдей эмес болсо, мыйзам чыгаруучу аларга ар түрдүү укуктук макам коюшу керек | Мыйзам алдында баары бирдей деген теңдик принциби |
| | | | Формалдуу түрдө тең укуктуу субъекттерге бирдей мамиле жасоону камтыган конституциялык принцип ар кандай категорияларга таандык болгон адамдарга бирдей кепилдиктерди берүү зарылчылыгын шарттабайт, ал эми мыйзам алдындагы теңчилик, анык айырмачылыктары жана алардын мыйзам чыгаруучу тарабынан эске алынуу зарылчылыгын жокко чыгарбайт.<br>Буга ылайык мыйзам чыгаруучу аткарылган иш милдеттери, корголуп жаткан кызыкчылыгы укуктуу жана өлчөмдөш жалпы маанидеги конституциялык максаттарга ылайык келген башка кырдаалдарга карата белгилүү субъекттер үчүн жалпы тартиптин ичинен айрым жоболорду алып салууга жана кандайдыр бир жеңилдиктерди киргизүүгө укуктуу | Мыйзам алдында баары бирдей деген теңдик принциби |
| | | | Нотариаттын коомдук-укуктук ишмерлиги укуктук жүзөгө ашыруучулук, укук коргоочулук, фискалдык жана нотариалдык иш милдеттер аркылуу жүзөгө ашырылат. Нотариалдык аракеттер жасалып жаткан жарандын укуктук мамилелердин катышуучуларынын укуктук жүрүм-турумунун тиешелүү укуктук шарттарды камсыз кылуусу - нотариалдык аракеттердин катышуучуларынын ишмерлигинин укуктук жүзөгө ашыруучулук ишмерлиги болуп саналат. Нотариаттын укук коргоочулук иш-милдети аны коомдук-укуктук институт катары ордун чагылдырат, ал жарандык мамилелердин катышуучуларынын юридикалык аракеттеринин мыйзамдуулугун жана укук ченемдүүлүгүн камсыз кылат, жарандык болобу, жазык болобу укук бузуулардын деңгээлин азайтат.<br>Нотариаттын фискалдык иш-милдети анын коомдук-укуктук табиятынан жана нотариаттын бир катар мамлекеттик милдеттерди чечүүгө көмөктөшүү зарылдыгынан келип чыгат. Нотариустар ыйгаруу келишимдерин жана мураскерлик укугу жөнүндө күбөлүктөрдүн берилүүсүн ырастоо жөнүндө салык органдарына маалымат берүүгө милдеттүү, ушул иш-милдети менен нотариустар мамлекетке тиешелүү салыктарды алуу максатында бул жарандык актыларга көзөмөл жүргүзүүгө жардам берет.<br>Нотариалдык иш-милдет юридикалык мааниси болгон фактыларды жана актыларды так белгилөөнү, ошондой эле бул каражаттардын далилдүү күчүн сактоону негиз кылат.<br>Нотариат жарандык юрисдикциянын органы катары, юрисдикциялык иш-милдетти да аткарат. Бул жерде ал юрисдикциялык ишмерликтин бардык төмөнкү формаларын аткарат: ыкчам-аткаруучулук, укук белгилөөчүлүк, 10 ошондой эле айрым учурларда жарандык укуктардын мажбурланып жүзөгө ашырылуусу боюнча укук колдонуучулук дагы | Нотариаттын иш-милдеттери |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | 2017-жылдын 22-февралы | Жарандар Улукбек Бактыбекович Турдубековдун жана Дастан Далабайевич Бекешевдин кайрылуусуна байланыштуу «Нотариат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин төртүнчү бөлүгүнүн экинчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Нотариус жасаган аракеттер жарандык укуктук мамилелердин субъектилери үчүн өзгөчө маанилүү, жана мындай аракеттер жогорку деңгээлдеги кесипкөй, сабаттуу, жоопкерчиликтүү жана коом тарабынан сөзсүз ишеним арттырган адамдар тарабынан жасалат деп түшүнүлөт. Ошон үчүн мыйзам чыгаруучу мыйзамдуулукту жана чектелбеген чөйрөнүн укуктары менен кызыкчылыктарын бирдей коргоо ишин камсыз кылып, атайылап жасаган кылмыштары үчүн соттуулугу бар адамдар, анысы алынып салындыбы же жоюлдубу ага карабастан нотариус болуп иштөөсү үчүн чектөө белгилеген | Нотариалдык аракеттерге чектөө |
| | | | Адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин чектөө учурунда Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген шарттарды катуу сактоону талап кылат, алар: чектөө аныкталган укуктук формада – мыйзам формасында берилиши керек; эгер Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлүп аныкталган максаттарга кызмат кылса, чектөөгө жол берилиши мүмкүн; чектөө аталган баалуулуктарды коргоо жана белгиленген максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон чекте гана мүмкүн.<br><br>Чектөөлөрдүн принциптерин, максаттарын жана юридикалык формаларын, башкача айтканда, укугу менен эркиндиктерин чектөөнүн негиздерин (жалпы шарттарын) орнотуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандардын укугун жана эркиндигин мамлекет тарабынан билемдикке салынып жасалуучу аракеттерден коргойт, ошол эле учурда коомдук кызыкчылыктарды коргоо үчүн алардын чектелишин мамлекетке милдеттендирет | Адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин чектөө |
| | | | Атайылап жасаган кылмыштары үчүн соттуулугу бар адамдар, анысы алынып салындыбы же жоюлдубу ага карабастан нотариалдык ишмерликке чектөө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү белгилеген башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу максаттарына өлчөмдөш болуп саналат. | Нотариалдык аракеттерге чектөө |
| 5 | 2017-жылдын 29-марты | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамасына байланыштуу «Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Жарандык конституциялык-укуктук маанисинде базалык элемент болуп саналат, анын негизинде адамдын мамлекетке саясий-укуктук таандыгы аныкталат, анын өзгөчө укуктук статусун таануу, өлкөнүн Конституциясы жана мыйзамдары менен аныкталган укуктар, эркиндиктер жана милдеттердин тобун ыйгаруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында жана андан тышкары мамлекеттик коргоону камсыз кылуу үчүн юридикалык негиздер пайда болот. | Жарандык тууралуу түшүнүк |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5 | 2017-жылдын 29-марты | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамасына байланыштуу «Терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Адам укуктары боюнча БУУнун Кеңешинин Адам укуктарынын жалпы декларациясынын беренелерине жасаган түшүндүрмөлөрүнө ылайык жарандыктан өзүм билемдикке салып ажыратуу мыйзамдын негизинде гана болушу мүмкүн. Бул мыйзамда жарандыктан ажыратуу менен байланышкан негиздер жана процедуралар так белгилениши керек дегенди билдирет. Ошону менен бирге жарандыктан ажыратуу негиздүү, акылга сыяр жана өлчөмдөштүк принципине шайкеш келиши керек. 15 Баяндалгандан улам, эл аралык укуктун ченемдери мамлекеттин демилгеси менен жарандыктан ажыратууга жол берери келип чыгууда | Эл аралык укукта жарандыктан ажыратуу |
| | | | Эл аралык укукта жарандыктан ажыратуу акыркы чара катары каралат, мамлекет аны улуттук мыйзамдарда так белгиленген жана улуттук соттор аркылуу колдонулуучу өзгөчө учурларда гана колго алышы мүмкүн. | Эл аралык укукта жарандыктан ажыратуу |
| | | | Кыргыз Республикасы дүйнөлүк коомчулуктун бир бөлүгү катары жалпыга таанылган принциптерди жана эл аралык укуктун ченемдерин карманышы керек, ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан өзүм билемдик менен ажыратууну жокко чыгаруу максатында конституциялык мыйзамда жарандыктан ажыратуунун так негиздерин, так регламенттелген процедурасын, жарандыктан ажыратуу маселесин чечүүдө юридикалык мааниге ээ фактылардын аныктоонун соттук тартибин кошуп кароо зарыл. | Жарандыктан ажыратуу |
| | | | Жарандыктан чыгуу адамдын ыктыярдуу эркине негизделүү менен адамдын өзүнүн демилгеси менен жарандыкты токтотуунун процедурасын козгоо болуп саналат | Жарандыктан чыгуу |
| | | | Жарандыктан ажыратуу – бул жарандын жүрүм-туруму мамлекеттин кызыкчылыктарына жана мыйзамдарына туура келбеген учурларда колдонулуучу санкциялык чара. | Жарандыктан ажыратуу |
| 6 | 2017-жылдын 19-апрели | «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн биринчи жана экинчи абзацтарынын, 17-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Соттук бийлик мамлекеттик бийликтин бир бутагы катары, укуктук, мамлекеттик жана коомдук турмуштун укуктук калыптануулары ар кандай бузуулардан, аларды ким жасаганына карабастан коргоого милдеттүү. Судьялардын аларга соттук бийликтин коомдук-укуктук милдеттерин аткаруусуна байланыштуу берилген конституциялык-укуктук статусунан 10 келип чыкканда, судьяларга жогорулатылган талаптар коюлат – жогорку профессионализм, компетенттүүлүк, жоопкерчилик, кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон тиешелүү даярдыктардын, билимдер жана көндүмдөрдүн болуусу. | Судьянын компетенттүүлүгү |
| | | | Судьялардын компетенттүүлүгү принцип, соттук тутумдун курулушу жана иштешинин негизги башаты катары каралат. Судьялардын укуктук квалификациясын талап кылуу көптөгөн эл аралык-укуктук документтерде бекитилген. Алсак, соттук органдардын көз карандысыздыгына тийиштүү БУУнун Негизги принциптеринде «соттук кызматка тандалган адамдар бийик моралдык сапаттар жана ыктарга, ошондой эле укук жаатында тиешелүү даярдык жана квалификацияга ээ болуусу керек» деп жар салынат | Судьянын компетенттүүлүгү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 2017-жылдын 19-апрели | «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн биринчи жана экинчи абзацтарынын, 17-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Судьянын укуктук даярдыгы, анын квалификациясы судьялык функциянын негизи болуп саналат. Бул судьялыкка талапкерди тандоону да, алардын андан ары кызматында көтөрүлүүсүн да аныктай турган принцип. Судьялардын даярдыгынын даражасына, укуктук компетенттүүлүгүнө алардын жумушунун тикелей натыйжасы катары – сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун жана соттук актыларды түзүүнүн сапаты, ошондой эле коомдун соттук бийликке болгон ишмениими көз каранды экени өзгөчө маанилүү. | Судьянын компетенттүүлүгү |
| | | | Милдеттердин өзгөчөлүгүнө жана ишмерликтин мүнөзүнө, иш-милдеттерге, мыйзам менен коомдун алдында жоопкерчиликтин деңгээлине жараша судьянын кызматы өзгөчө категорияга бөлүнүп чыгарылат деп көрсөтүлгөн. Ушуга байланыштуу, судьянын кызмат ордуна жогорулатылган талаптар коюлат, алар инсандык сапаттарына, квалификациясына жана жүрүм-турумуна жогорку стандарттарды белгилөө жана судьялык ыйгарым укуктарды тиешесинче аткарбоо үчүн жоопкерчиликти күчөтүү аркылуу чагылдырылат | Судьянын макамы; судьянын кызматына талаптар |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат ордуна талапкер адамдарга 11 талаптарды бекиткен (94-берене). Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 94-беренесинин 9-бөлүгүндө судьялардын кызмат ордуна талапкерлерге кошумча талаптарды конституциялык Мыйзам менен белгилөө мүмкүнчүлүгү каралган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын келтирилген диспозитивдик ченеминин мааниси боюнча мыйзам чыгаруучуга судьялардын кызмат ордуна талапкерлерге Кыргыз Ресубликасынын Конституциясында бекитилген талаптардан тышкары кошумча талаптарды белгилөөдө кеңири ыйгарымдар берилген. | Судьянын макамы; судьянын кызматына кошумча талаптар |
| | | | «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүндө камтылган укуктук компетенттүүлүк принциби мыйзам чыгаруучунун судьялардын өзгөчө статусун эске алып, аларга соттук бийликтин алып жүрүүчүлөрү катары квалификациясына жогорку стандарттарды жана башка талаптарды, анын ичинде даярдык деңгээли боюнча талаптарды коюшун болжойт. Бул судьялык квалификациянын деңгээли жогору болушу керек, башкача айтканда, ал судья иштеген чөйрөдө орточо деп саналган деңгээлден жогору, бирок процесстин катышуучуларынын кесипкөй өкүлдөрүнүн даярдык деңгээлинен төмөн болбошу керек дегенди билдирет. | Судьянын компетенттүүлүгү |
| | | | Соттук органдардын компетенттүүлүгү, көз карандысыздыгы жана калыстыгы адамдын укуктарын коргоо маселесинде чоң мааниге ээ, анткени башка бардык укуктарды жүзөгө ашыруу адилет соттун тиешелүү аткарылуусуна толугу менен көз каранды. | Судьянын макамы |
| | | | Мыйзам жана сот алдында баары тең деген конституциялык жобо укуктук мамлекеттин пайдубал башаттарынын бири. Бул конституциялык приципп биринчи кезекте жыныстык белгилерине, расасына, тилине, майыптуулугуна, этникалык таандыгына, дин тутуусуна, саясий жана башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына негизделген кандайдыр бир айырмалоону, жокко чыгарууну же артыкчылык берүүнү, ошондой эле адамдын жана жарандын коомдук жана жеке турмушундагы ар кандай чөйрөдөгү анын укуктук мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдигинин бузулуусуна алып келүүчү башка жагдайларды мыйзамда орнотууга жол бербөөнү болжогон кодулоого каршы мүнөздөгү талап катары түшүнүү керек (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренеси). | Мыйзам жана сот алдында баары тең принциби |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 2017-жылдын 19-апрели | «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн биринчи жана экинчи абзацтарынын, 17-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Эмгектенүү эркиндигине болгон укук ар бир инсандын субъективдүү укугу катары конституциялык-укуктук өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү менен алдын ала аныкталган жана мамлекет кепилдеген эркиндиктин белгилүү бир даражасын чагылдырат да, инсандын турмуш тиричилигинин негизги чөйрөлөрүнө тиешелүү болуп, жарандардын укуктары менен кызыкчылыктарын, маселен, өзүнүн эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого алардын жүзөгө ашыруу формасы болуп саналат. Жогоруда келтирилген конституциялык жободон улам жарандын белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, ал өзү тандаган иштин түрүнө жана кесибине ылайык конкреттүү жумушту аткаруу жана кимдир бирөөнүн мындай жумушту же кызмат ордун ага берүү милдети да келип чыкпайт. Эмгек эркиндиги ар бирине башка жарандар менен бирдей шарттарда жана өзүнүн эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланып, эч кандай кодулоосуз эмгек мамилелерин түзүүгө мүмкүнчүлүктү камсыздоону болжойт. | Эмгектенүү эркиндигине болгон укук |
| | | | Мамлекеттик бийлик органдарында тигил же бул кызматтарды ээлөөгө атайын тартипти мыйзамда белгилөө, маселен, адилет сотту жүзөгө ашыруу боюнча судьянын ишмерлигинин спецификасы менен шартталган судьянын кызмат ордун ээлөө үчүн билимине болгон талаптар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 42-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган эмгек эркиндигине болгон укуктуу чектөө катары каралышы мүмкүн эмес | Судьянын кызматына талаптар |
| | | | Судьяларга талапкер болом дегендер үчүн квалификациянын жогорку деңгээлин белгилөөдө бир гана критерий болушу керек – квалификация адилет соттун болушунча максималдуу жүзөгө ашырылуусуна, соттук иштердин сапаттуу каралашына көмөк болушу керек. Судьялардын квалификациясына талап соттук коргоонун натыйжалуу каржаттардын камсыздоого көмөктөшөт, коомдун сотко болгон ишениминин даражасын арттырат. Бул судьянын ишмерлиги көп сандаган укуктук актыларды колдонуу жана түшүндүрүү менен байланыштуу болуп шартталган. Ошон үчүн судья колдонуудагы мыйзамдарды эркин баамдап, ар кандай укуктук талаштарды кароого даяр болуу керек. | Судьянын компетенттүүлүгү |
| 7 | 2017-жылдын 24-майы | Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченеминин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ар кимге анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоогокепилдиктер берилет. Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун түзүүчүбөлүгү болгон Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 8-беренесинде,ошондой эле Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 2-жана 14-беренесинде айтылгандай, мамлекет соттук коргоо укугун ишкеашырууга милдеттүү, ал өз кезегинде адилеттүү, компетенттүү жанамайнаптуу болушу керек. | Соттук коргоо укугу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | 2017-жылдын 24-майы | Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченеминин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Соттук коргоо укугу бардык субъекттерге көз карандысыз жана калыссоттор тарабынан тараптардын атаандаштыгынын жана тең укуктуулугунун негизинде жүзөгө ашырылуучу сот адилеттигине эркин жана тең укуктуу жетишүүсүн камсыздайт, ошондой эле ар бир адамдын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын, анын ичинде соттук каталар маселелеринен дагы коргойт | Соттук коргоо укугу |
| | | | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасымыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларды кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүгү адамдардын укуктары менен эркиндиктерин натыйжалуусоттук коргоонун, ошондой эле сот адилеттиги жана соттук актылардынтуруктуулугу жана мыйзамдуулугу сыяктуу баалуулуктарды сактоонун зарыл шарты болуп саналат деп өзүнүн укуктук көз караштарында бир нече жолу белгилеген. | Соттук актыларды кайра карап чыгуу |
| | | | Соттук актыларды көзөмөлгө алуу тартибинде кароонун өзү бул катасы жок сот адилеттигин ишке ашыруунун кошумча кепилдиги болуп саналат жана соттук тажрыйбанын бирдиктүүлүгүн камсыздоодо маанилүү деп эсептелет, ошондой эле көзөмөл тартибинде ишти кароо -конституциялык укуктар менен эркиндиктерди соттук коргоонун кошумча механизми катары каралат. | Көзөмөл тартибинде ишти кайра карап чыгуу |
| | | | Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 374-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык жазык ишин көзөмөл тартибинде карап чыгууда сот көзөмөлдүк даттануулардын жана сунуштун жүйө далилдерине кайрылбайт жана жазык иши боюнча өндүрүштү толук көлөмдө текшерүүгө укуктуу. Бул өз кезегинде сот көзөмөл тартипте ишти кароодо жаңы далилдерди изилдебегенин, каралып жаткан иштин жагдайларынын алкагынан чыкпарын билдирет. Көзөмөл тартибиндеги өндүрүш – бул өзгөчө стадия, анткени ал бир гана биринчи жана экинчи инстанциядагы соттордун материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерин колдонуусунун тууралыгын, далилдерге туура баа берилишин, соттук чечимдердин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет. Жазык иши мурда апелляциялык жана кассациялык тартипте каралбаган болсо, анда даттануу жана сунуш менен чогуу жергиликтүү соттун тиешелүү инстанциясына карап чыгуу үчүн жөнөтүлүүсү тийиш.. | Көзөмөл тартибинде ишти кайра карап чыгуу |
| | | | Сот отурумдун убактысы жана орду жөнүндө бекитилген тартипте маалымдалган тараптардын келбей калышы, алардын соттук териштирүүгө түздөн-түз катышуу укугун жана башка процессуалдык укуктарын ишке ашыруудан баш тартууну күбөлөгөн өз эрктерин билдирүү болуп саналат. Ошондуктан мындай жагдай көзөмөл инстанцияда ишти маңызы боюнча кароого тоскоол болушу мүмкүн эмес. | Тараптардын келбей калышынын процессуалдык натыйжасы |
| | | | Соттук отурумдун убакыты жана орду жөнүндө талапка ылайык маалымдалган тараптар соттук отурумга келбей калган учурларда, соттун алардын келбей калуусунун себептерин конкреттүү фактылар менен ырасталган жагдайлардын негизинде жүйөлүү деп таануу укугу, ошондой эле соттук териштирүүнү тараптардын катышуусуз кароо укугу соттун өз алдынча жана көз карандысыз болуу принциптеринен келип чыгат. Сотту мындай ыйгарым укуктарынан ажыратуу анын процессти башкаруу боюнча алдыда турган маселелерин чечүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу дегенди билдирет. | Соттук териштирүүнү тараптардын катышуусуз кароо |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | 2017-жылдын 7-июну | Жаран Замирбек Тургунбаевич Жоошевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Адамдын негизги укугу катары эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктун маңызы - башка адамдардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын сактап турган шарттарда анын эркине каршы ага өз билемдик менен таасир этүүнү болтурбоодо турат. Адамга таасир этүүнүн чеги мындай таасир этүүнүн негиздерин, тартибин жана анын колдонулушун контролдоону мыйзамдарда бекитүү жолу менен мамлекет тарабынан аныкталат, ошондой эле кепилденет. | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугу |
| | | | Өзүнүн укуктук табияты боюнча кармоо – камакка, кайтарууга алуу сыяктуу эркиндиктен ажыратуунун формаларынын бири. Кармоонун милдеттүү шарты болуп адамды кылмыш жасады деп шектенүү болуп саналат, ал кылмыш үчүн эркиндиктен ажыратуу түрүндөгү жаза колдонулушу мүмкүн. Кармоо жазадан айырмаланып, алдын алуучулук чара, адамдын күнөөсү аныктала электе жана соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү болбогондо колдонулат. | Кармоо |
| | | | Эркиндиктен ар кандай ажыратуу мыйзамдын ченемдерине ылайык болуп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин маанисине жана духуна, тактап айтканда мамлекет тарабынан болгон өз билемдик аракеттерден адамды коргоого туура келиши керек. Жаранды бийликтин кыянаттык менен пайдалануусунан коргоо зарылдыгы көрсөтүлгөн конституциялык ченемдердин адамдарды эркиндигинен мыйзамдуу ажыратылышы мүмкүн болгон жагдайлардын чектелишин талап кылуусу менен шартталат, андай жагдайлар түзүлгөндө адамдар мыйзамдуу түрдө эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн, жана бул жагдайлар жеке эркиндиктин эң эле орчундуу кепилдигинде алып салуу фактыларын эске алганда тар түшүндүрмөгө ээ болушу керек. | Эркиндиктен ажыратуу |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктардын кепилдиктеринин жогорулатылган деңгээлин караштырып, бул укукту белгилүү максаттарда, мыйзамда белгиленген тартипте гана, зарыл болгон деңгээлде гана чектөө мүмкүнчүлүгүнө жол берет (20-берененин 2-бөлүгү, 24-берененин 1-бөлүгү). | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугу |
| | | | Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын, жарандын укуктарына жана эркиндиктерине чектөө коюуга мыйзам чыгаруучунун укугун аныктап жатып, ошол эле учурда ар бир адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укугу менен мамлекеттин жалпыга маанилүү конституциялык баалуулуктардын корголушун камсыз кылуу милдети ортосунда кызыкчылыктардын өлчөмдөш тең салмагын камсыздай турган укуктук механизмди иштеп чыгууну ага милдеттендирет (20-берене). | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укукту чектөө |
| | | | Жазык-процесстик мыйзамдын ченемдеринин мааниси боюнча кармоо процесстик мажбурлоо чарасы болуп эсептелет жана жоопкерчилик чарасы катары каралышы мүмкүн эмес, анткени ал шектүү болгон адам тарабынан укук бузуунун жасалышын болтурбоо үчүн колдонулат жана шектүү болгон адамды мыйзамда белгиленген мөөнөткө эркинен чектөө түрүндө колдонулат. Бул жерден кармоонун негизги максаты шектүү болгон адамдын алдын ала тергөөдөн, тергөөдөн жана соттон жашынып кетүү, иш боюнча чындыкты аныктоону оорлотуу, соттун өкүмүнүн аткарылышын камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюу болуп саналат. Аны колдонуу жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктар жаатына кыска мөөнөттүү кол салуу болот (24-берене). | Кармоо |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | 2017-жылдын 7-июну | Жаран Замирбек Тургунбаевич Жоошевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Жарандын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон конституциялык укугунан ажыратуу же чектөө башкача түшүндүрүүнү жокко чыгарган белгилүү мыйзамдуу негизде жана критерийлердин негизинде жүзөгө ашырылышы керек жана конституциялык, жазык-процесстик мыйзамдардын концептуалдык негиздерине ылайык келиши керек. | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укукту чектөө же ажыратуу |
| | | | Укуктук айкындык принцибине ылайык укуктук ченемдердин формалдуу айкындык, тактык, ачыктык, кош маанилүүлүккө жол бербеген жана колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутумундагы шайкештиги зарылдык менен шартталат, анткени укуктук ченемди бир өңчөй түшүнүү жана түшүндүрүү шартында гана укуктук айкындык камсыз болушу мүмкүн. Көрсөтүлгөн критерийлерге жооп бербеген мыйзам жоболору кайчылашкан укук колдонуучулук тажрыйбаны жаратат, аны ар кыл түшүндүрүү жана өз билемдик менен колдонуу мүмкүндүгүн түзөт, ошентип адамдын жана 15 жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн. | Укуктук айкындык принциби |
| 9 | 2017-жылдын 28-июну | Виктория Николаевна Евсюкова, Джамиля Эркеновна Эркенова, Дамира Мырзакуловна Закирова, Сеил Анаркуловна Анаркулова, Чынара Орунтаевна Кадырмахмедова, Асель Амантуровна Бейшееванын кызыкчылыгындагы Мирслан Амангелдыевич Мусуралиев жана Идрис уулу Мирландын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 28-декабрындагы Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунун «б» пунктчасынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Экономикалык эркиндикке болгон укук, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн ар кандай экономикалык ишмердүүлүк үчүн эркин колдонуу укугу абсолюттук мүнөздө болушу мүмкүн эмес, бул Конституциянын өзүнөн келип чыгат жана коомдук кызыкчылыктарды эске алуу зарылдыгын болжойт. Дал ушуга байланыштуу мыйзам чыгаруучу ага берилген дискрециянын алкагында экономикалык ишмердүүлүктө колдонулган мүлктүн кээ бир түрлөрү үчүн укуктук жөнгө салуунун режимин аныктоого укуктуу. Демек, менчик ээси эрк автономиясына ээ жана өз ыктыяры боюнча ага таандык мүлккө карата мыйзамга карама-каршы келбеген жана башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбаган иш аракеттерди жасоого укуктуу. | Экономикалык эркиндикке болгон укук, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн эркин колдонуу укугу |
| | | | Жаранга өзүнүн мүлкүн ар кандай экономикалык ишмерлик үчүн эркин колдонуу укугун бекитүү менен, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, бул укук мыйзамда тыюу салынбаган учурда гана берилиши мүмкүн деп белгилейт. Башкача айтканда, жарандардын мүлктү экономикалык максаттарда эркин колдонуунун конституциялык укугу улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында зарыл болгон деңгээлде чектелиши мүмкүн (20-берененин 2, 3-бөлүктөрү). Мында, бул конституциялык орнотмолор Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 29-беренесинин 2-бөлүгү менен шайкеш келет, ал жерде адам өзүнүн укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууда башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин керектүү деңгээлде таанууну жана урматтоону, демократиялык коомдогу адеп-ахлак жана коомдук тартиптин адилеттүү талаптарын канааттандырууну камсыздоо максатында мыйзамда белгиленген гана чектөөлөргө дуушар болушу мүмкүн деп аныкталган. | Экономикалык эркиндикке болгон укук, өз жөндөмдүүлүгү менен мүлкүн эркин колдонуу укугу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Эч ким жеке өзүнө, жубайына жана мыйзам менен аныкталуучу жакын туугандарынын чөйрөсүнө каршы күбө катары өтүүгө милдеттүү эмес. Мыйзам менен көрсөтмө берүү милдетинен бошотуунун башка учурлары да белгилениши мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын көрсөтүлгөн жобосу өзүнө же жакын туугандарына, башкача айтканда күбөнүн иммунитети бар адамдарга каршы көрсөтмө ыктыярдуулук жана диспозитивдик принциптердин сакталышы менен гана берилиши мүмкүн. | Жеке өзүнө, жубайына жана жакын туугандарына каршы күбө катары өтүүгө чектөө кепилдиги |
| 10 | 2017-жылдын 5-июлу | Бекболот Жыргалбекович Касаболотовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4-бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча чечими | Адамга күбө иммунитетин ыйгарып берүү адамдын, жарандын укуктары жана эркиндиктерин сакталышынын орчундуу шарттарынын бири болуп саналат, алардын катарына адамдын жана жарандын кепилдиктерин орноткон жана соттук процедуранын жардамы менен бузулган укуктарды калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн берген калыс соттук териштирүүгө болгон укук да кирет. | Күбө иммунитетине болгон укук |
| | | | Күбөнүн иммунитети мыйзам алдында баары бирдей деген принциптен өзгөчөлүк болуп саналат жана жазык иш боюнча белгилүү категориядагы адамдарга укуктук кол тийбестиктин өзгөчө укугун берүүдө жана аларга жазык иш боюнча көрсөтмө берүүдөн баш тартуу укугун ыйгарып берүүдө турат. | Күбө иммунитетине болгон укук |
| | | | Тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу жөнүндө конституциялык жобо сот процессинде тараптар болуп саналган соттук териштирүүнүн карама-каршы процесстик позицияларында болгон тараптары менен катышуучуларына тең укук берүү талаш-тартышты жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, аларга тең укуктук мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат жана ага ылайык соттук териштирүүдө чыныгы атаандаштыкка мүмкүндүк берет. | Тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулук принциби |
| | | | Шектүүнүн, айыпкердин жана соттолуучунун жакын туугандарынын ыктыярдуу күбөлүк көрсөтмөлөрүн пайдалануунун зарылдыгы айыптоо жана коргоо тараптарына бирдей укуктарды ыйгаруу жолу менен атаандаштык жана тең укуктуулук принциптерин жүзөгө ашыруу курамынын бири болуп саналат. Ошентип, шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун жакын туугандары иш боюнча өзүнө белгилүү болгон маалымат тууралуу көрсөтмө берүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылбашы керек. | Жакын туугандарынын ыктыярдуу күбөлүк көрсөтмөлөрү |

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Rule of Law

german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH